Пэм Муньос Райан

# Кыялкеч Эсперанса



Бишкек 2012

# Кыялкеч Эсперанса

Инв. N 2454

Pam Muños Ryan

# Esperanza Rising



SCHOLASTIC INC.
New York, Toronto, London, Auckland, Sydney,
México City, New Delhi, Hong Kong, Buenos Aires

83 Амер.
П 97
БД

Пэм Муньос Райан

# Кыялкеч Эсперанса

Айат
Бишкек - 2012

инв. № 2454
ирб. 3266
РБДЮ им. К. Баялинова
АМЕРИКА БОРБОРУ

УДК 821. III (73)
ББК 84.7
Р 18

*Басылма Америка Кошмо Штаттарынын Элчилиги тарабынан каржыланган. АКЫСЫЗ ТАРАТЫЛАТ.*

Пэм Муньос Райан
Р 18 Кыялкеч Эсперанса/Которгон Т.Абдиев. –Б.: Айат, 2012. – 216 б.

ISBN 978-9967-16-002-6

Эсперанса «Мексикадагы ранчомдо дайыма жыргап жашай берем, кооз көйнөктөрүм, келишкен үйүм толо кызматкерлер болот, атам менен Абуэлита жанымда болот» деп ойлочу.

Бирок күтүүсүз кырсыктан улам бейпил дүйнөсү быт-чыт болуп талкаланып, апасы экөө Калифорнияга барып, мексикалык талаа жумушчуларынын лагеринде жашоого аргасыз болду. Эсперанса оор жумушка, Улуу депрессиянын кыйынчылыктарына жана башка түшкөн жокчулукка даяр эмес болчу. Апасы ооруп, жакшыраак жумуш шарты үчүн өткөрүлгөн иш таштоо алардын жаңы жашоосуна коркунуч туудурганда, Эсперанса кыйын жагдайдан жол таап чыгууга мажбур болду, анткени апасы экөөнүн жашоосу ошого жараша болмок.

Р 4703040100 – 12

УДК 821. III (73)
ББК 84.7

ISBN 978-9967-16-002-6

ESPERANZA RISING
Copyright © 2000 by Pam Munoz Ryan. All rights reserved.
Published by arrangement with Scholastic Inc., 557 Broadway, New York, NY 10012, USA.
© Кыргызчага которгон Т.Абдиев, «Айат» басмасы, 2012
Китептин мукабасынын көркөмдөлүшүнө “Scholastic” басмасында жарыкка чыккан Пэм Райан Муньостун “ESPERANZA RISING” китебинин жасалгалоосу колдонулду.

*Таенем*
*Эсперанса Ортега Муньос Херналдес Элгарттын*
*жаркын элесине арнайм.*

*Редакторум Трейси Макка*
*мөмөнүн түшүшүн сабырдуулук менен*
*күткөнү үчүн себет-себет жүзүмдөр.*

*Өз окуяларын айтып берген*
*Озелла Беллге, Жесс Маккуеске*
*жана Хоуп Муньос Беллге розалар.*

*Баалап, жардам бергени үчүн*
*Исабел Шонго, доктор Летисиа Гуадаррамага,*
*Тереза Млауерге жана Масарена Саласка*
*жылмакай таштар менен жип куурчактар.*

*Aquel que hoy se cae, se levantará mañana.*

Бүгүн жыгылган эртең турат.

*Es más rico el rico cuando empobrece que*
*el pobre cuando enriquece.*

Кедейленген бай
байыган кедейден байыраак болот.

*Мексика макалдары*

## ҮМҮТ ШАМЫН ЖАНДЫРГАН КИТЕП

Жашоону таразалаганга алгачкы кадам жасап келе жаткан курак – өспүрүм курак эмеспи. Мына ошол курактагы кыз – Эсперанса – алдыңыздардагы китептин негизги каарманы. Автор Пэм Муньос Райандын чыгармасында жашоодогу адам жүрөгүн көкөлөткөн жакшы окуяларга, үмүттөргө да, ошондой эле тагдырдын кыйчалыш бурулган окуяларына, түркүн адамдардын мүнөзүнө да орун берилген. Кадыресе турмуштан, эң жакшы көргөн адамынан айрылуунун күйүтү, жашоону кайра сүйүү жана анын артынан дагы жаңы адамдар менен мамиле түзүп, турмуш арабасын тартуу – чыгарманын негизи. Мунун баарына себепчи – алдыда бүлбүл жанган үмүт чырагы. Эсперансанын үмүт менен жетеленип отуруп, дагы да жаңы мекенге, адамдарга сиңип, тамырлап кеткенге аракети сөзгө татырлык.

Китептин башында кыз атасы экөө жердин дем алганын укканга далалат кылышат. Жаңы мекенинде да ошол жердин демин, тирүүлүгүн угат. Чыгармада Эсперанса Мексикадан Америка Кошмо Штаттарына жер которуп барганга мажбур болгон кыз. Бирок, барган жерлери деле оңуп кетпеген эле. Ал учурда Америка өзү Улуу депрессиянын кучагында болчу. Ошентсе да бакыт издеп баргандар мөрөйүнө жетишти. Анын далили – Эсперанса жөнүндөгү китептин жазылышы. Деги эле "эсперанса" деген сөздүн өзү эле испан тилинде үмүт дегенди билдирет экен. Чыгарма үй-бүлө менен чогуу окуганга ылайыктуу. Эсперансанын таенесинин, энесинин кызына берген тарбиясы, энеси ооруп калганда өзүн жоготпой, кайра чыйралып ишке киришиши үлгү болорлук кадам. Бул китеп инсандык касиет-сапаттары калыптанып келе жаткан өспүрүм курак, секелек кыздар жана алардын энелери үчүн ылайыктуу. Кыздардын жакыны болуп, текчесинде кала турган чыгармалардан.

Китептин соңунда автор менен кененирээк таанышыш үчүн өмүр жолу жөнүндө маалыматтар, интервью кошулган.

*"Айат" басмасы*

## АГУАСКАЛЬЕНТЕС, МЕКСИКА
## *1924*

– Биздин жердин жаны бар, Эсперанса, – деди атасы кызын жайык төштөгү жүзүм бакта быйтыйган колунан кармап ээрчитип баратып.

Жүзүм бутактары түз жыгачтарга оролуп, бышкан шиңгилдер үзүлүп кетчүдөй болуп турду. Алты жашар Эсперанса атасы менен жүзүм бакта жүргөндү жакшы көрөт. Чалкалай салып атасын караса, жерди ичи эзилип карап туруптур.

– Бүт өрөөн дем алып, дем чыгарып жашап жатат, – деди атасы кароолчудай тизилген алыскы тоолорго колун жаңсап. – Ал бизге жүзүм берет, – деп атасы бутактардын арасынан саламдашар бекен дегенсип башбагып турган кичинекей бутакчаны назик сылап койду. Анан колуна жерден бир ууч топурак алып, кунт коюп карады.

– Билесиңби, кызым, жерге жатсаң, анын дем алганы сезилет. Жүрөгүнүн соккону да туюлат.

– Атаке, мен да сезгим келет, – деди ал.

– Анда, жүр.

Алар жөөктүн башына, чөп өскөн дөбөгө чыгышты.

Атасы жерге көмкөрөсүнөн жата калып, жерге кулагын төшөп, Эсперансага сен да жат дегендей көзүн ымдады. Кызы көйнөгүнүн этегин жыя кармап тизелей отура калды да, атасынын жанына сойлоп

барып жатып калды. Эсперансанын бир бетине күндүн табы уруп, бир бети жерге тийип ысып турду.

Ал кыткылыктап күлдү эле:

– Чүш-ш, унчукпай жат, ошондо гана угулат, – деди атасы.

Кыз күлкүсүн тыйып, жерге ого бетер жабышты, бирок эч нерсе угулган жок.

– Эч нерсе угулбайт го, ата.

– *«Aguántate tantito y la fruta caerá en tu mano»*[1], – деди атасы. – Сен сабырлуу болушуң керек, Эсперанса.

Кыз атасы менен тиктешип күтүп жатты.

Бир маалда жердин жүрөгү акырын согуп жатканын туйду. Анан катуулай баштады: дүк-дүк, дүк-дүк.

Адегенде денеси менен сезсе, эми кулагына да угула баштады: дүк-дүк, дүк-дүк.

Эсперанса атасынан көзүн албай, үн ката албай жатты. Үн чыгарса эле жанагы добуш жок болуп, өрөөндүн жүрөк кагышын экинчи жолу уга албачудай коркуп турду.

Кыз атасы менен өзүнүн деми жердикине сиңип кеткенче жерге ыктай берди. Эми үч жүрөк бир согуп калды.

Эсперанса атасын карап жылмайды – көз айтып турганда сөздүн кереги не.

Атасы да аны карап күлүмсүрөдү: «Билдим, Эсперанса, сен да сездиң».

---

[1] *Aguántate tantito y la fruta caerá en tu mano* – Күтүп турсаң, мөмө өзү колуңа келип түшөт. *(Мексика макалы)*

# *LAS UVAS*
# Жүзүм бак

*Алты жылдан кийин*

Атасы Эсперансага бычакты карматканда, ороктой ийилген кыска жыгач сабы колуна эп келе түштү. Салт боюнча түшүм жыйноону фермердин улуу баласы баштайт, бирок Эсперанса үйдүн жалгыз эрке кызы, атасынын сыймыгы болгондуктан, бул ишти ага беришти. Кечинде атасы бычакты курчутуп атканын көргөн, азыр тим эле жаландап турат.

– *Cuidate los dedos*[1], – деди атасы.

Агуаскальентесте (Мексикада) августтун бул күнү ачык, ысык болчудай. Ранчо де лас Росаста жашап, иштегендер: Эсперансанын үй-бүлөсү, узун ак алжапкыч байланган кызматчылар, малына дароо жөнөп кете турган атчан *вакейролор*[2], саман шляпалары менен бычактарын кармаган элүү-алтымыштай *кампесинолор*[3] талаа четинде турушту. Алар күндөн, чаң менен жөргөмүштөрдөн сактанып, узун жеңдүү көйнөк, кызыл ашыктан байланган

---

[1] *Cuidate los dedos (исп.)* – Абайла, колуңу кесип алба.
[2] *Вакейро* – малчы.
[3] *Кампесино* – талаа жумушчусу.

чалбар шым кийип, баштарына жоолук байлап алышкан. Эсперанса болсо, тескерисинче, үлбүрөгөн жибек көйнөк, бутуна жайкы туфли кийип, шляпасыз турду. Төбөсүнө байланган жазы атлас лентанын учтары узун кара чачтары менен ылдый төгүлөт.

Жүзүм шиңгилдери ширеге толуп бышып турган кез. Эсперансанын ата-энеси, Рамона менен Сиксто Ортега жанында. Субагай мүчөсү келишкен апасынын узун чачы таажы сымал башына түйүлгөн. Атасынын бир аз өскөлөң келген буурул чалган муруту жогору карай чыйратылган. Ал Эсперансага белги берип, колу менен жүзүмдү көрсөттү. Кыз илгери басып, ата-энесин карады эле, алар жылмая баш ийкеп сүрөмөлөштү. Анан ал жүзүмгө барды да, жалбырактарды ары жылдырып, шиңгилдин жоон сабагын этият кармап, бычак менен шылып жиберди эле, жүзүм шиңгили колуна толо түштү. Эсперанса жүзүмдү атасына алып келип берди. Атасы шиңгилди өөп, өйдө көтөрдү да, баарына көрсөттү.

– *¡La cosecha*! – деп кыйкырды ал. – Жүзүм бышыптыр!

– *Оле! Оле!* – Баары кубана кыйкырып, коштоп кетишти.

Жумушчулар бакка жайылып, жүзүм терип киришти. Эсперанса атасы менен апасынын колун кармап, жумушчуларга суктана карап турду.

– Ата, мен жылдын ушул мезгилин жакшы көрөм, – деди ал, ачык түстүү көйнөк кийген жумушчулардын жүзүм бактын ичинде жай жылып баратканын карап туруп. Калдыраган арабалар терилген жүзүмдү

чоң кампаларга алып баратышат, ал жерден убагы келгенде шарап заводго алып кетишет.

– Түшүм жыйналгандан кийин бирөөнүн туулган күнү, анан *фиеста*[1] – чоң майрам болот. Балким, ушундан улам болуп жүрбөсүн, ыя? – деп атасы жылмайганда, Эсперанса да жадырап күлдү. Жүзүм бышкан сайын ал бир жашка чоңоёт. Быйыл он үчкө чыгат. Үч жумадан кийин, жүзүм терилип бүткөндө, ата-энеси түшүм майрамын өткөрүп, анын туулган күнүн да белгилешет.

Эң жакын курбусу Марисоль Родригес да майрамга ата-энеси менен келет. Анын атасы коңшу *ранчодо*[2] жашылча өстүрчү. Үйлөрү бир нече акр[3] алыс болгонуна карабастан, кыздар ишемби сайын эки ранчонун ортосундагы дөбөнүн капталында өскөн эмендин түбүнөн жолугушуп турушчу. Майрамда башка курбулары Чита менен Бертина да болушу мүмкүн, бирок Эсперанса алар менен көп жолукчу эмес, анткени алар бир топ узак жерде турушат. Ыйык Франциско мектебинде окуу түшүм жыйналып бүтмөйүнчө башталчу эмес, ошондуктан Эсперанса курбуларын сагынып калды. Кыздар жолукканда бир эле нерсени – он бешке толгондогу *Куинсеанерасты*[4] – кыздардын бойго жеткен күнүн белгилөөнү сүйлөшүшчү. Ага чейин дагы эки жыл бар, бирок

---

[1] *Фиеста* – Латын Америкасындагы жана Испаниядагы салттуу элдик майрам.

[2] *Ранчо* – айыл чарба фермасы.

[3] *Акр* – жер өлчөмү, 0,405 га же 4046,86 $м^2$ге барабар.

[4] *Куинсеанерас* – кыздардын алгачкы балы.

сүйлөшө турган нерселер көп: узун ак көйнөктөр, алгач бара турган майрам-аземдер, алар менен бийлей турган бай үй-бүлөлөрдүн боз уландары. Элге аралашкан соң жигиттер жандай баштайт, анан бирөө менен баш кошуп, апалары сыяктуу бир ранчонун айымы болушат. Бирок Эсперанса турмушка чыккандан кийин да ата-энем менен калсам деп кыялданат. Анан калса Ранчо де лас Росастан башка жерде жашап каларын, тейлөөчү кызматчылары азыраак болорун, же болбосо аны ушунчалык сүйгөн адамдардын жанында болбой каларын элестете да албайт.

***

Үч жуманын ичинде түшүмдү жыйнап бүтүп, баары майрамды күтүп калышты. Эсперанса бакта роза үзүп жатып, апасынын: «Эртең ар бир столдо бирден букет роза, бирден себет жүзүм болсун» деп айтканын эстеди.

Атасы экөө бактан жолугушмак, ал эч качан алдачу эмес. Эсперанса барпайган кызыл розаны үзүп жатып, колун тикенекке сайдырып алды эле, колу канап кетти. «Жаман жышаан» деген ой кылт эте түштү. Анан алжапкычы менен колун орой салды да, жаман жышаанды унутканга аракет кылды. Жанагы розаны абайлап кесип алды. Караса, күн Сьерра-Мадреден ары кылкылдап батып баратыптыр. Эми тез эле күүгүм кирет. Кыздын жүрөгү эмнегедир опкоолжуй түштү.

Атасы кайда жүрөт? Таң атпай вакейро менен жайытка кеткен. Ал дайыма үстү-башы чаң болуп, күн батканча келип калчу да, өтүгүндөгү кургап калган ылайды түшүрүү үчүн жерди катуу тепкилегени короодон угулчу. Кээде малчылардан сүрсүгөн эт ала келчү, аны Эсперанса атасын кучактап атканда, чөнтөктөрүн аңтарып жатып таап алчу.

Эртең Эсперансанын туулган күнү, таң атпай ага серенада ырдашат. Атасы ранчодо жашаган эркектер менен анын терезесинин түбүнө келишип, коңур үндөрү менен *Лас Маньянитасты*[1] – туулган күндү куттуктоо ырын ырдашат. Эсперанса терезеге чуркап келип, аларды алыстан өөп, белектерди көрүш үчүн ылдый жүгүрөт. Албетте, атасы ага фарфор куурчак алып койгон болот. Эсперанса туулгандан бери атасы жыл сайын ага куурчак белек кылат. Апасы болсо шейшеп, өзү тиккен түнкү көйнөк же кыска жең көйнөк берет. Шейшептер дайыма керебетинин жанындагы сепке деген сандыкка түшөт.

Эсперансанын бармагы дагы эле канай берди. Ал гүл салган себетти алды да, бактан ашыгып чыгып, короонун ичиндеги фонтанга барып колун чайкады. Суу тийгенде оорусу басаңдай түштү.

Эсперанса чаң көрүнөр бекен деп оор жыгач дарбазанын ары жагынан көрүнүп турган атасынын миңдеген акр ээлигин тигиле карады, чаң көрүнсө, атасы келаткан болмок. Бирок эч нерсе көрүнгөн жок. Ал күүгүмдө короону айланып, чийки кирпич менен

---

[1] *Лас Маньянитас* – туулган күндү куттуктоо ыры.

жыгачтан салынган чоң үйдүн артына барды. Ал жерде апасы да жол карап туруптур.

–Апа, колума тикен кирип кетти, – деди Эсперанса.

– Жаман жышаан, – деди апасы ырымды эстеп, бирок кайра жылмайып койду, анткени «жаман жышаан» бир чака сууну аңтарып алганды же жумуртканы түшүрүп ийгенди эле билдирерин экөө тең билчү.

Апасы Эсперансаны кучактап, экөө тең чет-жакадагы мал короо, аткана жана кызматчылардын үйлөрү жакты карап калышты. Эсперансанын бою азыр эле апасына теңелип, ага окшоп сулуу болот дешчү баары. Кээде чачын өрүп, башына ороп туруп күзгүгө каранганда, алардын алдабаганына ынана түшчү. Чачы да апасыныкындай капкара, калың болуп, тармал тартып турат. Апасындай музоо кирпик, ак жуумал. Бирок дал апасындай эмес эле, анткени атасын тартып кой көз болчу.

– Бир аз кечигип атат, – деди апасы. Эсперанса ага ишенгени менен ичинен атасына кичине таарынып турду.

– Апа, кечээ эле кошуналар ага каракчылар жүрөт деп айтышпады беле?

Апасы башын ийкеп, чочулаганынан эрдин тиштеди. Азыр 1930-жыл болуп, Мексикадагы революциядан бери он жыл өтсө да, эл бай жер ээлерине али кекенип жүрүшкөнүн экөө тең билет.

– Баары эле дароо өзгөрүп кетпейт, Эсперанса. Жердин баары байлардын колунда, ал эми кээ бир

кедейлердин бир карыш жери жок. Чоң ранчолордо мал батпайт, ал эми айрым дыйкандар мышык жеп жүрүшөт. Атаң кедейлерге боор ооруп, бир топ жерин жумушчуларына берди. Муну элдин баары билет.

– Бирок, муну каракчылар билишеби?

– Билишеттир, – деди апасы акырын. – Мен Альфонсо менен Мигелди жөнөттүм. Жүр, үйгө кирип күтөлү.

***

Чайды атасынын кабинетине алып келишти, мында Абуэлита отуруптур.

– Келегой, *ми ниета*[1], – деди ал жиби менен илме шибегелерин оңдой. – Мен жаңы жүк жапкыч баштадым, сага коoздоп токуганды үйрөтөм.

Эсперансанын таенеси алар менен чогуу жашайт эле. Ал апасынын кичинекей, чүрүшкөн көчүрмөсү болчу. Аны баары Абуэлита деп коюшчу. Зыңкыйган кара көйнөк кийип, алтын сөйкө тагынып, ак чачын желкесине түйүп жүрчү. Эсперанса аны каада сактаганы үчүн эмес, эркелиги үчүн жакшы көрчү. Абуэлита тегеректеги айымдарга чай берип, алар кеткенден кийин жүзүм бактын ичинде жыңайлак сейилдеп, чымчыктарга ыр окуп берчү. Таенесинин жеңинен чыгып турчу тордомо бет аарчы сыяктуу көнүмүш нерселери менен бирге чачына сайылган гүл, чөнтөгүндөгү кооз таш, сүйлөшүп отурганда

[1] *Ми ниета* – неберем.

оозунан чыгып кетчү философиялык учкул сөздөр сыяктуу таң каларлык нерселери бар эле. Абуэлита бөлмөгө киргенде баары анын көзүн карап турушчу. Ал турсун атасы да тура калып орун бошотуп берчү.

Эсперанса даттана кетти:

– Эмнеге биз кооптонгондо эле илме шибегеге асылабыз? – деп таенесинине жакындаганда, мурдуна сарымсак, пудра жана жалбыз аралаш көнүмүш жыты келди.

– Колуңа эмне болду? – деп сурады Абуэлита.

– Тикенек кирип кетти.

Абуэлита баш ийкеди да, ойлуу айтты:

– *No hay rosa sin espinas*[1].

Эсперанса таенесинин гүлдү эмес, жашоо кыйынчылыксыз болбой турганын айтып жатканын түшүнүп, жылмайып койду. Таенесинин колунда өйдө-ылдый жорголоп жаткан күмүш сымал илме шибегелерди карап турду. Тизесине түшкөн чачтарды алып, жүк жапкычка кошо токуп коюп жатты.

– Эсперанса, менин сүйүүм менен жакшы тилектерим ушинтип бул жүк жапкычта түбөлүк кала берет. Эми карап тур. Тоонун чокусуна чейин он илмек, дагы бирди кош. Эми төмөн карай тогуз илмек, бирөөнү аттап кет.

Эсперанса илме шибегелерди алып, Абуэлитанын кыймылын кайталады да, анан кандай болгонун карап

---

[1] *No hay rosa sin espinas (исп.)* – Тикенексиз роза болбойт. *(Мексика макалы)*



РБДЮ им. К. Баялинова
АМЕРИКА БОРБОРУ

көрдү. Тоонун чокулары одур-бодур болуп, өрөөндөр түймөктөшүп калыптыр.

Абуэлита жылмайып, Эсперансанын токуганын жандырып жиберди.

– Эч качан кайра баштагандан коркпо, – деди ал.

Эсперанса үшкүрүп, баягы он илмекти кайра баштады.

Үй тиричилигин тейлеген кызматчысы Гортензия кыңылдап ырдаган бойдон ичкери кирди да, жайык табакка салып келген кичинекей бутерброддорунан бирди Эсперансанын апасына берди.

– Жок, ыракмат, – деди апасы.

Гортензия табакты коюп, чоң жоолук алып келип, апасынын ийинине жапты. Эсперанса эс тарткандан бери эле Гортензия аларга кам көрүп келатат. Ал индеецтердин сапотек уруусунан болчу: бою пас, толмоч келип, капкара чачын өрүп жүрчү. Эсперанса караңгыга тигилген эки аялды карап туруп, Гортензиянын келбети апасынан такыр башкача, окшобой тургандыгын байкады.

– Көп эле кыжалат боло бербеңиз, – деди Гортензия. – Альфонсо менен Мигел таап келишет.

Альфонсо Гортензиянын күйөөсү, бардык талаа жумушчуларды башкарчу, атасынын жакын досу жана өнөгү. Ал да Гортензия сыяктуу кыска бойлуу, кара тору болчу. Бажырайган көздөрү менен салаңдаган мурутунан улам Эсперансага бирөө таштап кеткен оюнчуктай сезиле берчү. Бирок ал шайыр адам эле. Эсперансанын атасы сыяктуу жерди жанын берип сүйчү, экөө терин төгүп иштеп жүрүп, үй-бүлөнүн

канча муундан бери келаткан роза багын кайра өстүрүштү. Альфонсонун агасы Кошмо Штаттарда иштечү, ошондуктан ал өзү да ошол жакка кетем деп калчу, бирок досунун көңүлүн кыя албай, Ранчо де лас Росастан чыга алчу эмес.

Альфонсо менен Гортензиянын уулу Мигел менен Эсперанса бала кезден жакын болчу, көп ойношчу. Ал он алтыга чыкканда эле ата-энесинен бойлуу болуп чыга келди. Атасын тартып кара тору, бакырайган кыялкеч көздөрү бар, ал эми каштары ушунчалык коюу болгондуктан, Эсперансага биригип кала тургандай сезиле берчү. Ал ранчонун коён жатагына чейин билет. Эсперансанын атасы Мигелди бала кезинен ранчонун алыскы булуң-бурчтарына алып кетип калчу. Эсперанса апасы экөө ал жактарда болгон да эмес.

Эсперанса кичирээк кезинде:

– Эмнеге атам мени эмес, Мигелди алып кетет? – деп даттанып калчу.

Анда атасы мындай деп жооп берчү: – Анткени Мигел жоопкерчиликтүү, колу да жөндөмдү бала, кийин атасынын ордуна иштеп калат, ошондуктан өз ишин үйрөнүшү керек.

Эсперансанын атасы менен кетерде Мигел кызды карап алып, дайыма шылдыңдап күлчү. Бирок, атасы айткандай, Мигел чынында эле чыдамкай жана күчтүү. Сокону, тракторду, өзгөчө мотору бар нерселердин бардыгын оңдой алчу.

Бир нече жыл илгери (анда Эсперанса кичинекей болчу) апасы менен атасы Эсперансаны «жакшы үй-

бүлөлөрдүн» балдары менен тааныштыруу жөнүндө сүйлөшүп калышты. Анда чоочун бирөөгө турмушка чыгарын элестете албаган кызы:

– Мен Мигелге тием! – деп ийген.

Апасы күлүп:

– Чоңойгондо башкача ойлоп каласың, – деген.

– Жок, мен оюмдан кайтпайм, – деген Эсперанса.

Эми, эс тарткан соң, Мигел чарба башкаруучунун баласы, өзү болсо ранчо ээсинин кызы экенин, экөө терең дайранын эки жээгинде калышканын аңдады. Бир жолу ал кыйынсынып бул тууралуу Мигелге айтып салды. Ошондон кийин алар бир-эки жолу гана сүйлөшүштү. Бир жолу капысынан жолугуп калышканда, Мигел баш ийкеп, сылык-сыпаа «*Ми рейна*»[1] деп койду, башка эч нерсе айткан жок. Эми мурдагыдай шылдыңдап күлбөй калды, кээ бирде экөө бир нерселер жөнүндө божурашып сүйлөшүп калышат. Эсперанса сыр алдырбайт, бирок баягы экөөнү бөлүп турган дайра жөнүндө бекер айткан экенмин деп өкүнүп жүрдү.

Чындап камтама боло баштаган апасы улам терезеге бара берди. Анын ар бир кадамы үй ичинде жаңырыктап жатты. Гортензия чырактарды күйгүздү. Мүнөттөр саатка айланып жатты.

– Атчандар келатат! – деп кыйкырган апасы эшикти көздөй чуркады.

---

[1] *Ми рейна* – менин королевам.

Бирок алар *тио*[1] Луис жана *тио* Марко, атасынын аталаш бир туугандары болуп чыкты. Луис абасы банктын президенти, Марко абасы шаардын мэри болчу. Бирок Эсперанса абаларынын кызматына кызыкчу да эмес, анткени аларды жаман көрчү. Алар өтө эле олуттуу, түнт, өзүнчө эле кекирейген немелер болчу. Луис абасы улуу, Марко абасы андан кичүүрөөк, мэр болгону менен *ун бурро*[2] сыяктуу акылы жок болгондуктан, агасынын тилинен чыкчу эмес. Экөө тең арык, узун, кичинекей муруттары, ээгинде эчки сакалдары бар. Апасы да, сыягы, аларды жактырчу эмес, бирок атасынын туугандары болгондуктан, дайым сыйлачу. Ал турсун Марко аба мэр кызматына талапкер болгондо, анын урматына кечелерди өткөргөн. Ага-ини бойдок болчу. Атасы аларды башкаларга караганда акчаны көбүрөөк сүйгөндүктөн үйлөнбөй калышты деп калчу. Эсперанса болсо бул арык текелерге ким тиймек эле деп ойлойт.

– Рамона, – деди Луис аба, – биз жаман кабар менен келдик. Бир вакейро бизге мына муну алып келди.

Ал апасына атасынын кемер курунун күмүш таралгасын берди, мындай таралга башкаларда жок болчу, анткени анда ранчонун эн тамгасы бар эле.

Апасы купкуу боло түштү. Ал таралганы айландыра карады.

---

[1] *Тио* – аба, атанын эркек бир тууганы.

[2] *Ун бурро* – эшек.

– Бул эч нерсе эмес, – деди ал. Анан тигилерге көңүл бурбастан, терезеге карай бурулуп кетти да, таралганы мыкчый кармап, кайра ары-бери баса баштады.

– Биз күтүп туралы, балким, жардам керек болуп калар, – деди Луис аба. Ал Эсперансанын жанынан өтүп бараткanda далысынан таптап, кичине кучактамыш болуп койду.

Эсперанса аны таң кала карап калды. Абасы өмүрүндө ага жакындаган эмес. Эсперансанын абалары курбуларынын абаларындай эмес болчу. Алар эч качан аны менен сүйлөшүп, ойноп, ал турсун шылдыңдап, жинине да тийишкен эмес. Чынын айтканда, алар үчүн ал жок сыяктуу болчу. Ошондуктан Луис абанын капыстан эркелеткени коркунучтуудай сезилип, дароо атасын эстеди.

Абуэлита менен Гортензия шам жагып, кеткендер аман-эсен келсе экен деп кудайга сыйына башташты. Апасы колдорун көкүрөгүнө кайчылаштыра, эки жакка термелип, терезеден көз албай турду. Алар бир нерселерди айтып алаксымыш болгону менен кайра эле жымжырттык өкүм сүрүп жатты. Сааттын чыкылдаганы, бирөөлөрдүн жөтөлгөнү, анан табакка тийген чөйчөктөрдүн дабышы гана угулуп турду.

Эсперанса илмектерди таенесиникиндей кылууга аракеттенип жатты. Фиеста жөнүндө, эртең ала турган белектери жөнүндө, ар бир столдо бир букет роза менен бир себет жүзүм болорун, Марисоль жана башка кыздар тамашалашып күлүшөрүн ойлогонго аракет кылды. Бирок буларды деле көпкө ойлой

албады: тикенек кирип кеткен бармагы ооруп, баягы жаман ырым кайра эсине түшүп, кыжалат боло берди. Шамдалдагы шамдар күйүп бүтө жаздап калганда, апасынын үнү чыкты:

– Жарык көрүндү. Бирөө келатат окшойт!

Алар короого дүргүп чыгышып, үмүт сымал алыстан жылтылдаган жарыкты көрүштү.

Акыры араба келди. Альфонсо тизгинди, Мигел панарды кармап келатыптыр. Араба токтогондо, Эсперанса жууркан менен жабылган бирөө жатканын көрдү.

– Атам кана? – деп кыйкырды ал.

Мигел башын жерге салды. Альфонсо үн каткан жок, бирок жаактарынан аккан жаш өтө жаман нерсе болгонун айтып турду.

Апасы эсинен танып калды. Таенеси менен Гортензия ага жүгүрүштү.

Эсперансанын жүрөгү сыздап кетти. Тамагынан адегенде акырын, анан шумдуктай катуу чыңырык чыкты. Кыз тизелей түштү да, капкараңгы үмүтсүз түңгуюкка чөгүп бара тканын сезди.

# *LAS PAPAYAS*
# Папайя[1]

*"Estas son las mañanitas que cantaba el Rey David*
*a las muchachas bonitas; se las cantamos aqui.*

*Бул таңкы ырларды ырдачу экен*
*падыша Давид татына кыздын баарына;*
*эми аларды биз ырдайлы сага.*

Эсперансанын кулагына ушул ыр угулду. Атасы жана башка эркектер терезесинин түбүндө турушуптур. Алардын таза, коңур үндөрү таңкы абада каалгып турду. Уйкудан көзү ачыла электе бүгүн туулган күнү экенин ойлоп жылмайды. «Туруп, атамы алыстан өбөйүн» деп ойлоду. Бирок көзүн ачса, ата-энесинин төшөгүндө, болгондо да атасы жыттанган анын ордунда жатыптыр. Ыр болсо жөн эле түшүнө киргендей. А эмне үчүн өз бөлмөсүнө жаткан жок? Анан түндөгүлөрдү эстеди да, өзүнө келе түштү. Жүзүнөн күлкү качып, жүрөгү сыздап, жанагы жакшынакай сезимдери суу сепкендей өчтү.

Атасы *вакейро* экөө ранчонун алыскы бир бурчундагы кашааны оңдоп жатышканда, каракчылар

---

[1] *Папайя* – нан дарагынын мөмөсү

аңдып келип өлтүрүп кетишиптир. Өтүктөрүн, аттарын ээр-токуму менен алышыптыр. Ал турсун атасы Эсперансага деп чөнтөгүнө салып койгон сүрсүгөн эттен бери алып кетишиптир.

Эсперанса төшөгүнөн туруп, ийнине чоң тор жоолук жамынды. Ал күндөгүдөн оордой сезилди. Калың токуп коюшканбы? Же бул жан дүйнөсүндөгү оордукпу? Ал ылдый түшүп, залга кирди. Үй эмнегедир ээн, жымжырт эле. Кайда кетишкен? Анан таенеси менен Альфонсо апасын приистке[1] алып кеткенин эстеди. Гортензияны чакырайын деп турганда, эшик тыкылдап калды.

– Ким бул? – деп кыйкырды Гортензия эшиктин ары жагынан.

– Бул мен, сеньор Родригес. Папайя алып келдим.

Эшикти Эсперанса ачты. Босогодо шляпасын кармап Марисолдун атасы туруптур. Жанында толтура папайя салган үкөк.

– Атаң майрамга деп сурады эле. Ашканага алып барып коёюн десем, эч ким жок экен.

Эсперанса атасын бала кезинен бери билген бул кишини карап турду да, анан бышып, саргара баштаган папайяны тиктеп калды. Атасы муну эмне үчүн алдырганын эстеди. Эсперанса папайя, кокос жана лаймдан[2] жасалган салатты баарынан жакшы көрчү. Гортензия аны туулган күнүндө жыл сайын даярдачу.

---

[1] *Приист* – католик чиркөөсүнүн дин кызматчысы.

[2] *Лайм* – цитрус өсүмдүктөрүнүн бир түрү.

Кыз жалооруй түштү.

– Сеньор, – деди ал өзүн араң токтотуп, – сиз билбейсизби? Атам... атам өлүп калды.

Сеньор дендароо болуп карап калды:

– "*¿Qué pasó, niña?* – Эмне дейсиң, кызым?

Эсперанса терең улутунду. Сеньор Родригес анын сөзүн угуп, өңү бузула түштү. Башын чайкап, короодо турган жыгач отургучка отуруп калды. Эсперанса өзүн башка бирөөнүн денесинде калгандай, бардыгын четтен байкап, бирок жардам бере албай тургандай сезди.

Ары жактан келген Гортензия Эсперансаны кучактады. Сеньор Родригеске баш ийкеди да, кызды үстүнкү кабаттагы уктоочу бөлмөсүнө алып кетти.

– Атам па... папайя алдырган экен, – деп шолоктоду Эсперанса.

– Билем, – деп шыбырады Гортензия. Ал Эсперансанын жанына отурду да, аны жаш баладай кучактап соорото баштады. – Билем.

***

Дубалар, чиркөөдөгү ырым-жырымдар, сөөк коюу үч күнгө созулду. Эсперанса өмүрүндө көрбөгөн чоочун адамдар көңүл айтканы ранчого келип жатышты. Алар ондогон үй-бүлөгө жеткидей көп тамак алып келишти, келген гүлдөр ушунчалык көп болгондуктан, башы ооруй баштады. Гортензия акыры аларды эшикке алып чыгып тизип койду.

Марисоль ата-энеси сеньор жана сеньора Родригестер менен бир нече жолу келди. Чоңдордун көзүнчө Марисолдун көңүл айтканын апасынын кылдат кыймыл-аракеттерин туурап укту. Ыңгайы келери менен кыздар уруксат сурап Эсперансанын бөлмөсүнө барып, керебетке отурушту да, кучакташа буркурап ыйишти.

Үй толо киши болуп, алардын акырын сүйлөгөнү түшүнүксүз күүлдөп турду. Апасы баарына көңүл буруп, баарынын көңүлүн алганга аракет кылып жатты. Кечинде үй аңгырай түштү. Атасынын баягы шайыр үнү угулбагандыктан, бөлмөлөр эбегейсиз чоңдой сезилип, басканда жаңырыктагансып, үйдөгүлөрдүн кайгысын ого бетер күчөтүп турду. Абуэлита түн сайын апасын уктап кеткенче башынан сылап отурат, анан Эсперансаны жубатат. Бирок, көп өтпөй эле, апасынын бүлкүлдөп ыйлаганынан ойгонуп кетет, же анын ыйы апасын ойготуп ийет. Анан алар таң атканча кучакташып отурушат.

Эсперанса белектерин ачкысы келген жок. Аларды карап туруп кандай сонун майрам болмок эле деп ойлоду. Акырында бир күнү эрте менен апасы белектериңи ачып көр деп көшөрүп туруп алды:

– Атаң ушуну кааламак.

Таенеси Эсперансага белектерди берип жатты, ал болсо кутулар менен баштыктарды ачып, ичиндегилерди столго коё берди. Марисолдон келген теспе салынган баштыкча, Читадан келген көк

мончок, таенесинин «*Дон Кихоту*»,[1] апасынын татынакай моюн орогучу. Акырында куурчак турган кутуну ачты. Бул атамын эң акыркы белеги деген ой жадымынан кетпей турду.

Калтыраган колдору менен кутуну ачып, ичин карады. Куурчактын татынакай көйнөгү аппак жука матадан тигилген, капкара чачтарын кардай аппак *мантилья*[2] жаап турат. Фарфор жүзүндөгү бакырайган көздөрү Эсперансаны ойлуу карап турду.

– Ай-ий, периштеге окшош турбайбы! – деген таенеси жеңинен бет аарчысын алып чыгып, көзүн сүрттү. Апасы үн катпастан колун созуп, куурчактын бетинен сылады.

Эсперанса туттуга түшүп, жүрөгү сыздап кетти. Куурчакты көкүрөгүнө кыскан бойдон башка белектерди унутуп бөлмөдөн чыгып кетти.

***

Луис менен Марко абасы күн сайын келип, атасынын кабинетине отуруп алып, «үй-бүлөлүк бизнестин» камын көрүп жатышты. Адегенде алар бир нече саатка гана калып жүрүшсө, кийинчерээк алардын «камкордугу» Альфонсонун бакчасындагы жайылып өскөн *калебасага*[3], башка өсүмдүктөргө

---

[1] *Дон Кихот* – Ренессанс доорундагы белгилүү испан жазуучусу Мигел де Сааведра Сервантестин (1547 – 1616) дүйнөлүк маданиятка зор таасирин тийгизген романы.
[2] *Мантилья* – жоолук.
[3] *Калебаса* – ашкабак.

жолтоо боло баштады. Абалары күн сайын ранчодо караңгы киргенче калып, үч маал тамагын ранчодон ичип жүрүштү. Эсперанса апасынын буга араң чыдап жүргөнүн билчү.

Акырында адвокат мурас кагазды окуганы келди. Апасы, Эсперанса жана таенеси салтка ылайык кара көйнөк кийишти. Кабинетке абалары кирди.

Луис бир аз катуураак үн менен мындай деди:

– Рамона, сизге кайгы жарашпайт. Жыл бою кара көйнөк менен жүрбөйсүз го дейм.

Апасы жооп кайтарган жок, сабырынан да жазбады. Алар Абуэлитага адаттагыдай баш ийкешти да, Эсперансага эч нерсе дешкен жок.

Чоңдор банк карыздары жана салымдары тууралуу сүйлөшө баштышты. Булар Эсперансага өтө татаалдай сезилгендиктен, ал кунт коюп уккан жок. Атасы өлгөндөн бери кабинетине кире элек болчу. Кыз атасынын столун, китептерин, атасы Гвадалахарадан алып келип берген апасынын күмүш илме шибегелери салынган себетти, кире бериштеги атасынын бак кырккан кайчылары жаткан столду, кош эшиктин ары жагындагы атасынын багын карап отурду. Бардыгы өз ордунда турчу атасынын жазуу столунун үстүндө жайылган кагаздар жатат. Луис аба атасынын чыканак сүйөгөн отургучуна кожоюндай болуп отурат. Анан Эсперанса Луис абанын кемеринен баягы атасынын таралгасын көрдү. Бул кылганы туура эмес. Баары туура эмес болчу. Луис аба атасынын отургучуна олтурбашы керек эле. Ал ранчонун тамгасы бар таралганы өз кемерине такпаш керек болчу! Кыз жаак

ылдый аккан ызанын жашын улам сүртүп отурду. Апасы менен таенеси кыжыры келгендей тиктеше түшүштү. Алар да муну сезди бекен?

– Рамона, – деди адвокат, – жубайыңыз Сиксто Ортега бул үйдү ичиндегилери менен кызың экөөңөргө калтырды. Мындан тышкары, силер жыл сайын жүзүм бактан түшкөн кирешени алып турасыңар. Өзүңүз билгендей, бизде жерди аялдарга калтырууга болбойт жана Луистин банкы күйөөңүзгө кредит бергендиктен, Сиксто жерди ага калтырды.

– Бул өзү ыңгайсыз болуп турат, – деди Луис аба. – Мен банктын президенти болгондон кийин ошого жараша жашаганды каалайм. Эми ушундай сонун жер меники болгону жаткандан кийин, ушул үйдү да сатып алгым келет. Мына бул баага.

Ал апасына алакандай кагазды сунду.

Апасы Луис абага карады да:

– Бул – биздин үй. Күйөөм биздин ушул жерде жашашыбызды каалаган. Анын үстүнө бул үй сиз сунуш кылгандан жыйырма эсе кымбат турат. Жок, мен үйдү сатпайм. Сатып ийип кайда жашамак элек? – деди.

– Мен сиздин баш тартарыңызды билгем, Рамона, – деди Луис аба. – Менде бир ой бар, тагыраак айтканда, сунуш. Мен үйлөнсөмбү деген элем.

«Кимди айтып атат? – деп ойлоду Эсперанса. – Буга ким турмушка чыкмак эле?»

Луис аба тамагын кырынып, жөтөлүмүш болду.

– Албетте, бир тууганымын урматы үчүн күтөм. Адатта, бул бир жыл да, туурабы? Сиздин сулуулу-

гуңуз жана кадыр-баркыңыз, менин банктагы кызмат ордум менен биз таасирдүү жубайлар болобуз. Менин саясатка киришейин деген оюм бар. Губернаторлукка талапкер болоюн деп турам. А кандай аял губернатордун жубайы болгусу келбесин?

Эсперанса уккан кулагына ишене албай турду. Апасы Луис абага турмушка чыгабы? Ушул арык текегеби? Ал көзүн бакырайтып аны, анан апасын карады.

Апасынын өңү бузула түштү. Ал ордунан турду да, акырын, ар бир сөзүн баса айтты:

– Мен азыр да, кийин да, Луис, сизге турмушка чыккым келбейт. Чынын айтсам, сиз бул сөзүңүз менен мени кордоп турасыз.

Луис абанын бети таштай катып, арык мойнундагы булчуңдары жыйрыла түштү.

– Кийин өкүнүп калбасаңыз болду, Рамона. Эсиңизде болсун, бул үй жана жүзүм бак менин жеримде турат. Сиз өтө кыйналып калышыңыз мүмкүн. Мен айкөлдүк кылып сизге ойлонгонго дагы убакыт берем!

Луис аба менен Марко аба шляпаларын кийип чыгып кетишти.

Ыңгайсыз абалда калган адвокат документтерди жыйнай баштады.

– Кузгундар! – деди Абуэлита.

– Сиздин оюңузча, ал биздин үйүбүздү алып коюшу мүмкүнбү? – деп сурады апасы.

– Ооба, – деп жооп берди адвокат, – мурас кагаз боюнча үй турган жер ага таандык.

– Ал каалаган жерине заңгыраган үй салып алса болмок да? – деди апасы.

– Ага үй керек эмес, – деди таенеси. – Ага сен керексиң, сенин коомдогу ордуң керек. Мындагылар Сикстону жакшы көрүшчү, сени да сыйлашат. Эгер сен жубайы болсоң, Луис ар кандай шайлоодон утуп чыгат.

Апасы түнөрүп, адвокатка карап:

– Луиске айтып коюңуз, мен эч качан айтканымдан кайтпайм! – деди.

– Айтам, Рамона, бирок этият болуңуз, – деп эскертти адвокат. – Өзүңүз билесиз, ага ишенгенге болбойт, андан абайлап туруш керек. Ал өтө коркунучтуу киши.

Адвокат чыгып кетери менен, апасы орундукка кулап түштү да, бетин басып ыйлап ийди. Эсперанса чуркап барды.

– Ыйлаба, апа! Баары жакшы болот! – Бирок буга өзү да ишенбеди, анткени оюнун баары Луис абасынын апасын өкүнүп каласың деп коркутканында болчу.

***

Ошол күнү кечинде Гортензия, Альфонсо, апасы, таенеси болуп сүйлөшүп отурушту. Эсперанса толкунданып ары-бери басып жүрдү, Мигел болсо аны унчукпай карап отурду.

– Жүзүмдөн түшкөн киреше үйдү кармап, кызматчыларга акы төлөп турганга жетеби? – деп сурады апасы.

– Жетиши мүмкүн, – деди Альфонсо.

– Анда мен үйүмдө калам, – деди апасы.

– Дагы башка акчаларыңыз барбы? – деп сурады Альфонсо.

– Менин банкта акчам бар, – деп жиберди Абуэлита. Анан акырын кошумчалады, – Луистин банкында.

– Эми ал акчаңызды бербейт, – деди Гортензия.

– Эгер керек болсо, биз досторубуздан, мисалы, сеньор Родригестен карыз акча алып турсак болот, – деди Эсперанса.

– Сенин абаларың абдан таасирдүү, кара ниет адамдар, – деди Альфонсо. – Алар бизге жардам берейин дегендердин баарын кыйнашы мүмкүн. Эсиңде болсун, алардын бири – банкир, экинчиси – мэр.

Ар кимиси өз оюн айтып жатты. Акырында Эсперанса уруксат сурап, атасынын багына чыгып кетип, таш отургучка барып отура кетти. Розалардын желекчелери күбүлүп, жүзүм сыяктуу мөмөлөрү көрүнө баштаптыр. Абуэлита «булар розанын эсиндегилерди сактап калат, чай кылып ичсең, роза көргөн сулуулуктун баары сага өтөт» деп айтып калчу. Бул розалар атамы көргөн да деп ойлоп, эртең Гортензиядан ушул мөмөлөрдөн чай кылып берчи деп өтүнмөк болду.

Мигел да бакка келип, жанына отурду. Атасы өлгөндөн кийин ал абдан сыпайы болуп калган, бирок экөө сүйлөшө элек болчу.

– Анса, – деди ал бала кездеги атын атап, – сенин розаң кайсы?

Соңку жылдары Мигелдин үнү өзгөрүп, жоон чыгып калды. Эсперанса аны сагынып калганын сезди. Анын үнүнөн улам көзүнө жаш келип, бирок өзүн токтотту.

Эсперанса тирөөчкө оролуп өскөн ичке сабактуу кичинекей кызыл гүлдөрдү көрсөттү.

– А меникичи? – деп сурады Мигел баягы балалыктын баёо кездериндегидей чыканагы менен түртүп.

Эсперанса жылмайып, тигиндей жерде турган кызгылт сары гүлдөрдү көрсөттү. Бала кезде атасы аларды экөөнө арнап бирден отургузган эле.

– Муну менен эмне дегиң келип турат, Мигел?

– Шаардыктардын арасында Луис эптеп ранчону алгысы келип жүрөт деген кеп болуп атат. Бул чын окшойт, эми биз, сыягы, Кошмо Штаттарга кетебиз да, ал жерден иш табууга аракет кылабыз.

Эсперанса макул болбогондой башын чайкады. Ал Гортензия, Альфонсо, Мигел жок кантип жашаарын элестете алган жок.

– Биз атам экөөбүз биздин өлкөгө ишенбей калдык. Тейлөөчү кызматчы болуп туулуп, канча эмгектенсек да, тейлөөчү болуп кала берет окшойбуз. Сенин атаң жакшы киши эле. Ал бизге жер, үй-жай берген. Бирок абаларың... эми аларды өзүң жакшы

билесиң да. Алар баарын тартып алышат да, бизге мал катары мамиле жасайт. Биз алардын колунда иштебейбиз. Кошмо Штаттарда жумуш оор, бирок биз тейлөөчү кызматчылыктан кутулушубуз мүмкүн.

– Бирок апам менен Абуэлитага... бизге силер керексиңер да.

– Атам убагы келгенче кетпейбиз дейт. – Мигел бир аз жылып, колун кармады. – Атаң жаман болбодубу.

Анын колу ушунчалык ысык болгондуктан, Эсперансанын жүрөгү дүкүлдөп кетти. Мигел кармап турган колун карап, бети кызарып кетти. Уялганына өзү да таң калып, Мигелден окчундай берип ордунан туруп барып, розаларды тиктеп туруп калды.

Ыңгайсыз жымжырттык өкүм сүрдү.

Эсперанса Мигелге кылчайса, ал дагы эле жалдырап карап туруптур. Кетеринде акырын:

– Сен туура айтасың, Эсперанса. Мексикада биз дарыянын эки өйүзүндө турабыз, – деди.

***

Эсперанса бөлмөсүнө баратып, жашоосунун куту уча түшкөнүн ойлоду. Керебетин айлана басып, оймолорун сылап-сыйпады. Сандыкта тизилип турган куурчактарын санады: он үч, ар бир туулган күнгө бирден. Атасы тирүү кезинде бардыгы ушул куурчактардай болуп өз жайында эле.

Ал саймаланган узун түнкү көйнөгүн кийип, жаңы куурчагын алды да, терезеге барды. Өрөөнду карап туруп: «Кете турган болсок кайда барабыз?» – деп

ойлоно баштады. Алардын жападан жалгыз туугандары таенесинин эже-сиңдилери – кечилканада жашаган кечил кемпирлер эле.

– Мен бул жерден эч кайда кетпейм, – деп шыбырады Эсперанса.

Күтүүсүз желаргы менен тааныш жыт келди. Короону караса, баягы жыгач үкөк туруптур. Анда атасы сеньор Родригестен алдырган папайя бар болчу. Гортензия аны Эсперанса жакшы көргөн майрамдык салатка кошмок эле. Эзилип бышкан папайянын жыты жел жүргөн сайын аңкый түшүп жатты.

Ал төшөгүнө кирип, саймалуу жуурканын жамынды. Куурчагын кучактап алып уктаганга аракет кылды, бирок Луис абасынын жоругун унута албай койду. Апасы анын аялы болуп калышы мүмкүн экенин ойлогон сайын жаман болуп кетип атты. Албетте, апасы ага турмушка чыкпайт! Анан терең дем алып, папайянын таттуу жытын сезип, байкуш атасы аны туулган күнүндө кубантайын дегенин ойлоду.

*Эмнеге атасы өлүп калды? Эмне үчүн апасы экөөнү таштап кетти?*

Ал көзүн жумду да, күндөгүдөй эле атам туулган күнүмдө ырдап жаткан түшүмү кайра көрсөм экен деп кыялдана баштады.

# *LOS HIGOS*
# Анжир

Түнү менен шамал улуп, үй онтоп, кычырап турду. Эсперансанын түшүнө серенада эмес, үрөй учурган нерселер кирип атты. Килейген аюу артынан кууп жүрүп, акыры кармап алды. Апсайган жүндөрү оозуна кирип, араң дем алып атты. Кимдир бирөө аны аюудан куткарып калайын деп, бирок колунан эч нерсе келбеди. Аюу аны катуу кыскандыктан, мууна баштады. Эми өлөт экемин деп калганда, аюу аны ийнинен кармап силке баштады эле, башы ары-бери шылкылдады.

Ал көзүн ачты да, кайра жумду. Түш көрүп жатканын сезип жеңилдей түштү. Анан капыстан эле бирөө аны мурункудан да катуу силкилдетип, «Эсперанса!» деп кыйкырды.

Көзү умачтай ачылды.

– Эсперанса! Ойгон! – деп кыйкырды апасы. – Үй өрттөнүп атат!

Бөлмөгө түтүн кире баштады.

– Апа, эмне болуп кетти?

– Тур, Эсперанса! Таенеңи табыш керек!

Эсперанса ылдый жактан Альфонсонун жоон үнүн укту:

– Сеньора Ортега! Эсперанса!

– Бул жактабыз! Биз бул жактабыз! – деп кыйкырган апасы тепшиден суу сүлгүнү алып, «оозубашыңы жап» деп Эсперансага карматты. Эсперанса эмнени алып алсам деп ары-бери чуркап, акыры куурчагын алды. Анан апасы экөө коридорго чуркап чыгып, таенесинин бөлмөсүнө барышса, ал жок экен.

– Альфонсо! – деп кыйкырды апасы. – Абуэлита жок!

– Биз аны табабыз! Үйдөн чыккыла! Тепкич күйө баштады, тезирээк чыккыла!

Эсперанса сүлгүнү бетине басып, ылдый жакты карады. От көшөгөдөн дубалдарга жабышып, шыптагы түтүн коюулана баштады. Апасы экөө тепкич менен абайлап түшүштү, ал жерде ашкана аркылуу алып чыгып кетейин деп Альфонсо күтүп туруптур.

Короодо дарбаза аңырайып ачык турат. Вакейро жылкыларды атканадан чыгарып, жумушчулар арыбери жүгүрүп жүрүшөт. Эми алар кайда барышат?

– Абуэлита кайда?! Абуэлита! – деп кыйкырды апасы.

Эсперанса дендароо болуп калды. Айланада болуп жаткан нерселер ага түштөй сезилди. Чын эле түш көрүп жаткан болбосун? Же мунун баары көзүнө көрүнүп жатабы?

Мигел колунан кармады:

– Апаң менен таенең кайда?

Эсперанса ыйлап ийди да, апасын жаңдап көрсөттү. Мигел аны коё берип, апасын карап, анан үйдү көздөй жүгүрүп кетти.

Шамал учкундарды аткана жакка алып кетип жатты. Эсперанса караңгы асмандын фонунда жалбырттап күйүп жаткан үйдү карап турду. Бирөө ага жууркан алып келип жапты. Үшүп атты беле? Муну өзү да билген жок.

Мигел күйүп жаткан үйдөн таенесин көтөрүп чуркап чыкты. Гортензия кыйкырып ийди:

– Мигелдин көйнөгү күйүп атат.

Альфонсо ага жетип барып басып жыгылды да, жалын өчкөнчө ары-бери ооната берди.

Апасы таенесин кучактап отурду.

– Апа, – деди Эсперанса, – таенем...

– Жок, таенең тирүү эле, алы кетип калыптыр, анын үстүнө кызыл ашыгы... Азыр баса албайт го, – деди апасы.

Эсперанса тизелей отура калып:

– Сен кайда жүрдүң, Абуэлита? – деди.

Таенеси токуп жүргөн буюмдары салынган баштыктарды көрсөтүп, бир кыйлага ыкшып жөтөлгөн соң:

– Бул жерде күтүп турганда бир нерсе менен алек болуш керек да, – деди.

Өрт жүзүм бакка өттү. Жалын жөөктөр менен өрдөп, горизонтко жетчү узун манжалардай соймондоп, түнкү асманды жарык кылып турду.

Эсперанса Ранчо де лас Росастын күйүп жатканын карап, жалдырап турду.

***

Апасы, таенеси болуп үй кызматчылардын кепесинде укташты. Алар уктай алышкан жок, бирок ыйлай да алышпады, эч нерсени тоготпой тургандай калың тери менен каптап койгон немедей катып турушту. Өрттү абалары уюштурганын баары билишти.

Эсперанса таңга маал түнкү көйнөкчөн бойдон эшикке чыкты. Али түтөп турган жерлерди айланып өтүп, күйгөн жыгачтардын арасынан аман калган бир нерсе бар бекен деп караштырып жүрдү. Гүлдөрдүн сабагы гана капкара болуп сороюп туруптур. Өрттөн аман калган нерселер: ийрейип калган темир отургучтар, казандар менен табалар, таштан жасалгандыктан күйбөй калган сокулар менен сок билектер. Анан бөлмөсүндөгү сандыктын калдыктарын көрдү. Темирлери, анан ичинде күл гана калыптыр.

Ошентип себи да жок болду.

***

Эсперанса атчан келаткан абаларын көрө калып, үйдөгүлөргө айтмакка чуркап келсе, апасы эки колун көкүрөгүнө кайчылаштырып, сүрдүү айкелдей болуп кепенин босогосунда туруптур. Жанында Альфонсо, Гортензия жана Мигел бар экен.

– Рамона, – деди Марко аба аттан түшпөй туруп, – күйөөңдүн топурагы сууй электе жаман иш болуптур. Арты кайырлуу болсун.

– Мен сизге дагы бир мүмкүнчүлүк бериш үчүн келдим, – деди Луис аба. – Эгер сиз менин сунушуму

кабыл алсаңыз, мурункудан да чоңураак, кооз үй куруп берем, кайрадан жүзүм бак тигем. Жок, кызматчылар менен жашай берем десеңиз, бул кепелер да бир нерсе болуп кетерин билиңиз. Алар кызмат кыла турган эми кожоюндун үйү жок, чарбасы да жок. Көрдүңүзбү, көптөгөн кишилердин тагдыры сиздин колуңузда турат. Анын үстүнө сиз Эсперансаны жамандыкка кыйбайсыз да, туурабы?

Апасы бир саамга унчукпай турду. Анан өзүн тегеректеген кызматчыларды кыдырата карады. Эми жүзүнөн жанагы сүрү качып, көзү жашылдана түштү. «Апам Луис абага жок деп айтса, кызматчылар кайда барышат?» деп ойлоду Эсперанса. Апасы ага «мени кечир» дегендей тиктеди. Анан жер карап туруп, Луис абага:

– Мен ойлонуп көрөйүн, – деди.

Луис аба жылмайды:

– Мына эми жакшы болду! Туура чечимге келериңизге ишенем. Бир аз күндөн кийин жооп алганы келем.

– Апа, жок! – деп кыйкырып ийди Эсперанса. Анан Луис абага кайрылып: – Мен сизди жек көрөм! – деди.

Луис аба анын сөзүн этибар албай:

– Рамона, эгер Эсперанса менин кызым болуп калса, башкача тарбия алат. Мен бүгүн эле аны жакшы тарбияланган кыз кылып чыгара турган жатак мектеп издей баштайм, – деп ат тизгинин буруп, чапкан бойдон кетти.

Эсперанса буркурап ыйлады. Апасын колунан кармап: – Эмне үчүн? Эмне үчүн ага ушуну айттың? – деди.

Бирок апасы аны тыңдаган жок. Көктү карап, периштелерден кеңеш сурап тургандай болду. Анан акыры мындай деди:

– Альфонсо, Гортензия, биз Абуэлита менен сүйлөшүшүбүз керек. Эсперанса, Мигел, үйгө киргиле, силер да эми чоңойдуңар, кеп тыңдагыла.

– Бирок, апа...

Апасы Эсперансаны далыдан алып өзүнө буруп:

– Кызым, кыжалат болбо. Мен эмне кылышты билем, – деди.

***

Баары таенеси жаткан Гортензия менен Альфонсонун кичинекей уктоочу бөлмөсүнө киришти. Таенеси шишип кеткен бутун жаздыка коюп коюптур. Эсперанса таенесинин төшөгүнө отурду, калгандары аяк жакта турушту.

– Альфонсо, кандай кылсам? – деп сурады апасы.

– Эгер ага турмушка чыккыңыз келбесе, сеньора, бул жерде калганга болбойт. Кийинки жолу ал кызматчылардын үйүн өрттөйт. Эми киреше да түшпөйт: жүзүм бак жок. Сиз башкаларга көз каранды болосуз, алар болсо тигилерден коркуп жардам бере алышпайт. Мексиканын башка жерине барып жашай аласыз, бирок жокчулукта жашайсыз. Луис таасирдүү киши, ал жерден да сизди таап алат.

Бөлмөдө жымжырттык өкүм сүрдү. Апасы терезени тиктеп, манжалары менен терезенин жыгач текчесин черткилеп турду.

Гортензия апасына барып, колун кармады:

– Сиз билишиңиз керек, биз Кошмо Штатка кетип жатабыз. Альфонсонун бир тууганы Калифорниядагы бир чоң фермада иштейм деп жазган. Ал бизге иш, үй-жай жагынан жардам бере алат. Эртең биз ага кат жазабыз.

Апасы бурулуп таенесин карады. Абуэлита унчукпастан баш ийкеди.

– А Эсперанса экөөбүз силер менен кетсек кандай болот? Кошмо Штаттарга? – деди апасы.

– Апа, биз Абуэлитаны калтыра албайбыз!

Таенеси Эсперансаны түрттү:

– Мен жакшы болгондон кийин барам.

– Менин курбуларым, мектебим эмне болот? Биз жөн эле кетип кала албайбыз! Атам эмне дээр эле?

– Эмне кылалы, Эсперанса? Сенин оюңча, ал менин Луис абаңа турмушка чыгышымы, сенин башка шаардагы жатак мектепке кетишиңи каалайт беле?

Эсперанса эмне дээрин билбей калды. Абасы баарын кайра курам деп атат, бирок апасынын атасынан башка кишинин аялы болорун элестете да албайт. Апасын карап, жүзүнөн кайгыны, тынчсызданууну көрдү. Апасы ал үчүн баарына даяр. Бирок апасы Луис абага турмушка чыкса, Эсперансаны алыскы бир шаарга жөнөтүп жиберет, апасы экөө чогуу жашай албай калышат.

– Жок, – деп шыбырады ал.

– Силер чын эле биз менен кетейин дейсиңерби? – деп сурады Гортензия.

– Ооба, – деди апасы кайраттанып, – бирок азыр чек арадан өтүш кыйын болуп калды. Биздин документтерибиз күйүп кетти, бизди визасыз өткөрбөйт.

– Аны мага койгула, – деди таенеси. – Менин кечилканадагы эжелерим документтердин көчүрмөлөрүн таап беришет.

– Муну эч ким билбеш керек, сеньора, – деди Альфонсо. – Эгер кете турган болсок, эч кимге айтпайлы. Эгер Луис билип калса, намыстанып бизди өлкөдөн чыгарбай коёт.

Апасы кейиштүү үн катты:

– Ооба, бул ал үчүн уят болот да, туурабы?

– Калифорнияда талаа жумушу гана бар, – деди Мигел.

– Мен сен ойлогондой чабал эмесмин, – деп жооп берди апасы.

– Биз бири-бирибизге жардамдашабыз, – деп Гортензия апасын кучактады.

Таенеси Эсперансанын колун кысты.

– Баарын кайра баштагандан коркпо. Мен сендей кезимде атам, апам, эже-синдилерим болуп Испаниядан кеткенбиз. Мексикалык бир кызматкер атама иш сунуш кылгандыктан, үч жолу кеме которуп, бир нече ай жол жүрүп келсек, Мексикада айткандарынын бири да жок болуп чыкты. Туура, кыйын мезгил эле, бирок биз жашоодон ыракат алганды билчүбүз. Бири-бирибизге жөлөк болчубуз.

Эсперанса, баягы күлдөн кайра жаралган күкүнөс деген сулуу куш жөнүндөгү жомок эсиндеби?

Эсперанса баш ийкеди. Абуэлита ага бул жомокту көп жолу окуп берген.

– Биз күкүнөскө окшошпуз, – деди Абуэлита. – Биз кайра жаралабыз да, жашоо кайра башталат.

Ыйлап аткан Эсперанса бет аарчы менен жашын сүрттү. Ооба, алар Калифорнияда жашашат. Алардын кооз үйү болот. Альфонсо, Гортензия жана Мигел каралашат, ошентип, абаларынан кутулушат. Таенеси да жакшы болору менен келет. Кайраттана түшкөн Эсперанса бышактап атып:

– Мен да... мен да иштей алам, – деди.

Бардыгы аны карап калышты да, атасы өлгөндөн бери биринчи жолу күлүштү.

***

Эртеси таенесинин эжелери араба менен келишти. Кара кийимчен кечил кемпирлер таенесин акырын тургузуп, ээгине чейин жууркан менен орошту. Эсперанса таенесинин жанына барып, колунан кармады. Баягы Альфонсо менен Мигел атасын арабага салып алып келген түн эсине түштү. Ал качан болду эле? Болгону бир аз эле күн өткөнүн билип турса да, анын баары башка жашоодо болгондой сезилип турду.

Эсперанса таенесин назик кучактап өптү.

– *Ми ниета*, – деди таенеси, – биз эми көпкө чейин кабарлаша албай калабыз го. Почтага ишенчилик жок,

сенин абаларың эми менин каттарымы аңдыйт болушу керек. Бирок мен артыңардан барам, андан камтама болбо. Мени күткөнчө муну бүтүрүп кой, – деп Эсперансага бир түйүнчөк карматты. – Жүк жапкычтагы түркүн оюуларды кара. Тоолор жана өрөөндөр. Сен азыр ылдый жактасың, бардык кыйынчылыктар сага эбегейсиз зор сыяктуу сезилет, бирок сен кайра эле тоонун чокусуна чыгасың. Нечендеген тоолор менен өрөөндөрдөн өткөндөн кийин биз кайра чогуу болобуз.

Эсперанса ый аралаш айтты:

– Жакшы болуп кет, таене. Тезирээк кел.

– Убада берем. Сен да апаңы жакшы карайм деп убада бер.

Анан кезеги апасына келгенде, Эсперанса алардын коштошуусун карап туруп, зээни кейиди. Башын Гортензиянын далысына коюп, араба кеткенче бурулбай турду.

Эсперанса кечил кемпирлер таштап кеткен кайыш боолуу эски чемоданды эми байкады.

– Мында эмне бар? – деп сурады ал.

– Биздин документтер, анан кедей үй-бүлөлөр үчүн кийимдер.

– Кедей үй-бүлөлөр үчүн?

– Боорукер адамдар колунда жокторго соопчулук үчүн кийим беришет, – деди апасы.

– Апа, биз азыр кайдагы бир кедей үй-бүлөнүн камын көргүдөй болуп турабызбы?

– Эсперанса, – деди апасы, – биздин акчабыз жок калды. Гортензия, Альфонсо жана Мигел мындан

нары бизге кызматчы эмес. Бизге каралашып, келечектен үмүттөндүргөнү үчүн аларга карыздарбыз. А бул кедейлерге деген кийим эми биздики.

***

Алардын ишене турган жападан жалгыз кишиси сеньор Родригес эле. Күүгүм киргенде кайгы түшкөн үй-бүлөгө анжир алып келимиш болуп келчү. Эсперанса ар түнү жерге салынган төшөктө жатып, чоңдордун келечек пландарды акырын талкуулап жатканын укчу. Анан эч ким жебеген анжирдин жытын жыттачу.

Жуманын аягында, Эсперанса Гортензия менен Альфонсонун кепесинин тепкичинде отурганда, Луис аба келди. Аттан түшпөй туруп, Альфонсого апасын чакырууну буюрду.

Бир аздан кийин алжапкычына колун сүртүп апасы чыкты. Ал башын бийик көтөрүп, кечил кемпирлер берген кедейлердин кийими менен да сулуу сынынан жазбай турду.

– Луис, мен ойлонуп көрүп, биздин жумушчулар жана Эсперанса үчүн сизге турмушка чыгайын деп чечтим. Бирок сиз бак отургузуу менен курулушту дароо баштоого тийишсиз, анткени кызматчыларга жумуш керек.

Эсперанса күлкүсүн жашырыш үчүн унчукпай жер карап турду.

Луис аба ыраазы болуп, оозу жалжая түштү.

– Мен сиздин акылдуу аял экениңизди билгем, Рамона. Муну бүгүн эле элге жарыя кылам.

Апасы баш ийкеп, ал турсун жүгүнгөнсүп койду.

– Дагы бир өтүнүч, – деди ал. Абуэлитага барып келиш үчүн араба керек болуп жатат. Ал Ла-Пурисимадагы кечилканада. Мен ага эки-үч жумада бир барып турушум керек.

– Мен арабаны бүгүн эле жиберем, – деди абасы жылмайып. – Жаңы араба. А бул эмне деген кийим, Рамона! Бул сиздей аялга жарашпайт. Эсперанса болсо кайырчыдай болуп калыптыр! Кийинки жумада жаңы кездемелер менен тикмечини жөнөтөм.

Эсперанса жагынымыш болуп:

– Ыракмат, Луис аба! Кам көргөнүңүзгө сүйүнүп атам, – деди.

– Албетте, – деди ал кылчайып койбостон.

Эсперанса жылмайып койду, анткени аны менен бир түн да бир үйдө болбосун жана эч качан өгөй ата боло албасын билип турган. «Качып кеткенибизди уккандагы анын жүзүн бир көрсөм, – деп ойлоду ал. – Жылмайганын ошондо көрөт элем».

***

Эртең тикмечи келет деген түнү апасы Эсперансаны ойготуп, көтөрө ала турган буюмдарын гана алышып, үйдөн чыгышты. Эсперансанын колунда кийим салган чемодан, *тамалес*[1] салынган баштык менен атасы белек кылган куурчак бар эле.

---

[1] *Тамалес* – жүгөрү унунан эт жана татымалдар кошулуп жасалган пирогдор.

Апасы, Гортензия үчөө тең көрүнбөйлү деп кара жоолук оронуп алышты.

Жол менен жүрүү кооптуу болгондуктан, Мигел менен Альфонсо аларды атасынын жүзүм багы менен Родригестердин ранчосуна чейин ээрчитип жүрүп отурушту. Ай жарык эле, алар өрттөнүп кеткен жүзүмдөрдүн тоого чейин кеткен жөөктөрүн көрүштү.

Алар атасынын жери менен сеньор Родригестин ранчосун бөлүп турган анжир дарактарына жетишти. Альфонсо, Гортензия жана Мигел алдыга кетишти, Эсперанса буйдала калып, апасын да токтотуп, артка кылчайып, кайран гана Ранчо де лас Росасты карап туруп калышты.

Курбуларын, мектебин, көнгөн турмушун, Абуэлитаны, анан да атасын таштап кетип баратканын ойлоп, Эсперансанын жан дүйнөсүндө кайгы менен каар аралашып кетти. Атасын биротоло таштап кетип баратканын сезди.

Апасы анын оюн билип алгандай:

– Биз кайда болсок да, атаңын жүрөгү бизди таап алат.

Анан апасы оор улутунду да, шартылдап басып жөнөдү.

Эсперанса артынан ээрчиди, бирок бир аз басып эле кылчактап карай берди. Эч кеткиси келген жок, бирок кантип калмак эле?

Кадам сайын атасынын жери алыстай берди. Эсперанса апасынан калбоого аракет кылып ылдамдай басты. Ал үйүнө эч качан кайра келбесин билип баратты. Луис абасына болгон жек көрүүсү толуп-

ташып турду. Акыркы жолу кылчайып артын карап, өзү тебелеп кеткен бышкан анжирлерден башка эч нерсени көрө алган жок.

# *LAS GUAYABAS*
# Гуаява[1]

Алар анжир багынан чыгары менен алмурут багына туш болушту. Ачыгыраак жерге барганда, сеньор Родригес көрүндү, ал сарайдын жанында кол чырак кармап күтүп туруптур. Ашыгып сарайга кирери менен, чочуган көгүчкөндөр учуп чыгышты. Сарайда көк гуаява салынган үкөктөр жүктөлгөн араба туруптур.

– А Марисоль келген жокпу? – деп сурады Эсперанса сарайды айландыра карап.

– Мен силердин кетип жатканыңарды айтпашым керек болду, – деди сеньор Родригес. – Убагы келгенде, мен ага сенин коштошоюн деп издегениңди айтам. Азыр болсо тездеш керек, таң атып кетет.

Альфонсо, Мигел жана сеньор Родригес арабага дагы бир кабат жасашты: арабанын түбү менен үкөктөрдүн ортосунда апасы, Эсперанса, Гортензия жата турган оюк пайда болду. Гортензия төшөк салды. Эсперанса качуунун планын билчү, бирок азыр жата турган жерди көрүп тайсалдай түштү:

– Мен Альфонсо менен Мигелдин жанына отурсам болобу?

– Болбойт, алтыным.

---

[1] *Гуайява* – жемиш дарагынын мөмөсү.

– Каракчылар өтө көп, – деди Альфонсо. – Түнкүсүн аялдар үчүн жол жүрүү коркунучтуу. Анын үстүнө абаңардын тыңчылары бардык жерде бар экенин унутпа. Ошондуктан Агуаскальентеске эмес, Сакатекаске чейин барып, поездге ошол жерден отурууга туура келет.

– Луис үйлөнө турганын элдин баарына жарыялап койду, – деди Гортензия. – Силердин кетип калганыңарды укса, кандай каардана турганын элестетип көр. Силерди эч ким көрбөшү керек.

Апасы менен Гортензия сеньор Родригеске алкыш айтып коштошушту да, арабага жайгашышты. Эсперанса кыйыктанып туруп алардын ортосуна чалкасынан жатты.

– Качан сыртка чыгабыз?

– Маал-маалы менен токтоп, эс алып турабыз, – деди апасы.

Эсперанса бетинен бир нече дюймдай[1] ары турган тактайларды тиктеди. Альфонсо, Мигел жана сеньор Родригес тактайдын үстүнө гуаява толо үкөктөрдү жүктөп жатканы угулуп турду. Бышкан жемиштерден алмурут менен апельсиндин аралаш жыты келип жатты. Альфонсо менен Мигел арабанын артын жаап жатканда, Эсперанса гуаяварлардын бутуна карай тоголонгонун сезди. Арабаны жолдон бирөө көрсө, фермер уулу менен базарга бараткан экен деп ойломок.

---

[1] *Дюйм* – аралык ченем бирдиги, 2,54 смге барабар.

– Кантип атасыңар? – деп сурады Альфонсо, алыстан сүйлөгөнсүп.

– Жакшы эле, – деп жооп берди Гортензия.

Араба ордунан жылды. Капкараңгы болуп, кимдир-бирөө аларды бирде ары-бери, бирде өйдө-ылдый катуу терметип жаткандай сезилди. Эсперанса буту менен тактайды ыргыта тээп тышка чыга аларын билип турса да, капканга түшкөндөй болуп жатты. Бир маалда тумчугуп баратканын туйду.

– Апа! – деди ал аба жетпей.

– Мен жанындамын, Эсперанса. Баары жакшы.

– Эсиңдеби, – деди Гортензия колунан кармап, – биз уурулардан бекинбедик беле? Сен ошондо беш жашта болчусуң. Кандай эр жүрөк кыз элең! Ата-энең, Альфонсо жана башка кызматчылар шаарга кетишкен. Үйдө сен, мен, Мигел үчөөбүз гана калганбыз. Биз сенин уктоочу бөлмөңдө отурганбыз, мен сенин көк жибек көйнөгүңүн этегин бүгүп тигип жаткам. Жаңы туфлим көрүнсүн, кыскараак кылып бүгүп бер деп сурангансың.

Эсперансанын көзү караңгыга, өзү арабанын терметкенине көнө баштады.

– Мигел каракчыларды көрүп, үйгө чуркап кирген эле, – деди Эсперанса.

Анан Гортензия көйнөгүнүн этегин өлчөп жатканда, учуп кетчү чымчыктай болуп эки колун жайып отургучтун үстүндө турганын эстеди. Өңү кара, жапжаңы, жалтылдаган туфлиси да эсине түштү.

– Ии, – деп ырастады Гортензия. – Мен терезеден карасам, алты киши туруптур. Жүздөрүн жоолук

менен жаап, курал менен жүрүшүптүр. Алар байларды талап-тоноп, аны кедейлерге таратып бергенге акыбыз бар деп айтышчу. Бирок алар талап-тоногондорун кедейлерге беришчү эмес, кээде күнөөсүз кишилерди өлтүрүп коюшчу.

– Биз керебеттин алдына бекингенбиз, – деди Эсперанса, – жабууну түшүрүп койгондуктан, бизди эч ким көргөн эмес.

Анан ошондо азыр арабадагы тактай сыяктуу керебеттин тактайын карап жатканын эстеди да, терең дем алды.

– Бирок биз Мигелдин чөнтөгүндө килейген чычкан бар экенин билген эмеспиз, – деди Гортензия.

– Ооба, ал мени коркутайын деген экен, – деди Эсперанса.

Араба кычырап, ары-бери термелип баратты. Альфонсо менен Мигелдин күңүрт үнү угула калып жатты. Гуаяванын жыты мурунга уруп турду. Эсперансанын көңүлү бир аз жайланып калды.

Гортензия сөзүн улады:

– Уурулар үйгө кирип, идиш салган текчени ачып, күмүш идиш-аяктарды алышты. Анан тепкич менен жогору чыгып, экөө уктоочу бөлмөгө келатканын, биз керебет жапкычтын алдынан алардын килейген чокойлорун көрүп турсак да, үн чыгарган жокпуз.

– Мага төөнөгүч кирип кетип, керебетти тээп ийгем.

– Таап алат экен деп жанымын чыкканычы, – деди Гортензия.

– Бирок Мигел керебеттин алдынан чычкан ыргытып ийген, ал болсо чыйылдап ары-бери чуркаган. Уурулар адегенде коркуп кетип, анан күлүп ийишкен да, бирөө: «Чычкан турбайбы! Болду, кеттик!» – дешип кетип калышкан, – деп эстеди Эсперанса.

– Алар күмүш идиш-аяктын баарын алып кетишкен, – деди апасы, – бирок биз атаң экөөбүз силердин аман калганыңарга сүйүнгөнбүз. Эсиңдеби, атаң Мигелди акылдуу, эр жүрөк бала экен деп айтып, анан сени коргоп калганы үчүн кандай сыйлык алгысы келерин сураган.

– Мигел поездге түшкүм келет деп айткан, – деп эстеди Эсперанса.

Гортензия акырын кучактап койду, апасы колунан кармады.

Мигел экөөнүн Сакатекаска поезд менен барып келгени кечээ эле болгондой сезилди. Бул Мигелдин сыйлыгы болчу. Ал сегиз жашта, Эсперанса беште эле. Ошондо кооз көк жибек көйнөгүн кийип барган, Мигел болсо Гортензия таптаза жууп, крахмалдап койгон жаркыраган көпөлөк галстугун тагынып станцияда турган. Чачы жылма таралып, көздөрү таң калгандан жалжылдап, перронго акырын жылып келаткан паровоздон көзүн алган эмес. Эсперанса да абдан элеп-желеп болгон.

Поезд күшүлдөп келип токтогондо, жүк ташуучулар карбаластап жүргүнчүлөрдү вагондорго узатышкан. Атасы балдарды колунан жетелеп поездге кирип отурган соң, узатып калган Альфонсо менен Гортензияга кол булгалаган. Эсперанса менен Мигел

купедеги жумшак кайыш капталган орундуктарга жайгашкандан кийин, вагон-ресторанга барышкан болчу. Күмүш жана хрусталь идиш-аяктар коюлган кичинекей столго отургандан кийин, официант келип, эмне алып келейин дегенде, Эсперанса:

– Бизге тамак бериңиз, – деп сураган эле.

Соңку модада кийинген шляпачан эркектер менен аялдар эки балалуу мээримдүү атаны карап жылмайышкан. Сакатекаска келгенде, ачык түстүү жоолукчан аял вагон кыдырып, таякчага сайылган манго[1] сатып жүрүптүр. Мангону тазалап, гүл сыяктуу формада кесип коюшуптур. Атасы бирден манго сатып берген. Кайра келатканда, Эсперанса менен Мигел мурундарын терезеге такап, мангонун ширесинен улам батташкан колдорун көрүнгөнгө булгалап келишкен.

Араба жолдогу чуңкурга туш болуп, катуу секирди. Эсперанса Сакатекаска азыркыдай калдыраган араба менен эмес, ошондогудай зыпылдаган поезд менен баргысы келди. Азыр болсо жемиштерге көмүлүп жатып, эч кимге да кол булгалай албайт. Ыңгайлуу да эмес. Атасы да жок.

***

Бирөөдөн калган эски көйнөктү кийген Эсперанса Сакатекастын станциясында турду. Эски көйнөк чак келбей шөлбүрөп, анан калса көйнөктүн өңү да көзгө

[1] *Манго* – жемиш дарагынын мөмөсү.

жагымсыз боз сары экен. Арабадан чыкканына бир топ убакыт болсо да, дагы эле гуайява жыттанып турду.

Сакатекаска чейин эки күн жол жүрүшүп, бүгүн эрте менен гана арабадан түшкөн соң, аны бадалдын арасына катып коюп, шаарга киришти. Оор сапардан кийин Эсперанса эртерээк эле поездге отурсак экен деп тиледи.

Күшүлдөп түтүн бүрккөн поезд эсепсиз вагондорду сүйрөп келатты. Бирок бул жолу алар баягы кайыш орундуктары бар сонун вагонго же кардай аппак стол жапкычтары бар вагон-ресторанга отурушкан жок. Анын ордуна Альфонсо аларды Эсперанса чиркөөдөн көргөндөй жыгач орундуктары бар вагонго алып барды. Бет маңдай коюлган орундуктарда көптөгөн дыйкандар отурушуптур. Жердеги таштандылардан чириген жемиштер менен зааранын жыты урат. Алдына улагын алып отурган тиши жок киши Эсперансаны карап ырсайып күлдү. Жыңайлак үч бала, бир кыз апасынын жанында турушуптур. Алардын буттары жолдун чаңынан бопбоз болуп, чачтары жүндөй чатышып, арык денелерин салбыраган кийимдери эптеп эле жаап турат. Вагонго кирген бир тилемчи кемпир иконасын[1] мыкчый кармап, бир колун жайып кайыр сурап жүрдү.

Буга чейин Эсперанса мынчалык көп дыйкандарга туш болгон эмес. Мектептеги курбулары да өз

---

[1] *Икона* – католик жана православие growthинде Иса Пайгамбардын (Иисус Христостун), Кудай эненин жана пайгамбарлардын сүрөтү.

чөйрөсүнөн эле. Шаарга барганда, бирөө кошо жүрүп, Эсперансага тилемчилерди жолотчу эмес. Дыйкандар да дайыма обочо турушчу. Салт ушундай эле. Эми болсо ал карапайым эл менен бир вагонго түшкөнүндө булар бирдемемди уурдап кетпегей эле деген ойдон кутула албай турду.

– Апа, – деди Эсперанса эшиктин жанына токтой калып, – биз бул вагондо кантип кетебиз? Ыплас экен. Бул адамдарга да ишенген болбойт.

Эсперанса Мигелдин кабагын чытып жанынан өтүп барып, ордуна отурганын көрдү.

Апасы аны колунан алып, бош отургучка барды. Эсперанса терезенин жанына отурду.

– Атам мындай вагонго түшкөнгө эч качан жол бермек эмес. Абуэлитага да бул жакмак эмес, – деди ал көшөрүп.

– Айланайын кызым, башка вагонго акчабыз жетпейт, – деп жооп берди апасы. – Колдо барына ыраазы болушубуз керек. Мага да оңой эмес. Бирок эсиңде болсун, биз Луис абаң менен эмес, экөөбүз чогуу жашай турган жерге баратабыз.

Поезд жылып, дөңгөлөктөр бир калыпта шакылдай баштады. Гортензия менен апасы тор токуп киришти. Апасы кичинекей илме шибегелери менен ак жиптен айнек чырактын же гүл салгычтын алдына сала турган тор токуп жатты. Ал аны Эсперансага көрсөтүп, жылмайды:

– Үйрөнөсүңбү?

Эсперанса башын чайкады. Эмне үчүн апасы тор токуп отурат? Эми алардын гүл салгычы да, чырагы

да жок. Башын терезеге сүйөдү. Бул жер ага ылайык эмес экенин, анткени ал – Ранчо де лас Росастан чыккан Эсперанса Ортега экенин ойлоду. Колун көкүрөгүнө кайчылаштыра, терезеге тигилди.

Убакыт өтүп жатты, Эсперанса болсо терезенин ары жагындагы учу-кыйырсыз адырлуу талааны карап баратты. Баары ага артта калган нерселерди эстетип жаткандай сезилди: кактустарды көргөндө, анын жемишин кесип туруп уксус менен майга салып жегенди жакшы көргөн Абуэлитаны эстеди; поезддин артынан үрүп чуркаган айылдардын майда иттерин көрүп, Марисоль эсине түштү, анткени анын Капитан деген ити да ушинтип чуркай берчү. Жол боюнан ыйыктардын кичинекей эстелиги бар кресттерди көргөн сайын, кимдир-бирөөнүн атасы жолдо каза болуп, кайсы бир жерде мендей бир кыз атасын эстеп, куса болуп отурат болуш керек деген ой кылт эте түшүп жатты.

Эсперанса чемоданын ачып, куурчагын алды да, көйнөгүн оңдоп койду. Кичинекей жыңайлак кыз ага чуркап келип:

– Куурчак! – деп колун созду.

Эсперанса куурчагын дароо чемоданга салды да, үстүнө эски кийимдерди жаба койду.

– Куурчак! Куурчак! – деп кыйкырган кичинекей кыз кайра апасына чуркап барып ыйлап жиберди.

Апасы менен Гортензия илме шибегелерин кармаган бойдон селейе Эсперансаны карап калышты.

Апасы болсо тиги кыздын апасына карап:

– Кызымын жаман жоругу үчүн кечирим сурайм, – деди.

Эсперанса апасын таң калып карады. Ал эмне үчүн булардан кечирим сурап атат? Апасы экөө дегеле бул вагонго отурбашы керек болчу.

Гортензия ордунан туруп:

– Мен Альфонсо менен Мигелге барып келейинчи, станциядан *тортилья*[1] алышты бекен, – деп чыгып кетти.

Апасы Эсперансаны карады:

– Тиги кыз куурчагыңды бир аз кармап турса, эч нерсе болбойт эле да.

– Апа, ал кедей, анан бети-колу кир турбайбы? – деди Эсперанса.

Апасы анын сөзүн бузуп ийди:

– Кызым, булардан жийиркенсең, Мигел, Гортензия жана Альфонсодон да жийиркенген болосуң. Сен экөөбүздү тең ыңгайсыз абалга калтырып жатасың. Моюнга алыш канчалык оор болгону менен, биздин жашообуздун шарты абдан өзгөрүп, начарлаганын сен түшүнүшүң керек

Жанагы кыз дагы эле ыйлап жатты. Бети ушунчалык кир болгондуктан, жаш аккан жерлеринде агарган издер калды. Эсперанса уялып, бети кызарып кетти, бирок чемоданын ого бетер ичкери жылдырып, апасынан обочо отуруп алды.

Эсперанса кызды карабаганга аракет кылды, бирок болгон жок. Кыздын апасына эски

---

[1] *Тортилья* – жүгөрү нан.

оюнчуктарын жетимдерге берип жүргөнүн, бирок бул өзгөчө куурчак экенин айткысы келди. Анын үстүнө тиги кыз куурчакты булгап салмак.

Апасы сумкасын алды да, андан бир ором жоон жүн жип алып чыкты.

– Эсперанса, колуңду сунчу. – Ал кызына кашын серпип, башын ийкеди. Эсперанса анын эмне кыларын билди. Мындайды алар көп кылышкан.

Жипти Эсперансанын сунган колдору көрүнбөй калганча элүү чакты ирет ороду. Анан жипти ортосунан алып, катуу байлады. Бир аз жогортон байлап, баш жасады да, ылдый жагын бир нечеге бөлүп, колу-бутун жасады. Жиптен жасалган куурчакты тиги кызга сунду эле, ал күлүп чуркап келип алды да, кайра апасына барды.

Апасы кыздын кулагына бирдеме деп шыбырады. Кыз уялып:

– *Gracias*. Ыракмат, – деди.

– *De nada*. Эч нерсе эмес, – деди апасы.

Поезд кийинки жолу токтогондо, жанагы аял балдары менен түшүп калды. Эсперанса тиги кыздын терезенин тушуна токтой калып, апасына кол булгалаганын, дагы бир жолу жылмайып күлгөнүн көрдү. Анан куурчагын да кол булгалатты.

Эсперанса кыздын жанагы күлкү келерлик куурчакты алып түшүп кеткенине сүйүндү, болбосо Эсперансага өзүмчүлдүгүн эстетип, апасы да жолду катар ачуулана бермек.

***

Дүкү-дүк, дүкү-дүк, дүкү-дүк. Поезд түндүккө карай бир калыпта ырдап баратты. Апасынын жибиндей созулган убакыт өтпөй жатты. Күн сайын Сьерра-Мадре тоосунан чыккан күн кызыл карагайлардын арасынан көз уялтып жаркырайт. Кечке маал сол жактан батат да, карарып бараткан асманга кызарган булуттарды калтырып, тоо чокуларын кызылга боейт. Станциялардан адамдар чыгып-түшкөндө, Эсперанса башка жүргүнчүлөр менен бирге орун которот. Вагондо эл көп болгондо, туруп да бара жатышты. Эл азайганда, чемодандарын жазданып, катуу отургучтарда уктаганга аракет кылышат.

Мигел менен Альфонсо поезд токтогон сайын бир түйүнчөктү алып чыгып жатышты. Эсперанса аларды терезеден карап турат. Алар суу чыккан жерге барышат да, түйүнчөктү ачышып, ичиндегини сууга чылашат. Анан аны кайра орошот да, вагонго келип, тигини Альфонсонун сумкасына этият салып коюшат.

– Мында эмне бар? – деп сурады Эсперанса Альфонсодон бир жолу поезд кезектеги станциядан жылганда.

– Барганда көрөсүң, – деп жылмайган Мигел экөө тиктеше түштү.

Түйүнчөктү ары-бери алып жүрүп, ичинде эмне бар экенин айтпаган Мигелге кыжыры келди. Гортензиянын кыңылдап ырдап отурганынан, апасынын тынымсыз тор токуганынан тажап кетти.

Алар адаттан тыш, эч нерсе болбогондой баратышат. Бирок баарынан да Мигелдин поезддер тууралуу айта бергенинен тажады. Ал поезддеги кызматчылар менен сүйлөшөт. Поезд токтогон сайын вагондон түшүп, машинистти карайт. Поезддердин каттамын билип келип, Эсперансага айтып берет. Эсперанса канча кыжырланса, ал ошончолук бактылуу болуп баратат.

– Калифорнияга барганда, темир жолдо иштейм, – деди Мигел алысты карап. Алар тизелерине кагаз жайып, *пепино*[1] менен *чили*[2] жеп жатышты.

– Суусадым. Башка вагондордо суусундук сатат бекен? – деп сурады Эсперанса.

– Мен Мексикада да темир жолчу болуп иштемекмин, – деп сөзүн улады Мигел, Эсперансанын сөздү башкага бургусу келгенин байкабай. – Бирок Мексикада ишке кириш кыйын. Темир жолго жумушка кирүү үчүн тааныш керек. Менин таанышым жок, бирок сенин атаңын тааныштары бар болчу. Мен бала кезимде атаң мага жардам берем деп убада кылган эле. Ал сөзүндө турмак... Ал убадасын дайым аткарчу.

Атасын айтканда, Эсперансанын жүрөгү кайра сыздап, Мигелди карады. Мигел бурулуп терезени карап калды, бирок Эсперанса анын көзү жашылдана түшкөнүн байкап калды. Атасынын Мигел үчүн канчалык маанилүү экени ушуга чейин оюна келбептир. Мигел жөнөкөй кызматчынын баласы

---

[1] *Пепино* – туздалган бадыраң.
[2] *Чили* – ачуу калемпир.

болгону менен, атасы эркек баласы жок болгондуктан, ага өз уулундай мамиле кылып жүргөнүн азыр түшүндү. Бирок эми атасы жок, анын таасири да жок. Эми Мигелдин кыялдары эмне болор экен?

– А Кошмо Штаттарда кандай экен? – деп сурады Эсперанса акырын.

– Ал жакта тааныш-билиштин кереги жок деп уктум. Эгер жакшы иштесе, эң кедей адам да байып кетет дешет.

***

Төрт күн, төрт түн жол жүрдүк дегенде вагонго бир аял кирди, анын колундагы зымдан токулган капаста алты кызыл тоогу бар экен. Алар катуу какылыктап, канаттарын каккылаганда кызгылт-күрөң жүндөрү вагондун ар кайсы тарабына учту. Ал аял апасы менен Гортензиянын маңдайына отуруп, бир нече мүнөттүн ичинде эле аты Кармен экенин, сегиз баласы менен жесир калганын, агасынын үйүндө турарын, анын жаш балдарын багышарын айтканга үлгүрдү.

– Момпосуй жейсиңби? – деп сурады ал Эсперансадан сумкасын ачып.

Эсперанса апасын карады эле, ал жылмайып, башын ийкеди.

Тарткынчыктап турса да аял ачып турган сумкасына колун салып, бир ууч кокос момпосуй алды. Мурун апасы чоочун адамдардан, өзгөчө кедейлерден момпосуй алганга эч уруксат берчү эмес.

– Сеньора, тоокторду эмне үчүн алып алгансыз? – деп сурады апасы.

– Жумуртка сатып, үй-бүлөмү багам. Агам тоок өстүрөт, ал буларды мага берди.

– Ошончо баланы ушинтип эле багып жүрөсүзбү? – деп сурады Гортензия.

Кармен күлүп койду:

– Мен кедеймин, бирок баймын. Балдарым, роза өскөн багым, Кудайга ишеничим жана эстей турган адамдарым бар. Дагы эмне керек?

Гортензия менен апасы жылмая баш ийкешти. Бир азга ойлоно түшкөн апасы көз жашын сүрттү.

Үч аялдын сөзү кайра уланды, поезд болсо буудай талааларын, апельсин бактарын, адырда жайылып жүргөн уйларды жандай өтүп баратты. Алар сүйлөшө беришти, поезд шаарчалардан өткөндө, дыйкандардын балдары кошо чуркай түшүп, кала берип жатышты. Апасы Карменге атасынын эмне болгонун, Луис аба жөнүндө айтып берди. Тыңдап бараткан Кармен боор ооруп, тооктору сыяктуу какылыктап коюп жатты. Эсперанса бирде апасын, бирде Кармен менен Гортензияны карап баратты. Кармендин өз турмушун оңой эле айтып берип, анан апасы менен маектеше кеткенине катуу таң калды. Бул ага туура эместей сезилди. Апасы дайыма адеп сактап, айта турган, айтпай турган нерселерди жакшы билчү. Агуаскальентесте ал жумуртка саткан аял менен мындай сүйлөшмөк эмес, азыр болсо божурашып отурат.

– Апа, – деп шыбырады Эсперанса, апасынан көп жолу уккан үн менен, – бул кедей аялга биздин көйгөйлөрүбүздү айтып атканың туурабы?

Апасы күлүп жибере жаздап токтоду. Анан ага шыбырады: – Баары жайында, Эсперанса. Эми биз өзүбүз кедейбиз.

Эсперанса унчуккан жок. Апасына эмне болгон? Поездге түшөрү менен эле анын бардык эрежелери өзгөрүп кеттиби?

Кармендин шаарына келгенде, апасы ага өзү токуган кооз торлордон үчтү белекке берди.

– Сиздин үйүңүзгө, – деди ал.

Кармен болсо ага жип менен байланган эски баштыктагы эки жөжөнү белек кылды:

– Силердин келечегиңер үчүн.

Анан апасы, Гортензия жана Кармен эски курбулардай кучакташып коштошушту.

– *Buena suerte*,[1] – дешти алар бири-бирине.

Альфонсо менен Мигел Карменге поездден түшкөнгө жардам беришти. Сумкасы менен тооктор салынган капасын жеткирип беришти. Кайра келген соң, Мигел терезенин жанына Эсперанса менен катарлаш отурду. Алар Карменди балдары тосуп алганын, кичинекейлери ага жабыша калганын карап отурушту.

Перрондо бир майып индеец аял жакшынакай кийинген (апасы менен Эсперанса да мурун ушундай кийинишчү) айымдар менен мырзаларга тизелеп

---

[1] *Buena suerte (исп.)* – Ийгилик каалайм!

жылып барды да, кайыр сурады. Тигилер артын сала бурулуп кетишти, Кармен – майып аялдын жанына барып, тыйын, бир нече жүгөрү нан берди. Тилемчи аял ага карап чокунуп, ыракмат айтты, анан Кармен балдарын ээрчитип кетти.

– Ал сегиз баласын жумуртка сатып эптеп багып жүрөт. Ошентип жүрүп да апаңа эки тоок берип, майып аялга жардам берди, – деди Мигел. – Байлар байларга кам көрөт, кедейлер өзүнөн кедейлерге жардам берет.

– Эмне үчүн Кармен тиги тилемчи аялга жардам берди? – деп сурады Эсперанса. – Тигине, базарда азык-түлүк жүктөлгөн арабалар толуп турбайбы.

Мигел Эсперансаны карады да, кабагын түйүп, башын чайкады: – Мексикалыктардын бир макалы бар: «Тойгон курсак менен испан каны эрчишип жүрөт» деген.

Эсперанса аны карап, кашын серпти.

– Сен эч байкаган жок белең? – деп сурады Мигел таң калып. – Биздин өлкөдө эң байлар – испан тектүү ак жуумал адамдар.

Эсперанса капыстан өзүн күнөөлүү сезип кетти, бирок муну байкабагандыгын же Мигелдин айтканы туура экенин мойнуна алгысы келбеди. Анын үстүнө эми Кошмо Штаттарга баратышпайбы, ал жерде баары башкача болот.

Эсперанса ийинин куушурду:

– Кемпирлер ар нерсени айта беришет да.

– Жок, – деди Мигел, – муну кедейлер айтып жүрүшөт.

# *LOS MELONES*
# Канталупа[1]

Алар Мексиканын чек арасына эрте менен келишти. Акыры поезд токтоду да, эл вагондордон чууруп чыкты. Жер кургак жана таштак келип, пальмалар менен кактустардан башка нерсе жок экен. Анда-санда гана жүгүрүп жүргөн тыйын чычкан же Калифорния күкүгү көзгө чалдыгат. Узатуучулар келген элди бир имаратка алып барып, ал жерде иммиграциялык текшерүүдөн өтүш үчүн узун кезекке турушту. Эсперанса башкы вагондордон чыккандарды кыска кезекке алып барышканын, алар тез эле өтүп кетишкенин байкады.

Жел кирбеген имараттын ичи тер сасып турду. Эсперанса менен апасынын жүздөрү майланышып, терден жалтырайт. Алар ушунчалык чарчагандыктан, жеңил чемодандары да өтө оордой сезилип турду. Эсперанса кезеги жакындаган сайын кыжалат боло баштады. Кагаздарын карап, баары жайында деп ойлойт. Бирок иммиграция кызматкерлери ката таап алса эмне болот? Абаларына кайра жибереби? Же камакка алып, түрмөгө отургузуп коюшабы?

---

[1] *Канталупа* – коондун бир түрү.

Ал, кезеги келгенде, документтерин иммиграциялык кызматкерге берди. Анысы жөнү жок эле каарданып тургандай туюлду.

– Каяктан келдиңер?

Эсперанса артында турган апасын карады.

– Агуаскальентестен келдик, – деди апасы бир кадам алга жылып.

– Кошмо Штаттарга кандай максат менен келдиңер?

Эсперанса бир нерсени туура эмес айтып коёмбу деп сүйлөгөндөн тартынды.

– Иштегени, – деди апасы өз документтерин берип жатып.

– Кандай иш? – деп сурады тиги киши.

Апасынын кыймылы өзгөрө түштү. Ал койкоюп, менменсинип турду да, шашпастан жүзүн бет аарчы менен сүрттү. Анан иммиграция кызматкерине тик карап, кызматчыга буйрук бергендей жай айтты:

– Көрүп турбайсызбы, баары жайында. Тигинде иш берүүчүнүн аты жазылган. Бизди күтүп жатышат.

Тиги киши апасын сынай карады. Анан кагазды карап, кайра аларга карады.

Апасы андан көзүн албай түз турду.

Эмне үчүн мынча создуктуруп атат?

Акыры ал мөөрүн алды да, ар бир бетке басып чыкты. Анан документтерди кайрып берип, коё берди. Апасы Эсперансанын колунан алды да, ашыккан бойдон башка поездге жөнөштү.

Калган жүргүнчүлөрдүн иммиграциялык текшерүүдөн өтүшүн күтүп бир сааттай турушту.

Эсперанса терезеден кийинки жолдогу Мексикага кайра кете турган поездге бир топ кишилерди кайра артка кайрып отургузуп жатканын көрдү.

– Байкуштарга боорум ооруп атат, – деди апасы. – Ушунча кыйналып жол жүрүп келсе, эми кайра кетирип атышат.

– Эмне үчүн? – деп сурады Эсперанса.

– Себептери көп. Бирөөлөрүнүн документтери жок, бирөөлөрүнүкү жасалма, бирөөлөрдүн жумушка алына тургандыгын ырастаган документи жок. Кээде бирөөсүнүкү эле ушундай болсо, бүт үй-бүлө ажырашкысы келбей калып калат.

Эсперанса апасы экөөнү ажыратып койбогонуна сүйүнүп, анын колун кысып койду.

Альфонсо, Гортензия жана Мигелден башкалардын баары поездге отурушту. Эсперанса алактап карап, барган сайын катуураак толкундана баштады.

– Апа, алар кайда?

Апасы жооп берген жок, бирок Эсперанса кыжалат болуп турганын сезди.

Акырында Гортензия келди. Паровоз ордунан жылганы калды.

Эсперансанын чыдамы кетип сурады:

– Альфонсо менен Мигел эмне болду?

Гортензия терезени көрсөттү:

– Суу издеп жүрүшөт.

Альфонсо менен Мигел поездди көздөй чуркашты. Мигел баягы сырдуу түйүнчөктү кармап күлүп келатты. Поезд жыла бергенде эптеп секирип чыгышты.

Эсперансанын аларга жини келип, кыйкырып урушкусу келди, анткени поезд кетип баратса, кайдагы бир түйүнчөк үчүн суу издеп жүрүшөт. Бирок, аларды алмак-салмак карап турду да, көңүлү жайланып отура кетти. Баары тең ушул жерде, жанында экенине бактылуу болуп, кайрадан поездде баратканына сүйүнгөнүнө өзү да таң калды.

***

– Анса, жеттик! Ойгон!

Ал араң көзүн ачып:

– Бүгүн кайсы күн? – деп сурады.

– Сен көп уктадың. Ойгон! Бүгүн бейшемби. Биз Лос-Анжелеске келдик!

– Тигине, бизди тоскондор! – деди Альфонсо терезе жакты көрсөтүп. – Бизди тосконго агам Хуан, жеңем Жозефина, балдары Исабель менен эгиздер келишиптир.

Тигилердин баары кол булгалашты. Хуан менен Жозефинанын колдорунда жаш балдар. Хуандын муруту жок болсо да, Альфонсонун агасы экени байкалып турат.

Жозефина толук, тегерек бет, Эсперансага караганда ак жуумал экен. Ал жылмайып, бош колун булгалап турду. Анын жанында көйнөгү бир аз көлкөйгөн, жыңайлак аягына туфли кийген, жашы сегиздердеги кыз турат. Балбылдаган кой көзү, узун чачы, ичке буттарынан улам эликтин чаарчыгына

окшоп турду. Эсперанса бул кыз атам белек кылган куурчакка окшош экен деп ойлоп ийди.

Туугандар кучакташып учурашып жатышты.

Альфонсо:

– Таанышып алгыла, бул сеньора Ортега, бул Эсперанса, – деди.

– Альфонсо, мени Рамона деп эле айтчы.

– Болуптур, сеньора. Менин туугандарым сизди жакшы билет, анткени көп жылдардан бери каттарымда жазып жүргөм.

Апасы Хуан менен Жозефинаны кучактап:

– Бизге кылган жакшылыгыңарды эч качан унутпайбыз! – деди.

Мигел абасынын кызын чачынан тартып эркелетип:

– Эсперанса, бул Исабель, – деди.

Исабель Эсперансаны көзүн бакырайта таң калып карады да, шыбырап сурады:

– Сен чын эле ошончолук бай белең? Каалагандарыңын баарын – куурчактарды, кооз көйнөктөрдү дайыма алып беришчү беле?

Эсперанса жини келип, эриндерин кымтыды. Мигел каттарында эмне деп жазгандарын элестетти. Ал карындашына Мексикада алар дарыянын эки жээгинде экенин да жазды бекен?

– Жүк машина даяр турат, – деди Хуан. – Жолубуз узак.

Эсперанса чемоданын алды да, Исабелдин атасын ээрчиди. Айланасын карап, Лос-Анжелесте, чөлдөн айырмаланып, келишкен пальмалар, шибер чөп

көгөрүп, сентябрь болуп калса да, роза гүлдөп турганын көрүп, көңүлү жайлана түштү. Терең дем алды. Жакын жердеги бактан келген апельсиндин жыты тааныш сезилди. Балким мындагы жашоо мурункудан анчалык деле айырмаланбастыр?

Хуан, Жозефина, апасы жана Гортензия эски жүк машинанын ичине кысылып отурушту. Исабель, Эсперанса, Альфонсо жана Мигел кичинекей балдар жана эки кызыл тоок менен бирге ачык кузовго чыгышты. Жүк машина адамдарды эмес, малдарды ташый турганга окшоп турду, бирок Эсперанса апасына эч нерсе деп айткан жок. Анын үстүнө поездде өткөргөн күндөрдөн кийин бут сунуп отурган жагымдуу сезилди.

Эски машина калдыраган бойдон бадалдуу дөбөлөрдү аралап, Сан-Фернандо өрөөнүнөн чыгып баратты. Ал кабинага жөлөнүп отурду, жайылган чачын ысык шамал уйпалап баратты. Альфонсо аларга күн тийбесин деп жыгач тирөөчтөргө калың матадан керип, чатыр сыяктуу кылып койду.

Кичинекей Лупе менен Пепе кара көздүү, коюу кара чачтуу периштелерге окшош эле. Эсперанса алардын окшоштугуна абдан таң калды. Болгон айырмасы кыздын кулагындагы кенедей алтын сөйкө эле. Пепе Эсперансанын алдына отурду. Лупе болсо тердеген башын Исабелдин билегине коюп уктап калды.

– Бул жер дайыма ушундай ысыкпы? – деп сурады Эсперанса.

– Атам кургак абадан улам ушундай дейт. Кээде мындан да ысык болот, – деди Исабель. – Бирок бул жер Эль-Сентродон жакшы, анткени биз мында чатырда жашабайбыз.

– Чатырда?

– Былтыр Империал өрөөнүндө, чек арага жакын Эль-Сентро деген жердеги фермада иштегенбиз. Анда коондун мезгили экен. Чатырда жашап, сууну ташып келип, тамакты эшикте бышырчубуз. Бирок кийин түндүк жакка, Арвинге көчүп кеткенбиз. Азыр ошол жакка барабыз. Айына жети доллар төлөйбүз, атам сарпталган сууну, электрди, үйдөгү ашкананы кошкондо ошончо болот дейт. Ферма – чоң, атам алты миң акр дейт. – Исабель Эсперансага жакындап, чоң сырды айтып жаткандай жылмайды. – Анан мектеп бар. Кийинки жумада мен мектепке барып, окуганды үйрөнөм. Сен окуганды билесиңби?

– Албетте, – деди Эсперанса.

– А сен мектепке барасыңбы? – деп сурады Исабель.

– Мен менчик мектепке барчумун. Мени төрт жашымда беришкен, азыр сегизинчи классты бүттүм. Таенем келгенден кийин жогорку класстарга барат болушум керек.

– Мен мектепке барганда, англисче окуйм, – деди Исабель.

Эсперанса башын ийкеп, жылмайганга аракет кылды. Исабель бактылуу экен, болбогон нерселерге кубана берет турбайбы деп ойлоп койду.

Жыланач күрөң тоолор улам бийиктей берди, бир кызыл куйруктуу карчыга куш машинанын артынан калбай келатты. Машинанын калдырагы жана бир түрдүү пейзаж Эсперансаны тажатып жиберди.

– Дагы канча жүрөбүз?

– Азыр түштөнүш үчүн токтойбуз, – деди Исабель.

Алар сары адырлар менен кете беришти. Бир маалда Хуан машинаны капталдагы жолго буруп, жалгыз дарактын көлөкөсүнө токтотту. Баары машинадан түшүштү, Жозефина жерге төшөк салып, тортилья, *буррито*[1], авокадо жана жүзүм оролгон түйүнчөгүн алып чыкты. Көлөкөдө отуруп, тамак жеп жатышты. Апасы, Гортензия жана Жозефина кобурашып, кичинекейлерди карап отурушту, Исабель Альфонсо менен Хуандын ортосуна жатып, көп өтпөй эле уктап кетти.

Эсперанса жүк машинадан жерге түшкөнүнө, машинанын калдырагын укпай калганына кубанып, четке басты. Эки жакты карагысы келди. Ылдый жакта капчыгайдын ичинде кичинекей суу агат экен. Тынчтыкты шамал менен кургак чөптүн шыбырты гана бузуп турду.

Көп күндөн бери тынбай поезд, машина менен жүрүп, жерге түшө элек болчу. Анан кичинесинде атасынын үйрөткөнү эсине келди: эгер жерге көмкөрөңдөн түшүп унчукпай жатсаң, өрөөндүн жүрөк кагышы угулат.

– Аны бул жерден уга аламбы, ата?

---

[1] *Буррито* – жүгөрү бадырак

Эсперанса көмкөрөсүнөн түшүп, жерди кучактап жатты. Дем тартпай тыңшады.

Эч нерсе угулган жок.

«Чыдап тур – мөмө өзү алаканыңа келип түшөт» деп атасынын айтканын эстеди.

Кайра тыңшады – жымжырт. Дагы аракет кылды, бирок эч нерсе уга алган жок. Өрөөндүн жүрөгү сокпойт. Атасынын жүрөгү да сокпойт. Шамал гана кургак чөптү акырын шуудуратып атат.

Эсперанса ого бетер өжөрлөнүп, кулагын жерге катуураак такады. «Угулбайт!» – жерди муштады. – «Мен аны уккум келет!» Көзүнөн жашы мөлтүлдөп куюлду.

Ал чалкасынан түшүп жатты, көзүнөн аккан жаш эми кулагына куюлду. Ак булуттар сүзгөн чексиз көк асман гана көрүнүп турду. Өзүн асманда учуп бараткандай сезди. Бир жагынан бул жагып турду, экинчи жагынан жерден ажырап калгансып коркуп кетти. Ошондуктан көзүн жумду да, алаканын жерге коюп, андан эч кайда кетпегенине ишенгиси келди. Ал өзүн ысык абада учуп, кайдадыр бир жакка кулап бараткандай сезди. Тер басканы менен ичиркенип, башы айланып, кускусу келип кетти. Энтигип дем ала баштады.

Капыстан айлана караңгылап кетти. Жанына бирөө келип, көлөкөсү Эсперансага түштү.

Чочуп кеткен Эсперанса дароо өйдө болуп отурду. Канча убак караңгыда болду экен? Ал дүкүлдөп соккон жүрөгүн колу менен басты да, жанына келген адам Мигел экенин байкады.

– Анса, сага эмне болду?

Эсперанса терең дем алып, көйнөгүн ондоду. Балким чын эле учуп жүргөндүр? Мигел көрдү бекен? Бети кызарып кеткенин туйду.

– Баары жакшы, – деди ал жашын сүртүп, – апама айтпа. Билесиң да... кыжалат болот.

Мигел башын ийкеди да, жанына отурду. Эч нерсе дебестен колун кармады. Жымжырттыкты Эсперансанын анда-санда улутунганы гана бузуп турду.

– Мен да аны сагындым, – деп шыбырады Мигел анын колун кысып. – Ранчону, Мексиканы, Абуэлитаны, баарын сагындым. Исабелге жанагы сөздү жазганым үчүн кечирип кой. Мен жөн эле жазып койгон элем.

Эсперанса алыскы тоолордун кочкул-күрөң, кызыл чокуларын карап турду, көз жашы тынбай ага берди. Бул жолу ал колун тартып алган жок.

***

Алар № 99 шоссе менен тик ылдый түшүп келатышты.

– Карачы! – деп кыйкырды Исабель.

Эсперанса жүк машинадан башын чыгарып карады. Бурулуштан чыкканда, тоолор көшөгө сымал ачылып, Сан-Хоакин өрөөнү көрүндү. Кең өрөөн сары, күрөң жана жашыл кураактардан куралган төшөк сымал жайылып жатыптыр. Алар фермерлердин талаалары болчу. Акыры жол өрөөнгө түштү да,

кыздар өздөрү келген жактагы тоолорду караштьт. Тоонун кырында жаткан эбегейсиз зор арстандын буттарын көргөндөй болушту. Артта келаткан чоң жүк машина сигнал бергендиктен, Хуан четтеп, ага жол бошотту. Анан дагы бир машина дабыш чыгарды, анын артында көптөгөн машиналар келатыптыр. Көрсө, алардын жанынан бышкан коондорго толгон оор жүк машиналар кербени өтүп кетти.

Жолдун бир жагында жүзүм бак созулуп жатат, жүзүмдөр тирөөчтөргө ороло өсүп, биротоло жаап калыптыр. Экинчи жагында болсо кара-көк тарткан чексиз пахта талаасы, анын үстүндө сүттөй туман уюгансып турат. Бул жер Агуаскальентестин адырлуу талаасына окшош эмес эле. Бир да дөбө көрүнбөйт. Жүзүмдөрдүн чексиз катарларын карап баратып, Эсперансанын башы айланып кетти эле, башын бурганга мажбур болду.

Акыры алар чоң жолдон чыгышка карай бурулушту. Эми машина жайлап, талаадагы кол булгалаган жумушчулар көрүнө баштады. Хуан жоопкылып пипилдетип өттү. Анан ал жолдун четине чыгып, машинаны токтотуп, түшүмү жыйналган талааны көрсөттү. Жерде кургаган жүзүмдөр, калып калган коондор жаткан.

– Талаанын чектериндеги белгилер алыныптыр. Демек, көтөрө алышыбызча алып кетсек болот, – деди Хуан.

Альфонсо секирип түшүп, он чакты коонду Мигелге ыргытты да, кайра машинанын тепкичине чыгып, Хуанга жыла бер деп белги берди. Күнгө

ысыган коондор машина чуңкурга туш болуп секирген сайын ары-бери тоголонуп баратты.

Жол менен жөө бараткан эки кыз кол көтөрдү эле, Хуан токтоду. Алардын Мигел курдуусу кузовго чыкты. Уюлгуган коюу кара чачы кыска кыркылган, чап жаак кыз экен. Ал кузовдун артына жөлөнүп отура кетти да, эки колун желкесине алып, кээде Эсперансаны, кээде Мигелди таңыркай карап баратты.

– Бул Марта, – деди Исабель. – Ал башка бир ишкананын пахта терген лагеринде турат. Биздин лагерде анын агасы менен жеңеси бар, кээде ошолордукуна келип калат.

– Силер кайдан келдиңер? – деп сурады Марта.

– Агуаскальентестен. Ранчо де лас Росастан, – деп жооп берди Эсперанса.

– Ранчо де лас Росас дегенди укпаптырмын. Ал эмне, шаарбы?

– Ал булар жашаган ранчо, – деди Исабель сыймыктанып. Анын чоң көздөрү жалжылдай түштү. – Эсперансанын атасынын ошондой ранчосу, миңдеген акр жери болгон. Эсперансанын көптөгөн кызматчылары, кооз көйнөктөрү болгон, ал менчик мектепте окуган. Мигел менин агам болот, анын ата-энеси Эсперансанын үй-бүлөсүндө кызмат кылышкан.

– Демек, сен иштейин деп келаткан принцесса турбайсыңбы?

Эсперанса аны тиктеп калды, бирок эч нерсе деген жок.

– Эмне болду? Тамагыңа күмүш кашык туруп калдыбы? – Мартанын үнү чаңкылдап ачуулу экен.

– Баардык үй-мүлкү өрт учурунда күйүп кеткен. Апасы экөө бул жакка биздей болуп иштегени келишти, – деди Мигел.

Исабель эмне дээрин билбей:

– Эсперанса жакшы кыз. Анын атасы өлүп калган, – деди.

– Эмне экен, менин атам деле өлүп калган, – деди Марта. – Бул жакка келгенге чейин ал Мексика революциясына катышып, мунун атасы сыяктуу бардык жерди ээлеп алган байларга каршы согушкан.

Эсперанса Мартаны карап калды. Бул кызга урушкудай эмне кылды? Ал тиштенип туруп:

– Сен атам жөнүндө эч нерсе билбейсиң. Ал жакшы, ак көңүл киши болгон. Көп нерсесин кызматчыларга таратып берген.

– Балким, ошондойдур, – деди Марта, – бирок эч нерсесин бербеген байлар да толтура.

– Бирок ага атам күнөөлүү эмес да.

Исабель сөздү башкага бургусу келип, талааны көрсөттү:

– Булар – филиппиндиктер. Алардын өзүнчө лагери бар. А тээтигилерди көрдүңбү? – Ал башка талааны көрсөттү. – Алар оклахомалыктар, сегизинчи лагерде турушат. Мында япондордун лагери да бар. Биз баарыбыз өзүнчө жашап, өзүнчө иштейбиз. Алар бизди аралаштырбайт.

– Кожоюндар жакшыраак айлык же жакшыраак үй үчүн биргелешип күрөшкөнүбүздү каалашпайт, – деди Марта. – Башкалардын үйлөрүндө ысык суусу бар экенин билбесе, мексикалыктар жөн эле жүрө

беришет деп ойлошот. Оклахомалыктар же башкалар менен ымалада болушубузду каалашпайт, анткени биз алардын үйлөрүндө ысык суусу бар экенин билип алышыбыз мүмкүн. Түшүндүңөрбү?

– Оклахомалык жумушчуларда да ысык суу барбы? – деп сурады Мигел.

– Азырынча жок. Эгер болуп калганын билсек, биз иш таштоо уюштурабыз.

– Иш таштоо? – деп сурады Мигел. – Эмне, силер иштебей коёсуңарбы? Сага иштин кереги жокпу?

– Албетте, керек. Эгер бардык жумушчулар биригип иштөөдөн баш тартса, биз жакшыраак жашоо шартына жетишибиз мүмкүн.

– Эмне, шарттары ошончолук жаманбы? – деп сурады Мигел.

– Дурус эле. Силер бараткан жер – эң жакшы жерлердин бири. Ал жерде жада калса фиеста да болот. Ушул ишембиде *хамайка*[1] өтөт.

Исабель Эсперансага бурулду:

– Сага хамайка жагат болуш керек. Жайында ишемби сайын уюштурулат. Анда музыка, тамак-аш жана бий болот. Бул ишембиде акыркы жолу өткөрүлөт, анткени жакында суук түшөт да.

Эсперанса башын ийкеп, Исабелди кунт коюп уккусу келди. Марта менен Мигел божурашып сүйлөшүп, күлүп баратышты. Эсперансада кандайдыр бир бейтааныш сезим пайда болду. Мартаны машинадан түшүрүп жиберип, аны менен сүйлөшкөнү

---

[1] *Хамайка* – кайрымдуулук жарманкеси.

үчүн Мигелди урушкусу келди. Анын кандай орой экенин көрбөй турабы?

Машина бирөөнүн ээлигинин чек арасына окшогон жылгын дарактарынын жанынан өтүп баратты.

– Бул дарактардан өткөндө мексикалыктардын лагери бар, – деди Исабель. – Биз ошол жерде жашайбыз.

Марта мыйыгынан күлдү да, Эсперансаны карап туруп:

– Билип кой, бул жер Мексика эмес. Бул жерде эч ким сага кызмат кылбайт, – деди. Анан чоёктой жылмайды: – *¿Entiendes?* Түшүндүңбү?

Эсперанса аны унчукпай карады. Ал бир нерсени – Мартаны жактырбай турганын сезди.

## *LAS CEBOLLAS*
## Пияз

– Келдик, – деди Исабель машина лагерге бурулуп, жайлап калганда.

Эсперанса туруп, айланасын карады.

Жүзүм бактар менен курчалган кенен жайыкта катар-катар болуп ак жыгач үйлөр туруптур. Ар бир үйдө бирден терезе, эшигинин алдында экиден тепкич бар экен. Эсперанса бул үйлөр Агуаскальентестеги жумушчулардын үйүнөн да начар экен деп ойлоду. Булар киши жашаган үйлөрдөй эмес, ранчодогу атканаларга окшоп турду. Чыгыш жакта бийик тоо заңкаят.

Марта машинадан секирип түштү да, тигиндейирээкте топтошуп турган кыздарга жүгүрүп кетти. Эсперанса алардын англисче сүйлөшүп жатканын укту, бирок алар оозуна кум толтуруп алгандай түшүнүксүз сүйлөшөт экен. Кыздар Эсперансаны карап күлүп ийишти. Ал бурулуп кетти да, Исабель үйрөнүп алган болсо, мен деле үйрөнүп алат болушум керек деп ойлоп койду.

Аянтка башка жүк машиналар токтоп, ачык кузовдон талаадан келген кампесинолор секирип түшө

башташты. Балдар «Ата! Ата!» деп кыйкырып, аталарына чуркашты. Айлананы көргөндө, Эсперансанын жүрөгү сыздап, бул жерде кантип жашар экемин деп ойлой кетти.

Исабель обочо жерде турган жыгач кепени көрсөттү:

– А даараткана тигил жакта.

Бул жерде өзүнчө боло турган жайдын жоктугун ойлоп Эсперанса жаман болуп кетти.

– Бизде жакшы, – деди Исабель сыймыктанып, – башка лагерлерде чуңкурга эле барчубуз.

Эсперанса аны карап баш ийкеди да, капыстан эле ыраазы боло түштү.

Бригадир келип Хуан жана Альфонсо менен кол алышып учурашты да, үйдү көрсөттү. Машина да ошонун алдына келип токтоптур. Аялдар Мигелге алып келген жүгүн ташыганга жардам беришти. Анан апасы экөө ичкери киришти. Үй эки бөлмөлүү экен. Биринчи бөлмөнүн жарымын меш менен кол жуугуч ээлептир. Стол менен отургучтар да бар экен. Мештин жанында жыйылган отун турат. Бөлмөнүн ортосунда матрас жатат. Экинчи бөлмөдө дагы бир төшөк салыныптыр, ага эки чоң киши жатса болчудай. Терезенин астында кичинекей балдардын керебети турат. Ортодо стол катары пайдалана турган жыгач үкөк.

Апасы эки жагын карап, Эсперансага кейиштүү жылмайып койду.

– Апа, бул бизгеби же Гортензия менен Альфонсогобу? – деп сурады Эсперанса, биздин кепе жакшыраак болот го деген үмүт менен.

– Баарыбыз ушул жерде жашайбыз, – деди апасы.

– Апа, биз бул жерге баарыбыз батпайбыз го!

– Эсперанса, бул жерде үйдү жалгыз бой аялдарга эмес, үй-бүлөлүү эркектерге беришет. Бул үй-бүлөлүк лагерь, бул жерде иштеп жашаш үчүн үй-бүлөнүн башчысы, эркек болушу керек. Ал эркек – Альфонсо, – апасы керебетке отура кетти, үнү да чарчаңкы чыкты. – Ал бизди туугандарым деп айтты, эгер бирөө сурап калса, биз да ошондой дешибиз керек. Болбосо бул жерде кала албайбыз. Коңшу үйдө Хуан менен Жозефина турушат, биз алар менен кимдин кайда жатарын сүйлөшөбүз. Мигел алар менен жатат, Исабель болсо биз менен болот.

Мигел келип чемоданды коюп чыгып кетти. Коңшу бөлмөдөн Альфонсо менен Гортензиянын үнү чыгып атты.

Апасы буюмдарды алып чыгып жатып кыңылдап ырдай баштады.

Эсперанса жини кайнап баратканын сезди.

– Апа! Биз атканада жашаганы турабыз! Кантип ырдайсың? Кантип кубанасың? Биздин азыр жок дегенде өз бөлмөбүз да жок!

Коңшу бөлмөдөгү үндөр тып басылды. Апасы аны каарданып карап турду да, бир саамдан соң эшикти акырын жапты.

– Отур, – деди ал.

Эсперанса кичинекей баланын керебетине отурганда, темирлери кыйчылдай түштү.

Апасы маңдайдагы матраска отурду, экөөнүн тизелери тийишип калды.

– Мени тыңда, Эсперанса. Мексикада калсак, мен Луис абаңа турмушка чыкмакмын да, экөөбүз эки жерде жашап, бактысыз болмокпуз. Алдыбызда эки жол бар: экөөбүз эки жерде жашап бактысыз болуу же чогуу туруп бактылуу болуу. Кызым, биз чогуу болушубуз керек, кийинчерээк Абуэлита да келет. Ойлонуп көр, ал сенден эмнени күтөт? Мен бактылуу болууну тандайм. Сен кайсынысын тандайсың?

Эсперанса апасынын эмнени уккусу келип турганын түшүндү.

– Бактылуу болууну, – деди ал акырын.

– Биздин кандай бактылуу экенибизди билесиңби, Эсперанса? Көп адамдар бул өрөөнгө келишет да, жумушту айлап күтүшөт. Келгенде эле бизге үй бериш үчүн Хуан байкуш көп чуркаптыр. Сен ушуга ыраазы болушуң керек. – Апасы кызды эңкейип өптү да, эшикке чыгып кетти.

Эсперанса кууш керебетке жата кетти. Бир аздан кийин Исабель келди да, мандайына отурду.

– Айтып берсең, абдан бай болгон кандай болот?

Эсперанса Исабелге караса, ал кызыктуу окуяны күтүп көздөрү жалжылдап туруптур.

Бир азга ойлоно түштү да, анан сүйлөй баштады:

– Мен дагы эле баймын, Исабель. Биз бул жерде Абуэлита айыгып, жол жүргөнгө жараганча эле турабыз. Анан ал акчасын алып келет да, биз чоң үй сатып алабыз. Атам сыймыктана тургандай үй сатып алабыз. Балким биз эки үй сатып алабыз, алардын биринде Гортензия, Альфонсо жана Мигел жашайт да, кайрадан бизге кызмат кылат. Сен бизге келип

турасың. Мунун баары убактылуу. Биз бул жерде көпкө калбайбыз.

– "*¿De veras?*"[1] – деп сурады Исабель.

– Ооба, чын, – деди Эсперанса, кимдир-бирөө гезит жана картон жабыштырып койгон шыпты тиктеп жатып. – Атам болсо, бизди мындай кепеге эч качан жашатмак эмес эле, – деп көзүн жумуп жатып калды. Исабель бутунун учу менен чыгып баратып эшикти акырын жаап кеткенин укту.

Көп күн жол жүргөндүктөн чарчаганын сезди. Ойлору да удургуп турду. Чуңкурга барган адамдарды, Мартанын орой сөздөрүн, Ранчо де лас Росастагы атканаларды эстеди.

Ушундай жашоодо кантип бактылуу боло алмак эле?

***

Эсперанса көзүн ачканда, жарык болуп, коңшу бөлмөдөн апасынын, Гортензиянын жана Альфонсонун үнү чыгып жатты. Кечинде жаткан боюнча түнү менен уктаптыр. Кофе менен *чорисо*[2] жыттанып турду. Курсагы курулдады – ал акыркы жолу качан тамак жегенин эстегенге аракет кылды. Исабель жанындагы керебетте уктап атыптыр. Эсперанса узун юбкасы менен ак көйнөгүн кийип, чачын тарап, коңшу бөлмөгө чыкты.

---

[1] *¿De veras?(исп.)* – Чын элеби?

[2] *Чорисо* – кызыл калемпирлүү ышталган колбаса.

– Кутман таңың менен, – деди апасы. – Кел, отуруп, тамак же. Курсагың ачса керек.

Гортензия колун кармады:

– Биз кечээ бригадирге барып, бардык кагаздарга кол койдук, эми жашай берсек болот. Бүгүндөн баштап жумушубуз да бар.

Апасы алдына тортилья, жумуртка, кесилген колбаса салынган табакты койду.

– Бул тамак кайдан? – деп сурады Эсперанса.

– Жозефина алып келди, – деди Гортензия. – Ишембиде өзүбүз дүкөнгө барып келебиз.

– Эсперанса, – деди апасы, – Исабель экөөңөр чоңдор ишке кеткенде балдарды карайсыңар. Альфонсо менен Хуан жүзүм терет, Гортензия, Жозефина жана мен аны бастырманын алдына жаябыз.

– Мен да Гортензия экөөңөр менен иштегим келет.

– Сен мындай ишке жаштык кыласың, – деди апасы, – Исабель да балдарды өзү жалгыз карай албайт. Балдарды карап турсаң, Жозефина иштеп, акча табат. Ар ким өз салымын кошушу керек. Сен да ишсиз калбайсың – күнүгө жыгач аянтты шыпырып турсаң, үйгө төлөнө турган кирени азайтышат. Исабель сага баарын көрсөтүп берет.

– Ал кандайча аянт? – деп сурады Эсперанса.

– Лагердин так ортосунда жыгач аянт бар экен. Хуан лагерде жашагандар үчүн эс алуучу жай, бош убакытта каалагандар жолугушат, бийлешет деп айтты.

Эсперанса идишин карап калды. Лагердеги балдар менен отургусу келген жок.

– Мигел кайда? – деп сурады.

– Ал темир жолдон жумуш табыш үчүн башка кишилер менен Бейкерсфилдге кетти, – деди Альфонсо.

Аркы бөлмөдөн көзүн ушалап, Исабель чыкты.

– Алтыным, – Гортензия кызды назик кучактады. – Ата-энең ишке кеткенче барып, кутман таң каалап кой.

Исабель коңшу үйгө чуркап кетти.

Эсперанса жумушка ала кете турган тортильяга жүгөрү бадырак менен төө буурчак ороп жаткан апасын карап турду. Ал көзүнө башкача көрүндү. Узун көйнөгү менен гүлдүү алжапкычынан улам ушундай болуп атабы? Жок, кеп башкада окшойт.

– Апа! – деп ийди Эсперанса. – Чачың!

Апасы чачын белине түшүрө өрүп коюптур. Эсперанса апасынын чачын минтип жүргөнүн мурун эч көргөн эмес. Анын чачы дайыма кооз түйүлүп, жатар алдында тараганда, далыдан ылдый куюлуп турчу. Азыр болсо апасы кичирейип кеткендей болуп башкача көрүнүп турду. Эсперансага бул жаккан жок.

Апасы басып келди да, башынан сылады. Ал уялып тургандай сезилди.

– Түйүлгөн чачым менен шляпа кие алгыдай эмесмин. Ишке ушундай ылайыктуу го дейм. Мен фиестага эмес, жумушка баратпаймбы. – Ал Эсперансаны кучактады. – Биз чыгалы. Алты жарымда

бастырмага алып кетишет. Балдарды жакшы карап, Исабель менен бол. Ал баарын билет.

Үчөө кетип баратканда, Эсперанса апасы чачынан уялгандай кайра кармалап койгонун байкады.

Эсперанса тамак жеп бүтүп, үйдөн чыгып, тепкичте токтоп карап калды. Алардын үйү четте, талаа менен чектеш экен. Маңдайдагы жолдун ары жагында сирендер, тыттар өсүп турат. Алардын көлөкөсүндө тактай стол бар экен, андан нары жүзүм бак. Оң жакта, коюу чөп өскөн талаанын ары жагында чоң жол өтөт экен. Артынан бир нерселерди учуруп, толтура жүктөлгөн машина өтүп баратат.

Машина өтүп кеткенден кийин, Эсперанса пияздын сасык жытын сезди. Абада анын кургак кабыктары учуп жатты. Анын артынан дагы бир машина өтүп, баягы жыт дагы келди.

Таңкы салкын али өкүм сүрүп турганы менен, күндүн табы келип, ысык болору сезилип турду. Тооктор тепкичтин жанында жем чокулап жатышат. Булар баягы үп вагондон кутулганына абдан бактылуу болуп атышкандай. Эсперанса тоокторду айдап жиберип, тепкичтен түштү да, Хуан менен Жозефинанын үйүн көздөй басты.

Балдар дагы эле түнкүсүн кийип жаткан кийим-кечеси менен жүрүшүптүр. Исабель Лупеге ботко берип атыптыр, Пепе болсо жерде жөрмөлөп жүрөт. Бети ботко. Эсперансаны көрүп, ага карай жөрмөлөдү.

– Кел, буларды жуунталы, – деди Исабель, – анан мен сага лагерди көрсөтөм.

Исабель Эсперансага адегенде шыпыра турган жыгач аянтты, шыпыргылардын кайда экенин көрсөттү. Анан алар балдарды көтөрүп алышып, катар үйлөрдү аралап жөнөштү. Ачык эшиктен куурулган пияз менен төө буурчактын жыты келди – бирөө тамак жасап жаткан окшойт. Аялдар чоң тепшилерди дарактардын көлөкөсүнө сүйрөп баратышат. Балдар жолду чаңгытып, топ ойноп жүрүшөт. Көйнөктүн ордуна эркектин ич кийимин кийген кичинекей кыз чуркап келип, Исабелди колдон алды.

– Бул – Сильвия, менин жакын курбум. Кийинки жумада экөөбүз мектепке барабыз.

Сильвия Исабелдин колун коё берди да, Эсперансанын бош колун кармады.

Эсперанса кыздын кир колун карады. Сильвия ага карап күлүп койду. Эсперанса колун бошотуп алып, дароо жуугусу келди. Бирок апасынын поезддеги кичинекей кызга жасаган мамилесин, өзүн жаман көргөнүн эстеди. Колумду сууруп алсам, Сильвия ыйлап иет го деп коркуп кетти. Чаң баскан лагерди айландыра карап, мындай жерде таза болуш кыйын деп ойлоду. Сильвиянын колун кысып койду:

– Менин да жакын курбум бар. Анын аты Марисоль, Агуаскальентесте турат.

Исабель Эсперансаны Ирен жана Мелина деген эки аял менен тааныштырды. Алар үй менен дарактардын ортосуна тартылган узун кермеге кийим жайып жатышыптыр. Ирен узун, агарган чачын байлап алыптыр. Мелина Мигел менен куракташ көрүнсө да, баласы бар экен.

– Бизге силер жөнүндө айтып беришти, – деди Мелина. – Менин күйөөм да ошол жактан. Ал сеньор Родригестин колунда иштеген.

Муну укканда, Эсперансанын жүзү жайнап кетти.

– Сеньор Родригес менин атамды бала кезден билчү. Сиздин күйөөңүз анын кызы Марисолду билчү бекен?

Мелина күлүп жиберди.

– Жок. Жок. Билбесе керек. Ал *кампесино* – талаа жумушчусу экен, үй-бүлөсүн билбесе керек.

Эсперанса ыңгайсыздана түштү. Мелина болсо, эч нерсе болбогондой, күйөөсү иштеген Агуаскальентестеги башка фермалар жөнүндө айта баштады.

Исабель Эсперансаны колунан тартты:

– Балдардын кийимин алмаштырыш керек.

Үйгө келатканда, ал мындай деди:

– Ирен Мелинанын апасы. Алар биздин үйгө келип ушакташып кетишет.

– Булар бизди кайдан билип алышкан?

Исабель колун көтөрдү да, манжаларын бириктирип, бармагы менен кошо сүйлөп жаткан оозго окшоштуруп кыймылдатып койду:

– Лагерде баары бирин-бири билишет.

***

– Сен жалаяк алмаштырганды билесиңби? – деп сурады Эсперанса үйгө келгенден кийин.

– Албетте, – деди Исабель. – Мен алмаштырам, сен чайкап коёсуң. Жууй турган башка кирлер да бар.

Эсперанса Исабелдин балдарды кезеги менен жаткырып, чечиндирип, астын кургактап аарчып, таза жалаякка ороп жаткырганын карап турду. Анан тиги сасыган жалаяктарды карматты:

– Муну дааратканага алып барып, бок-сагын ыргытып кел, мен тепшиге суу толтурайын.

Эсперанса жалаяктарды обочо кармап, дааратканаmakesы көздөй чуркады. Пияз жүктөлгөн бир нече машина өтүп кетти. Алардын жыты да булганган жалаяктардын сасыгы сыяктуу каңылжаарын жарып өттү. Кайра келсе, Исабель эки тепшиге көчөдөн суу алып келип куюп, бирине самын көбүртүп коюптур. Тепшинин ичинде кир жуугуч тактай.

Эсперанса тепшиге барды. Самындуу сууда пияздын кабыгы жүрүптүр. Ал жалаякты четинен кармады да, колун сууга тийгизбей бир нече жолу малды. Анан дароо суудан алып чыкты.

– Эми эмне кылыш керек? – деп сурады ал.

– Эсперанса! Аны сүрүш керек, мына минтип.

Исабель келди да, колун чыканагына чейин батырып, шымды сууга салды. Суу киргил тарта түштү. Ал жалаяктарды самындап, тактайга катуу сүрдү да, сыгып туруп башка тепшиге салды, чайкап туруп, кайра сыкты. Таза жалаяктарды силкип туруп, тыт менен сиренге тартылган кермеге жайып койду. Анан кийимдерди жууп кирди. Эсперансанын оозу ачылды да калды. Ал өмүрүндө бир нерсе жууп көргөн эмес, а тиги сегиз жашар Исабель муну илбериңки жасап атат.

Исабель Эсперансага таң калып карады:

– Сен кир жууганды билбейсиңби?

– Адатта Гортензия бардыгын кир жуугучка алып барчу. Кызматчылар болсо дайыма... – Эсперанса Исабелге карады да, башын чайкады. – Мен билбейм.

Исабелдин көзү таң калгандан тостое түштү, анын тынчсызданганы билинип турду:

– Эсперанса, кийинки жумада мен мектепке кеткенде балдар менен өзүң жалгыз каласың. Кир жууш керек болот.

Эсперанса оор улутунуп:

– Үйрөнөм да, – деди.

– Бүгүн жыгач аянтты да шыпырышың керек. Сен... сен шыпырганды билесиңби?

– Албетте, – деди Эсперанса. Ал шыпырганды көп жолу көргөн. Анын үстүнө Исабелге кир жууй албайм деп коюп абдан уят болбодубу.

***

Эсперанса өмүрүндө шыпыргы кармап көргөн эмес. Бирок ал Гортензиянын шыпырганын көрүп жүргөндүктөн, анын кыймылын эстегенге аракет кылды. Бул кыйын деле болбосо керек. Ал шыпыргыны ортосунан эки колдоп кармады да, алга-артка шилтей баштады. Пияздын кабыктары Гортензияныкындай болуп бир жерге топтолбостон, асманга учуп чыкты. Чыканактары, колдору жолтоо болуп жатты. Моюн ылдый тер акты. Бир азга токтой калды да, шыпыргыны баш ийдиргенге аракет кылгансыды. Эсперанса шыпыргыны өжөрлөнө

шилтеп жатып, окчунураак жерге жумушчуларды алып келип түшүрүп жаткан машинаны байкабай калыптыр. Бир маалда бирөөлөрдүн акырын, анан каткырып күлүшкөнүн укту. Башын көтөрсө, бир топ аялдар күлүп, ортодо турган Марта сөөмөйү менен аны көрсөтүп жатыптыр:

– *"¡La Cenicienta!*[1] Күлчү кызды карап койгула!

Ыза болгон Эсперанса шыпыргыны ыргытып ийип, үйдү көздөй чуркады.

Бөлмөсүнө барып керебеттин четине отурду. Бети кызарып күйүп турду. Исабель келгенче, ушинтип мелтиреп отура берди.

– Мен иштей алам деп айттым. Апама жардам бере алам деп айттым. Бирок жада калса кир жууганды же жер шыпырганды да билбейм. Эми муну бүт лагерь билип калса эмне болот?

Исабель келип жанына отура калып, далысынан таптап койду:

– Ии, ооба.

Эсперанса онтоп ийди:

– Эми элдин бетин кантип карайм? – Ал бетин жапты да, бөлмөгө бирөө киргенин укканча ушинтип отура берди.

Эсперанса башын көтөрүп, шыпыргы менен калакты кармап турган Мигелди көрдү. Ал күлгөн жок. Эсперанса жер карап, анын көзүнчө ыйлап ийбейин деп эрдин кесе тиштеди.

Мигел эшикти жаап, ага келди:

---

[1] *"¡La Cenicienta (исп.)* – Күлчү кыз (Золушка).

– Сен жер шыпырганды кайдан билмек элең? Сен буйрук бергенди гана билесиң. Бирок бул сенин күнөөң эмес. Анса, мени кара.

Ал өйдө карады.

– Жакшылап карап тур, – деди ал олуттуу түрдө. – Шыпыргыны мына мындай кармашың керек. Бир колуң бул жерде, бир колуң бул жерде болуш керек.

Эсперанса аны карап турду.

– Анан минтип шилейсиң да, кайра көтөрүп артка кыласың. Кана, шыпырып көрчү, – деди ал шыпыргыны сунуп.

Эсперанса акырын турду. Мигел ага шыпыргынын сабын карматты. Мигелдин кыймылын кайталайын деди, бирок кайра эле шыпыргыны ары-бери шилтей баштады.

– Акырын, – деп сабырдуулук менен үйрөттү Мигел, – көп шилтебе. Бир жакты көздөй шыпыр. – Ал Мигел айткандай кылды.

– Мына эми шыпырынды бир жерге чогулду. Шыпыргыны ылдыйыраактан кармап, баарын калакка шыпырып сал.

Эсперанса ошондой кылды.

– Мына, көрдүңбү, үйрөнүп калдың. – Мигел коюу кашын жайылта жылмайып койду. – Буюрса, сенден жакшы кызматчы чыгат.

Исабель кыткылыктап күлдү.

Бирок Эсперансанын күлгөнгө чамасы жок болчу. Кабагын чытып:

– Ыракмат, Мигел, – деди.

Ал жылмайып, жүгүнүп койду:

– Сиздин кызматыңыздабыз, *ми рейна.* – Бул жолу үнү жумшак чыкты.

Эсперанса анын жумуш издеп темир жолго кеткенин эстеди.

– Сен жумуш таптыңбы?

Мигелдин күлкүсү өчө түштү. Колун чөнтөгүнө салып, далысын куушуруп койду.

– Тапкан жокмун. Мен ар кандай моторду оңдой алам, бирок мексикалыктарды бул жерде рельс төшөгөнгө же арык казганга гана алат экен. Аларды жумуш бергенге көндүргөнчө талаада иштеп турам го.

Эсперанса башын ийкеди.

Ал чыгып кеткен соң, Исабель келди:

– Сени *«ми рейна!»* дебедиби! Королева кезиңде кандай жашаганыңды айтып берсең?

Эсперанса матраска отуруп, Исабелди жанына чакырды.

– Мен сага мурда кантип жашаганымы айтып берем. Майрамдар, кечелер, менчик мектеп жана кооз көйнөктөр жөнүндө айтып берем. Мен сага атам сатып берген сонун куурчакты көрсөтөм. Сен мага жалаяк алмаштырганды, жууганды үйрөтсөң...

Исабель анын сөзүн бузуп ийди:

– Ал оңой эле да!

Эсперанса ордунан туруп, шыпыргыны абайлап шилтеди:

– Мен үчүн оңой эмес.

# *LAS ALMENDRAS*
## Бадам

– Ох, мойнум ооруп жатат, – деди апасы желкесин кармалап.

– А менин мойнум эмес, колум ооруп калды, – деди Гортензия.

– Баары адегенде ушинтишет, – деди Жозефина. – Жүзүмдү бастырманын алдына жая баштаганда белиң ийилбей калат, бирок кийин бул ишке көнүп кетесиң.

Үйгө баары чарчап-чаалыгып, денелери ооруп келишти. Тамак ичкени бир үйгө чогулгандыктан, киши көп, ызы-чуу болуп турду. Жозефина буурчакты жылытып, Гортензия тортилья бышырды. Хуан менен Альфонсо жүзүм бактагы иштерди сүйлөшүп отурушту, Мигел менен Исабель кыткылыктаган балдар менен ойноп жатышты. Апасы *аррос*[1] даярдады. Буга Эсперанса абдан таң калды, анткени апасынын муну жасай аларын билчү эмес. Эсперанса менин жер шыпырганымы эстебей калышар деп үмүттөнүп, салатка помидор туурап жатты. Ал бул күндүн өтүп кеткенине сүйүндү.

Исабель ысык тортильяны алды да, туз сээп туруп сигарадай кылып ороп, Мигелге булгалады.

---

[1] *Аррос* – пияз, калемпир кошуп майга куурулган күрүч.

– Альфонсо абам экөөңөр мени эмнеге артыңардан үйгө кирейин десем, киргизбей койдуңар?

– Чүш-ш, – деди ал, – бул – сюрприз.

– Эмне үчүн сенин сырларың көп? – деп сурады Эсперанса.

Бирок Альфонсо да, Мигел да жооп берген жок. Алар табактарына тамак салып жатышып, жылмайып коюшту.

Тамак желип бүтүп, кезек десертке – коонго келди, бирок ушул учурда Альфонсо менен Мигел биздин артыбыздан келбегиле деп коюп, туруп кетишти.

– Алар эмне кылып атышат? – деп сурады Исабель.

Гортензия эч нерсе билбеген сыяктуу ийинин куушуруп койду.

Мигел күн батарда келди.

– Сеньора, Эсперанса, биз силерге бир нерсе көрсөтөлү деп атабыз.

Эсперанса апасын карады. Апасы да, сыягы, эч нерсе билбейт окшойт. Алар Мигел болуп Альфонсо күтүп турган жерге барышты.

Үйдүн артынан бир жак чети кесилген эски сүйрү тепшини көрүштү. Ал капталынан туруптур, ичинде Гваделупалык Кудай эненин кичинекей айкели бар экен. Айланасына таштар тизилиптир, ал эми казык кагылып, керме тартылган жерде тикенектүү көчөттөр өсүп туруптур.

Исабелдин оозу ачылып калды.

– Кооз экен. Бул айкел биздикиби?

Жозефина баш ийкеди:

– Ооба, бирок розалар алыс жактан келди.

Эсперанса Мигелдин көздөрүнө үмүттөнө карады:

– Бул атамын розаларынанбы?

– Ооба, бул атаңын розалары, – деди Мигел жылмайып.

Альфонсо жакшыраак суу ичсин деп ар бир розанын түбүн чуңкурайтып койду. Агуаскальентесте да ушундай кылчу.

– Бирок кантип? – Эсперанса розалардын капкара күлгө айланып калганын эстеди.

– Өрттөн кийин атам экөөбүз тамырларын казып алганбыз. Көптөрү эч нерсе болбоптур. Өсө баштагандарын Агуаскальентестен алып келе бердик. Биз дайым ушуларга суу куюп жүрбөдүкпү. Биздин оюбузча, булар өсүп кетет. Мезгили келгенде гүлдөйт.

Эсперанса өсүмдүктөрдү эңкейип карады. Ирettүү тигилген көчөттөр али жалбырак байлай элек экен. Эсперанса өрт болордогу түндү эстеди. Ошондо розаларды карап туруп, Гортензияга мөмөлөрүнөн чай кайнатып бер деп айтайын деп ойлободу беле? Бирок андай болбой калды. Эми булар гүлдөсө, атасын көргөн розалардан чай кылып ичет. Карегине жаш айлана түшүп, Мигелден:

– Кайсынысы сеники? – деп сурады.

Мигел бир сабакты көрсөттү.

– Кайсынысы меники?

Ал жылмайып, үйгө жакыныраак тигилген розаны көрсөттү. Жанында тирөөчү туруптур.

Апасы розадан розага барып, ар бир сабакты сылап жүрдү. Анан Альфонсону колунан кармап, эки бетинен өптү. Мигелге барып аны да өптү.

– *Muchas gracias*[1], – деди ал, анан Эсперансаны карап: – Атаңдын жүрөгү биз кайда барсак да таап алат деп, сага айтпадым беле, – деди.

***

Эртеси эрте менен Гортензия терезеге кездеме тартты да, Альфонсону коңшу үйдөгү Мигел, Хуан менен балдарга жөнөттү. Гортензия, апасы жана Жозефина үйгө чоң тепшилерди алып келишип, жарымына чейин муздак суу куюшту. Отко суу ысытып, тепшидеги сууну жылымык кылышты. Эсперанса буга абдан сүйүндү. Ал кирингенди эңсеп жүргөн. Бул жакка келгенден бери муздак сууга бети-колун эле жууп жүрүшчү. Акыркы жолу үйдө, Агуаскальентесте жуунган. Бүгүн ишемби болгондуктан, кечинде *хамайка* болмок. Бүт лагерь ушуга даярданып жаткан. Баары жуунуп-таранып, көйнөктөрүн үтүктөп, чачтарын жасап жүрүшөт.

Эсперансаны башынан эле Гортензия жуунтчу, алардын өзүнчө тартиби бар эле. Эсперанса ваннанын жанында колун жайып турат да, Гортензия аны чечиндирет. Анан ваннага кирип, Гортензия жуунтуп бүткөнчө былк этпей отурат. Башын чалкалатып, Гортензия чачын жууп бүткөнчө кыймылдабай, көзүн

[1] *Muchas gracias (исп.)* – Чоң ыракмат.

жумуп алат. Акырында ал ордунан туруп, баш ийкегенде, Гортензия аны сүлгүгө орой койчу.

Эсперанса тепшилердин бирине барып, колун жайды да, күтүп калды. Жозефина Гортензияга таң кала карап, кашын серпип койду.

Исабель:

– Эсперанса, эмне кылып атасың? – деп сурады.

Апасы Эсперансага келип, акырын айтты:

– Сен эми чоңоюп калдың да, өзүң эле жуунсаң болот го?

Эсперанса колун дароо түшүрдү, Мартанын «Бул жерде сага эч ким кызмат кылбайт» деп мыскылдап айтканын эстеди.

– Ооба, апа, – деди да, соңку эки күндүн ичинде экинчи жолу бети оттой жанып кеткенин туйду.

Гортензия келип, Эсперансаны кучактады:

– Биз баарын тартиби менен жасап көнгөнбүз да, туурабы, Эсперанса? Менимче, мен али карый элекмин. Биз бири-бирибизге жардамдашабыз. Колуң жетпеген топчулар менен илгичтерди мен чечип берем, а сен мага жардам бересиң да, Исабель? Жозефина, бизге көбүрөөк жылуу суу керек. Тезирээк бол!

Гортензиянын жардамы менен кыска жеңдүү көйнөгүн чечкен соң, Эсперанса ага: «Ыракмат», – деп шыбырады.

Исабель менен Эсперанса биринчи жуунушту да, чачын чайкаш үчүн тепшиге баштарын эңкейтип турушту. Апасы менен Жозефина кыздардын башын чайкады.. Аялдар суу ысыткан жерге чуркап барып,

жылуу суу алып келип жатышты. Кенедей бөлмөдө баары чогуу божурашып, тамашалашып, бири-бирине суу куюп берген Эсперансага абдан жакты. Жозефина менен Гортензия лагердеги ушактарды айтып жатышты. Апасы ич көйнөкчөн болуп алып, Исабелдин чатышып калган тармал чачын тарап жатты. Анан аялдардын кезеги келип, Гортензияга жылуу суу керек болгондо, Эсперанса суу алып келгени биринчи чуркады.

Жаңы эле жуунуп бүткөн, чачтары али кургай элек Эсперанса менен Исабель эшикке чыгып, дарактардын көлөкөсүндөгү жыгач отургучка барып отурушту. Жозефина аларга чаккыла деп бадам берген.

Исабель башын эңкейтип чачын тарап, кургатып жатты.

– Сен кечинде *хамайка*га барасыңбы? – деп сурады ал.

Эсперанса кечээ элге шылдың болгондон бери үйдөн чыга элек болчу.

– Билбейм, – деди.

– Апам коркконуңу жеңип, адамдарга тике караш керек деп айтат. Эгер шылдыңдашса, аларга карап күлүп кой, – деди Исабель.

– Билем, – деди Эсперанса, кургайын деп калган чачын жазып.

Анан бадамды столго төгүп, кабыгы чагыла электен бирин алды . Эки кенедей кол жабышып, бир нерсени коруп тургандай көрүнөт экен. Эсперанса бадамдын кабыгын тазалап, алып жеди.

– Ал жерде Марта болобу?

– Келет болушу керек, – деди, – курбулары дагы болот.

– Ал англисчени кайдан билет?

– Марта бул жерде туулган, апасы дагы. Алар – бул өлкөнүн жарандары, – деди Исабель бадам чагып жатып. – Анын атасы революция учурунда Сонорадан келиптир. Алар Мексикада эч качан болушкан эмес. Атам Мартанын биздин хамайкага келгенин жактырбайт, анткени ал иш таштоо жөнүндө айта берет. Бадам терип жатканда, иш таштоо башталганы калган, бирок катышам дегендер аз болду. Апам иш таштоо болсо, бадамды өзүбүз терип калмакпыз деп калат.

– Жакшы болгон турбайбы. Апаң бадамды эмне кылат?

– *Флан де алмендра*[1] жасайт, – деди Исабель, – аны хамайкада сатат.

Эсперансанын шилекейи агып кетти. Бадам фланды жакшы көрчү.

– Анда мен сөзсүз барам!

***

Майрам өтчү аянт чоң чырактардан улам жарык экен. Үтүктөлгөн көйнөк, ковбой шляпасын кийип жасанышкан кишилер гитара менен скрипкаларын күүлөп отурушат. Столдордун узун катарына түстүү дасторкондор салынып, аялдар ага товарларын:

---

[1] *Флан де алмендра* – бадамдан жасалган десерттин бир түрү.

тамалестерди, десерттерди жана *агуа де хамайка*[1] коюп жатышты. Столдордо бинго ойноп атышат. Ал эми көрүүчүлөр үчүн бий аянтын тегерете отургучтар коюлуптур. Ошол эле жерде апасы жана Гортензия аялдар менен сүйлөшүп отурушат. Эсперанса алардын жанында элдин чогулганын карап турду.

– Мынча киши кайдан келди? – деп сурады ал. Кечээ кечинде лагерде эки жүзгө жакын киши жашайт деп Хуандын айтканын уккан, азыр болсо андан алда канча көп эл чогулду.

– Бул фиеста баарына жагат, ошондуктан башка лагерлерден да келе беришет, – деди Жозефина. – Бейкерсфилдден да келишет.

Музыканын үнү чыкканда, бардыгы жыгач аянтты тегеректешип, кол чаап ырдай башташты. Эл бийлеп кирди. Балдар ары-бери чуркап, куушмак, жашынмак ойноп атышты. Атасынын ийнинде отурган наристелер, ымыркайларын колуна алган аялдар чакан оркестрдин ыргагы менен термелип турушту.

Бир аздан кийин Эсперанса апаларынан бөлүнүп, элди аралап, ушунча көп адамдардын арасында өзүңү жалгыз сезген кызык турбайбы деп ойлонуп баратты. Өзү курдуу бир топ кыздарды көрдү, алар өздөрүнчө сүйлөшүп турушуптур. Марта болбой калгай эле деп ойлоду.

Бир маалда Исабель келип колунан тартты:

– Эсперанса, жүр көрөбүз.

---

[1] *Агуа де хамайка* – өзгөчө жемиш коктейли.

Исабель аны элдин арасы менен ээрчитип жөнөдү. Бирөөлөр шаардан мышыктын балдарын алып келишкен экен, бир топ кыздар картон кутуну тегеректеп, аларды карап турушуптур. Исабелдин мышыкты өзүнө алгысы келгени көрүнүп турду. Эсперанса анын кулагына шыбырады:

– Барып апаңан сурап көрөйүн.

Ал Жозефинаны тапмакчы болуп артка жөнөдү. Анын макулдугун алган соң, Исабелди кубантмак болуп кайра артка чуркады. Келсе, эл топтолуп, бир нерсе боюнча күжүлдөшүп жатышыптыр.

Марта бир нече курбулары менен токтоп турган жүк машинанын үстүндө турат, ар бири бирден мышыктын кичинекей баласын кармап алган.

– Мына, биз кимбиз! – деп кыйкырды Марта. – Кичинекей жоош жаныбарбыз! Алар бизге ушундай мамиле кылышат, анткени биз кыңк этпейбиз. Эгер биз өзүбүздүн акыбызды талап кылбасак, алар бизге өздөрү эч качан беришпейт! Кантип эле биз ушундай жашоону каалайлы? – Ал мышыктын баласын желкесинен кармап, бийик көтөргөндө, мышыктын баласы тарбаландап калды. – Кембагал, үй-жайы жоктор байлардын толук бийлигиндеби?!

Исабель калтырап, көзү алая:

– Мышыктарды ыргытып ийишеби? – деп коркту.

Элдин арасынан бир киши кыйкырды:

– Мүмкүн, ар бир мышык өз үй-бүлөсүн бакканды каалап, башка мышыктар менен иши жок болуп жүрбөсүн?

– Сеньор, сиз бирөөлөрдүн өтө кедей жашап, экинчилердин өтө бай жашап жатканына кантип кайдыгер карайсыз? – деп кыйкырды Мартанын курбуларынын бири. – Эки жумадан кийин, пахта терим маалында, биз иш таштоо уюштурабыз. Эмгек акыны көбөйтүүнү, жашоо шарттарын жакшыртууну талап кылабыз!

– Биз бул фермада пахта тербейбиз! – деп кыйкырды алардын лагеринен дагы бир киши.

– Кандай айырмасы бар? – деп кыйкырды Марта. – Эгер баарыбыз иштебей койсок, эгер мексикалыктар бириксе го... – ал муштумун бийик көтөрдү, – бардыгыбызга пайдасы тиет!

– Биз андайга барбайбыз! – деп жооп берди тиги киши. – Биз иштегенди каалайбыз. Ошол үчүн келгенбиз! Биздин лагерибизден кеткиле!

Эл аны колдоп кетти да, баары тарай баштады. Эсперанса Исабелди колунан алып, топтон алып чыкты.

Бир жигит машинаны жүргүздү. Марта менен курбулары мышыктын балдарын ыргытып ийишти. Анан өз тарапкерлерин кузовго чыгарып алышты да, колдорун көтөрүп «*Хуэльга*! *Хуэльга*!»[1] деп кыйкыра башташты:

***

– Эмне үчүн ал мынча ачуулуу? – деп сурады Эсперанса, бир нече сааттан кийин Жозефина,

---

[1] «*Хуэльга*! *Хуэльга*!» – «Иш таштоо! Иш таштоо!»

Исабель жана кичинекейлер болуп үйгө келатканда. Калгандары майрамда калышты. Исабель мышыктын мыёлогон сары баласын алып келатты.

– Алар апасы экөө бүт штатты кыдырып жумуш издешет, – деди Жозефина. – Түшүм жыйнаган жердин баарында иштешет. А мындай мигранттардын лагерлеринен кудай өзү сактасын.

– Эл-Сентродогу биз жашаган лагердейби? – деп сурады Исабель.

– Андан да жаман, – деди Жозефина. – Биздин лагерь ишкананыкы, адамдар бул жерден кетишпейт. Кээ бирлери көп жылдан бери жашашат. Биз бул өлкөгө иштеп, бала-чакабызды багып, жарандык алалы деп келгенбиз. Биздин жолубуз болду, анткени бул лагерь – эң мыкты лагерлердин бири. Көпчүлүгүбүз иш таштоого катышууну каалабайбыз: ишибизден айрылгыбыз келбейт, анын үстүнө бул жерге көнүп да калдык.

– Алар жакшыраак үй талап кылып атышабы? – деп сурады Эсперанса.

– Ооба, андан тышкары пахта тергендери үчүн да көбүрөөк акча талап кылышат, – деп жооп берди Жозефина. – Азыр бир фунтка[1] жети центтен төлөшөт, алар болсо он центтен алгысы келишет. Эми бул көп деле акча эмес, бирок өткөн жолу кожоюндар андай төлөбөй коюшкан. Азыр бул өрөөнгө эл көп келе баштады, өзгөчө Оклахома сыяктуу жерлерден. Ал жакта иш аз, кургакчылык болуп, эл эмне кыларын

[1] *Фунт* – салмактын өлчөмү. Бир фунт 0,453 кг барабар.

билбейт. Эгер мексикалыктар иш таштаса, кожоюндар башкаларды жумушка алып алышат. Анда биз эмне кылабыз?

Эсперанса апасы ишсиз калса эмне болорун ойлоп коркуп кетти. Анда Мексикага кайра кетишке туура келеби?

Жозефина балдарды керебетке жаткырып, Исабель менен Эсперансаны маңдайынан өөп, коңшу үйгө жөнөттү.

Эсперанса Исабель экөө уктаганы жатышты, тигил жактан музыка менен каткырган үндөр угулуп жатты. Сүткө тойгон мышыктын баласы Исабелдин колунда жатат. Эсперанса жел кирбесин деп гезит менен чапталган ушундай бөлмөдөн да начар бөлмөнү элестеткенге аракет кылды. Кантип эле ошондой болсун?

Исабель уктап баратып:

– Мексикада да майрам болчу беле? - деп сурады.

– Ооба, – деп шыбырады Эсперанса баягыда Исабелге берген убадасын аткармак болуп, – чоң кечелер болчу. Бир жолу апам жүз кишиге кече өткөргөн. Столдорго тордолгон дасторкондор салынып, хрусталь, фарфор жана күмүш шамдалдар коюлган. Үй кызматчылары толук бир жума тамак жасашкан...

Эсперанса акча суудай агып, эсепсиз чыгымдар болгон мурунку жашоосун эстеп айта берди. Бирок Исабелдин уктап калганын туюп жеңилдей түштү. Марта менен үй-бүлөсүнүн баянын угуп туруп Агуаскальентесте кандай бай жашаганын айтканына эмнегедир өзүн күнөөлүү сезе түштү.

Апасы келгенде, Эсперанса уктай элек болчу. Аркы бөлмөдөн жарык түшүп тургандыктан, апасынын чачын жайып, тарап жатканы көрүнүп турду.

– Сага майрам жактыбы? – деп сурады апасы.

– Мен курбуларымды сагындым, – деди Эсперанса.

– Түшүнөм, сага кыйын болду. Билесиңби, мен эмнени сагындым? Көйнөктөрүмдү.

– Ой, апа-а! – деп Эсперанса күлүп ийди.

– Чүш-ш, – деди апасы, – Исабелди ойготосуң.

– Мен да көйнөктөрүмдү сагындым, бирок, менимче, алардын бул жерде анчалык деле кереги жок го.

– Ооба. Эсперанса, сен билесиңби, мен сени менен сыймыктанам! Сен азыр эле көп нерсени үйрөнүп алдың! – Эсперанса апасына ыктады, ал болсо сөзүн уланта берди. – Эртең Бейкерсфилддеги чиркөөгө барып, андан кийин «Чолита» деген дүкөнгө кире келебиз. Жозефина анда ар түрдүү таттууларды сатат дейт. Мексиканыкы да бар дейт.

Алар унчукпай калышты, Исабелдин дем алганы угулуп турду.

– Чиркөөдө эмнени сурап сыйынасың, Эсперанса? – деп сурады апасы.

Эсперанса жылмайып койду. Мурун апасы экөө жатарда ушинтип көп сүйлөшүүчү.

– Атама шам жагам, – деди ал. – Анан Мигел темир жолдон иш таап алсын деп сыйынам. Кудай энеден Исабель мектепке кеткенде, Лупе менен

Пепени караганга жардам бере көр деп сурайм. Кызыл тилкелүү кокос момпосуйларым болсун деп тилейм. – Апасы акырын күлүп калды. – Бирок баарынан да Абуэлита тезирээк жакшы болуп, Луис абанын банкынан акчасын алып келип калсын деп тилек кылам. – Апасы Эсперансанын башынан сылады. – А сен эмне деп сыйынасың, апа?

– Мен да сен айткандарды тилейм, анан дагы бир нерсе сурайм.

– Эмнени?

– Сен үчүн сыйынам, Эсперанса. Кызым кандай болгон күндө да кайраттуу болсун деп сыйынам.

# *LAS CIRUELAS*
# Кара өрүк

Автобустун аялдамасына жеткенче, Исабель Эсперансага эмне кылыш керектигин айтып барды.

– Биринчи Пепени жаткыр, ал уктагандан кийин, Лупени жаткыр. Антпесең, ойной беришет да, уктабай коюшат. Анан эсиңде болсун, Лупе банан жебейт.

– Билем, – деди Эсперанса аркасындагы Пепени ондой көтөрүп.

Исабель ага Лупени карматты да, сары автобуска чыкты. Бош орунга отуруп, терезеден кол булгалады. Эсперанса «экөөбүздүн кимибиз көбүрөөк толкунданып жатабыз?» деп ойлоп койду.

Эки бала менен үйгө араң келди. Кудай жалгап Исабель тамак берип, кийиндиришип кеткен. Аларды жерге салынган төшөккө отургузуп, колдоруна оюнчуктарын карматты да, буурчакты чоң мискейге салып, отко асып койду. Гортензия муну бир баш пияз, сарымсактын бир нече тишин кошуп даярдачу жана Эсперансага улам аралаштырып, суудан куюп, демдеп коюш керек деп үйрөткөн. Ал буурчактарды аралаштырып жатып, Пепе менен Лупенин ойноп жатканын карады. «Азыр мени Абуэлита көрсө! – деп ойлоду ал. – Ал мени менен сыймыктанмак».

Анан Эсперанса балдарга түштө эмне берсем деп издей баштады. Столдо кара өрүк туруптур. Булар бышкан болуш керек деп ойлоду да, бир нече кара өрүктүн данегин алып таштап, вилка менен эзди. Балдарга бул аябай жагып, кайра-кайра сурап жатышты. Эсперанса дагы үч кара өрүк эзип берди эле, аны да жеп коюшту. Кара өрүккө тоюп, бөтөлкөдөгү сүттү ичишти.

– Түшкү тамакка ушу болот, – деди Эсперанса алардын бетин аарчып жатып. Эми булардын уктарын ойлогондо, жыргай түштү. Алардын суу жалаяктарын Жозефина менен Исабель айткандай кылып алмаштырды. Анан Пепени бөтөлкөсү менен жаткырды, ал уктаган соң, Лупени жаткырып, өзү да алардын жанына жатып, көзү илинип кетти.

Бир маалда Лупенин ыйлаганынан, сасык жыттан улам ойгонуп кетти. Баланын ичи өтүп кетиптир. Эсперанса Пепе ойгонуп кетпесин деп, аны аркы бөлмөгө алып чыкты. Лупенин булганган жалаягын алмаштырды да, анан дааратканага алып бармак болуп, эшиктин жанына таштап койду. Лупени алып кирсе, Пепенин да ичи өтүп кетиптир. Аныкын да алмаштырып келип, жалаяктарды чайкаш үчүн дааратканага жүгүрдү. Анан кайра үйгө чуркады.

Бул жолу башкача бир жыт келди. Буурчак! Суу куйганды унутуп калыптыр. Мискейди ачса, түбүнө тартып, күйүп баратыптыр. Эсперанса суу куюп, жакшылап аралаштырды.

Балдар уктай албай ыйлай беришип, дагы жалаяк булгашты. Эшиктин жанына жалаяк үйүлүп кетти.

Ооруп калыштыбы деп коркуп кетти Эсперанса. Суук тийип калдыбы же бир нерсе жеп алыштыбы? Жана эле жакшынакай турушпады беле? Бүгүн эмне жешти эле? Сүт менен эле кара өрүк. «Кара өрүк!». Балдардын аш казанына жакпай калды бекен?

Кичинекейинде ушинтип ооруп калганда, Гортензия эмне берчү эле? Ал эстегенге аракет кылды. Күрүч кайнатып берчү! Бирок аны кандай кылчу эле? Эсперанса мискейди отко коюп, бир чөйчөк күрүч салды. Канча суу куюш керектигин биле албай турду, бирок Гортензиянын күрүч эзилгенче суу куя бергенин эстеди. Суудан көбүрөөк куюп, күрүчтү кайнатты. Анан суусун куюп алып муздатты. Балдар менен жерге отуруп, күрүчтүн суусун кашыктап берип турду. Акыры Исабель келди.

– Эмне болду? – деп сурады Исабель эшиктин жанындагы үйүлгөн жалаяктарды көрүп.

– Кара өрүк жеп, ичтери өтүп жатат, – деп Эсперанса тигилерге кара өрүк эзип берген табакты көрсөттү.

– Ах, Эсперанса! Чийки кара өрүк жегенге булар али кичинекей да! Балдарга кара өрүктү кайнатып бериш керектигин элдин баары билет, – деп капа болду Исабель.

– Мен эл эмесмин! – деп кыйкырды Эсперанса. Башын жерге салып, бетин эки колу менен жаап алды. Пепе чулдурап келип, тизесине отурду.

Эсперанса Исабелди карап алып, бекер эле кыйкырдым окшойт деп ойлоду.

– Мен кыйкырайын деген эмес элем. Бүгүн мен үчүн өтө оор күн болду. Буларга күрүчтүн суусун бергем, азыр ичтери өтпөй калды окшойт, – деди.

Исабель таң калгансып:

– А сен туура кылган турбайсыңбы! – деди.

Эсперанса башын ийкеп, үшкүрдү да, жеңилдей түштү.

Ал күнү кечинде эшиктин жанындагы тепшиде жуулуп, сыгылган, бирок жайылбай турган жалаяктар, түбүнө тартып кеткен буурчак, күрүч толгон мискей жөнүндө билмексен болушуп, эч ким сөз кылган жок. Абдан чарчап, эртерээк жаткысы келип турганын айткан Эсперансага эч ким эч нерсе дебеди.

***

Жүзүмдү күзгү жаан башталганча үзүп бүтүш керек болгондуктан, ишемби жана жекшемби күндөрү да иштөөгө туура келди. Күндүн ысыгы отуз градустан ашып турду. Автобус Исабелди мектепке алып кетери менен, Эсперанса балдарды үйгө алып кирчү. Бөтөлкөгө сүт куюп берип, алар ойноп жатканда, төшөк сала койчу. Анан Гортензиянын айтканы боюнча тамак бышырган соң, кир жууганга киришчү. Ал бул жердеги абанын ысыктыгы менен кургактыгына таңданчу: дарактарга тартылган кермедеги кирлер бир нече мүнөттүн ичинде эле кургап калчу.

Түштөн кийин Ирен менен Мелина келгенде, Эсперанса көлөкөгө төшөк салчу. Ага Мелина менен

сүйлөшүү жакчу эле. Бир жагынан ал дагы эле кичинекей кыз болчу: Исабель жана Сильвия менен ойноп, Эсперанса менен класстаalmost курбулардай ушакташчу. Бир карасаң, кадимки эле балалуу аялдай болуп башка мексикалык чоң аялдарга кошулуп, кечинде тор токуганды жакшы көрчү.

– Токуганды билесиңби? – деп сурады Мелина.

– Бир аз, – деп жооп берди Эсперанса, Абуэлитанын баягы жууркан жапкычын эстеп. Аны алып, токуп бүтүргөнгө азыр колу тиймек эмес.

Мелина уктап калган баланы төшөккө жаткырып, токуп жаткан нерсесин алды. Ирен болсо элүү фунттук майда гүлдүү ун капты алып, андан көйнөк бычып жатты.

Эсперанса Пепе менен Лупени кытыгылады эле, алар кыткылыктап күлүп ийишти.

– Булар сени аябай жакшы көрүшөт экен, – деди Мелина. – Кечээ сен жыгач аянтчаны шыпырып келгенче, ыйлап, айламды кетиришти.

Бул чын болчу. Үйгө кирери менен жабыша калышып, өзгөчө Пепе бура бастырчу эмес. Лупенин мүнөзү жакшы, көп чыргоолобойт, бирок, карап турбаса, бир жакка жөрмөлөп кетет. Мындай бурулса эле, Лупе көрүнбөй калат.

Эсперанса уктап калышар бекен деп Лупе менен Пепени таптап отурду, бирок алар бөтөлкөлөрү колго тийгенден кийин да тынчышкан жок. Анан калса, күн да эмнегедир катуу тийип, балдардын башына өтүп, эрбейген жумшак чачтары нымшыды.

– Бүгүн иш таштоо күнү, – деди Мелина. – Эртең эрте менен жарыялашат экен деп уккам.

– Кечээ кечинде ошону эле кеп кылып жатышкан, – деп кошумчалады Эсперанса. – Альфонсо биздин лагердегилер иштей беребиз дешти деп, биздикилердин иш таштабагандыгына ыраазы болду.

Ирен көйнөк тигип жатып, башын чайкады:

– Көптөгөн мексикалыктардын канында революция дагы эле бар. Иш таштагандарга да, иштеп жаткандарга да боорум ооруйт. Биз баарыбыз бир эле нерсени – өзүбүздүн, балдарыбыздын курсагынын ток болушун гана каалайбыз.

Эсперанса башын ийкеди. Апам экөөбүз Абуэлитаны бул жакка алып келишибиз керек, биз иш таштоого катыша албайбыз деп ойлоду ал. Бизге акча, үстүбүзгө үй керек. Жанагы уккандарын ойлоп, коркуп кетти: эгер алар ишке чыкпай койсо, алардын ордуна оклахомалыктарды алып коюшат. Анда алардын күнү эмне болот?

Капыстан болгон шамал Ирендин колундагы мүшөктү талаага учуруп кетти. Балдар чочуп отура калышты. Ысык шамалдын эпкини катуулап, жууркандын чети көтөрүлө түштү. Лупе ыйлап Эсперансанын этегине жабышты.

Ирен ордунан туруп, чыгыш жакты карады. Сары булут каптаган асман карара түшүп, шамал чөп-чарды учуруп келатты. Тоонун ары жагынан күрөң түстөгү бир нерсе көрүндү.

– ¡*Una tormenta de polvo!*[1] – деп кыйкырды Ирен. – Тезирээк кетели!

Алар балдарды алып, үйдү көздөй чуркашты. Ирен эшик-терезени жапканга шашты.

– Эмне болуп атат? – деп сурады Эсперанса.

– Чаң сапырган бороон. Мындайды сен али көрө элексиң, – деди Мелина. – Бул аябай жаман.

– Апам, Гортензия жана башкалар эмне болот? Альфонсо менен Мигел жүзүм бакта да?

– Аларга машина жиберишет, – деди Ирен.

Эсперанса терезени карап турду. Миңдеген акр айдалган жер асман уюлгуган бороонго жем болду. Ары жакта турган дарактар да көрүнбөй калды. Анан үн чыга баштады. Адегенде жамгыр жаагандай болуп барып анан күчөп кетти: күүлдөгөн шамал кум учуруп, терезелер менен темир чатырды тарсылдата баштады.

– Терезеден алыс тур! – деди Ирен. – Шамал менен кумдан айнек талкаланып кетиши мүмкүн.

Үйгө чаң кире баштагандыктан, эшиктин асты-үстүнө чүпүрөк тыгышты. Эсперанса бороондо калгандарды ойлоп жатты. Исабель мектепте, аны мугалимдер карашат болушу керек. Бирок апасы, Гортензия жана Жозефина ачык бастырманын алдында иштеп жатышпады беле. Азыр машина менен келип калышар деп үмүттөнүп турду. Жүзүм бакта иштеп жаткан Альфонсо, Хуан, Мигелдер эмне болуп атышты экен, жашына турган жер табышты бекен?

---

[1] ¡*Una tormenta de polvo!(исп.)* – Чаң бороон!

Ирен, Мелина жана Эсперанса төшөктө балдарды сооротуп отурушту. Жабык бөлмө аябай үп болуп кетти. Ирен сүлгүлөрдү суулап келип, балдардын, өздөрүнүн бети-башын сүрүштү. Тиштеринде кум кычырап, топурактын даамы келип турду.

– Бул адатта канчага созулат? – деп сурады Эсперанса.

– Кээде бир нече саат болот, – деп жооп берди Ирен. – Адегенде шамал токтойт да, анан чаң басылат.

Эшиктен мышыктын мыёологону угулду. Эсперанса чуркап барып, эшикти араң ачты. Бөлмөгө Исабелдин мышыгы Чикита кирди. Баягы кызыл түсү жок, чаңдан бопбоз болуп калыптыр.

Акырында балдар уктап калышты. Ирен туура айткан экен: шамал токтогону менен, чаң дагы эле каалгып турду. Ирен Мелина экөө баласын алып, жамынгыч жамынып, үйүн көздөй чуркашты.

Эсперанса тынчсызданып, ары-бери басып күтүп атты.

Биринчи болуп мектептин автобусу келди.

Үйгө Исабель чуркап кирди:

– Менин мышыгым! Чикита!

Эсперанса аны кучактады:

– Мышыгың жакшы эле. Бирок чаңдан өңү билинбей керебеттин алдында жашынып жатат. Өзүң кандайсың?

– Жакшы элемин, – деди Исабель. – Биз керели кечке мектептин ашканасында башыбызга суу чүпүрөк коюп алып ойноп отурдук. Бирок Чикитадан аябай коркподумбу.

Эшик ачылып, апасы кирди. Бети-башын күрөң чаң каптап, чачы Чикитанын жүнүндөй болуп калыптыр.

– Ох, апа!

– Баары жакшы, алтыным, – деди апасы, анан жөтөлүп ийди.

Артынан Гортензия менен Жозефина кирди. Алардын түрүнөн таң калган Исабель колу менен жаагын баса койду:

– Силер... силер енотко[1] окшоп калыпсыңар.

Чаңдан көзүн жума беришкендиктен, аялдардын көзүнүн тегереги кызыл тегерек болуп калыптыр.

– Машиналар бизге дароо келген жок, аларды күтүп отурушка туура келди, – деп түшүндүрдү Гортензия. – Үкөктөрдүн арасына кирип, башыбызды катып жашынымыш болдук, бирок ал деле анча жардам бербеди.

Жозефина балдарды өздөрүнүн үйүнө алып кетти, апасы менен Гортензия кол жуугучка колдорун жууганда, суу капкара болуп кетти. Апасы дагы эле жөтөлүп жатты.

– А Альфонсо, Хуан, Мигелдер эмне болду? – деп сурады Эсперанса.

– Бизге жеталбай жаткан машиналар жүзүм бакка да жеталбай атса керек. Күтөбүз да, – деди Гортензия. Анан апасы экөө чочулаган сыяктуу тиктешип коюшту.

---

[1] *Енот* – сүт эмүүчүлөр классына кирген жандык.

Бир нече сааттан кийин Хуан, Альфонсо жана Мигелдер келишти, алардын кийими чаңдан боз ала болуп, катып калыптыр. Алар да жөтөлүп, улам-улам тамагын кырынып жатышты. Чаң каптаган беттери Эсперансага жарылып кеткен карапа кумараларды элестетип турду.

Алар кол жуугучка кезектешип жуунуп жатышты, боз ала чаң кийимдер үйүлө берди. Эсперанса сыртты караса дарактар көрүнүп калыптыр, бирок чаң дагы эле отура элек экен. Апасынын жөтөлү катуулап кеткендиктен, Гортензия ага бир пияла суу алып келип берди.

Чоңдор столго отурган соң, Эсперанса сурады:

– А иш таштоо эмне болду?

– Иш таштоо болбой калды, – деди Альфонсо. – Жүздөгөн адамдар плакат кармап, даяр болуп турушканда, бороон башталып кетиптир. Пахтанын бою жерге жакын болгондуктан, кумдун астында калып, эми баары бир азыр тергенге болбойт. Эртең иш таштоочулар кудайдын буйругу менен жумушсуз кала турган болду.

– А биз эмне кылабыз? – деп сурады Эсперанса.

– Жүзүм алда канча бийик, – деди Альфонсо. – Сабактарын чаң каптап калганы менен, мөмөлөрү эч нерсе болгон жок. Бышкан жүзүм күтүп турбайт, биз эртең эле жумушка чыгабыз.

Кийинки күнү эртең менен асман көгөрүп, бейпилдик өкүм сүрүп туруптур. Чаң жумшак жабууга окшоп жерди жаап калыптыр. Лагердин тургундары үй-жайларын күүп-кагып, чаңдан

арылткан соң, эч нерсе болбогондой жумушка чыгышты.

Бир жуманын ичинде жүзүм терилип бүттү. Аны үкөктөргө салган соң, картөшкө казуу башталат экен деп калышты. Лагердеги тартип талаадагы жөөктөрдөй бир кылка жана катуу болгондуктан, мындагы жашоо дээрлик өзгөрүлчү эмес. Апасы гана баягы бороондон кийин жөтөлүп калды.

***

– Апа! Купкуу болуп кетипсиң го! – деп ийди Эсперанса.

Апасы кулап кетчүдөй болуп үйгө араң кирди да, ашканадагы отургучка отура кетти.

Гортензия жанында күйпөлөктөп жүрдү.

– Тоок шорпо жасап, сарымсактан көбүрөөк салып берейин. Бүгүн катуу ооруганынан отуруп иштебедиби. Эми кандай болот, тамак жебей жатпайбы. Карачы, арыктап да кетти! Бороондон бери бир ай өткөнү менен, дагы эле өзүнө келе элек. Дарыгерге көрүнсө жакшы болот эле.

– Апа, Гортензиянын тилин алчы, – деп жалдырады Эсперанса.

Апасы башын араң көтөрүп, аны карады.

– Мен жакшы элемин, болгону аябай чарчадым. Мунун баары – көнбөгөндүктөн. Сага айтпадым беле, дарыгер чакырганга акчабыз жетпейт.

– Ирен менен Мелина түштөн кийин тор токуганы келишет, – деди Эсперанса, апасын кубантам деген ой менен.

– Алар менен өзүң отура бер, – деди апасы. – Мен шорпо бышканча жата турайын. Башым ооруп турат. Түшкү тамактан кийин дароо жатып, жакшылап эс алсам эле жакшы болуп кетем. – Ал жөтөлүп ордунан турду да, бөлмөдөн акырын чыкты.

Гортензия Эсперансаны карап башын чайкады.

Бир нече убакыттан кийин, Эсперанса апасына барды:

– Шорпо бышты. – Бирок апасы кыймылдаган жок. – Апа, тамак даяр болду, – деди да, колунан кармап акырын тартты. Колу күйүп-жанып, бети кызарып кеткен апасы дагы эле ойгонгон жок. Эсперанса коркконунан кыйкырып ийди: – Гортензия!

***

Сары чачтуу америкалык дарыгер келди. Бирок испанча жакшы сүйлөйт экен.

– Өтө эле жаш дарыгер экен, – деди Гортензия.

– Бул лагердегилерди мурун да карап жүргөн, эл буга ишенет, – деди Ирен. – Анан калса, бул жакка дарыгерлердин баары эле келе бербейт.

Альфонсо, Хуан жана Мигел эшиктин алдында күтүп турушту. Төшөктө көзүн алайтып коюп, Исабель отурат. Эсперанса ичкериде эмне деп жатышканын уккусу келип, эшиктин жанында ары-бери басып турду.

Дарыгер ичкериден капалуу маанайда чыкты. Аялдар отурган столго келди. Эсперанса да анын жанына барды.

Дарыгер эркектерди да чакырып, баары келгенче күтүп турду.

– «Өрөөн безгеги» менен ооруп калыптыр.

– Ал кандай оору? – деп сурады Эсперанса.

– Бул – өпкөнүн оорусу, чаңдан болот. Бул жердин абасына көнбөгөн адамдардын өпкөсүнө кээде чаң кирип кетет да, ушул ооруну пайда кылат.

– Бирок чаң бороонго баарыбыз эле кабылдык да, – деди Альфонсо.

– Бул өрөөндө жашагандардын баары эле чаң жутушат, бирок көпчүлүк учурда организм бул ооруга моюн бербейт. Кээ бир адамдарда анын белгилери эч байкалбайт. Айрымдарында сасык тумоодой болуп бир нече күнгө созулат. Ал эми кандайдыр бир себептерден улам оору менен күрөшө албагандар катуу ооруп калышат.

– Канчалык катуу? – деп сурады Гортензия.

Эсперанса отуруп калды.

– Безгек басылгансып, кайра башталышы мүмкүн. Ошентип бир нече жумага созулушу ыктымал. Жөтөлөт, башы, муундары ооруйт. Кызамык пайда болушу ыктымал.

– Ал бизге жугушу мүмкүнбү? Балдаргачы? – деп сурады Жозефина.

– Жок, – деди дарыгер. – Бул жугуштуу оору эмес. Балдар мунун жумшак формасы менен оорушу мүмкүн. А чоңдор билбей да калат. Эгер организм бул

инфекцияны бир жолу жеңсе, экинчи жолу минтип оорубайт. Бул жерде көптөн бери жашагандардын иммунитети бар. Башка жактан көчүп келген, элеттин чаңына көнбөгөн чоңдорго баарынан кыйын болот.

– Качан айыгат? – деп сурады Эсперанса.

Дарыгер чарчаңкы көрүндү. Кыска сары чачын сылады да, мындай деди:

– Иче турган дарылар бар, аларды ичип айыгып кетсе, өзүнө келиш үчүн алты ай убакыт керек.

Эсперансанын ийнине артында турган Альфонсо колун койгонун сезди. Бетинен каны качты. Дарыгерге атасынан айрылганын, Абуэлита алыста экенин, апасынан айрыла албай тургандыгын айткысы келди.

Жүрөгү түшүп, дем жетпей, тамагы кургап баратты. Дарыгердин сөзүн гана шыбырап кайталаганга жарады: «Айыгып кетсе».

# *LAS PAPAS*
# Картөшкө

Эсперанса апасынын жанынан жылган жок. Чекесин нымдалган чүпөрөк менен сүртүп, шорподон чай кашык менен берип турду. Мигел анын ордуна аянтчаны шыпырып келмек болду эле, Эсперанса макул болгон жок. Ирен менен Мелина апасынан кабар алып, балдарды алып кеткени күн сайын келип турушту. Альфонсо менен Хуан апасын ноябрдагы сууктан коргош үчүн бөлмөнү гезит жана картон менен кайра чаптап чыгышты, Исабель сүрөттөрдү тартып, дубалга илип койду. Гезиттерди карап жаткан жаман деп ойлосо керек.

Бир нече жумадан кийин доктор жаңы дарыларды алып келди.

– Өзгөрүү жок, – деди ал башын чайкап, – жакшы болуп кетпептир.

Апасы баш көтөрбөй уктап жатты, бирок уйкусу үзүл-кесил эле. Көзүн ачса эле, Абуэлитаны чакырат. Эсперанса санаага батып, араң чыдап отурат. Көбүнчө ордунан тура калып, кичинекей бөлмөдө ары-бери баса берет.

Бир күнү эрте менен апасы шыбырап чакырды:

– Эсперанса...

Эсперанса чуркап келип, колунан кармады.

– Абуэлитанын жүк жапкычы, – деп шыбырады апасы. Эсперанса керебеттин алдынан чемоданды алып чыкты.

Аны баягы бороон болгондон бери ача элек болчу. Буга да апасынын өпкөсүндөй болуп чаң кирип кетиптир.

Абуэлита атасы өлгөн түнү баштаган жүк жапкычты алып чыкты. Анын баары таптакыр башка жашоодо болгондой сезилип турду. Ошондон бери чындап эле бир нече ай өтүп кеттиби? Кыз жайып карады: эни бир-эки карыштай болгон бул неме жүк жапкычка эмес, узун моюн орогучка окшоп турду. Эсперанса жүк жапкычка кошо токулган Абуэлитанын чачын – анын жакшы каалоолорун, апасы экөөнө болгон сүйүүсүн көрдү. Аны бетине жакындатып, баягы очоктогу оттун изин, жалбыздын буркураган жытын сезди.

Эсперанса апасын карады. Ал көзүн жумуп, энтигип жатыптыр. Ага Абуэлита керек экени көрүнүп турду. Ал экөөнө тең керек. Бирок Эсперансанын колунан эмне келет? Апасынын алсыз колун алып өөп койду. Анан жүк жапкычты сунду. Апасы аны көкүрөгүнө кысты.

Жүк жапкычты берип атып Абуэлита эмне деп айтты эле? Анан барып эстеди. Абуэлита: «Муну мен үчүн бүтүр, Эсперанса... анан апамы карайм деп убада бер» – деп айткан.

Апасы уктап кеткенден кийин, Эсперанса Абуэлита токтогон жерден токуй баштады. Тоонун

чокусуна чейин он илмек, бирди кошуш керек. Эми өрөөнгө чейин он илмек, бирди коё бериш керек. Эми манжалары ийкемдүүрөөк болуп, илмектер тегизирээк түшүп жатты. Жүк жапкычтагы тоолор менен өрөөндөрдү го оңой эле токуп атат. Бирок жашоодо тоонун чокусуна чыгары менен эле кайра ылдый түшүп калып атпайбы. Азыр жашап аткан өрөөндөн качандыр бир кезде чыга алар бекен? Апасы ооруган өрөөндөн.

Абуэлита дагы эмне деп айтты эле? Көптөгөн тоолор менен өрөөндөрдөн өткөндөн кийин, кайра бирге болобуз деп айткан. Эсперанса берилип, түшкөн чачын жүк жапкычка кошуп токуй берди. Бул жүк жапкычта кала бере турган тилектерин ойлогондо ыйлап ийип атты.

Анын азыр апам өлбөсө экен деген бир гана тилеги бар эле.

Жүк жапкыч узарган сайын апасы кубара берди. Лагердеги аялдар Эсперансага жип алып келип берип атышты, алардын бири-бирине ылайык келер-келбесин Эсперанса ойлоп да койгон жок. Түн сайын жатардын алдында апасына ушул – үмүттүн гүлдүү жүк жапкычын жабат.

Эсперансага апасы айланасын кайдыгер карап калгандай сезилди.

– Апа, – деди ал жалдырап, – сен шорподон көбүрөөк ичишиң керек. Апа, ширеден көбүрөөк ичишиң керек. Келчи, чачыңы тарап берейин, көңүлүң ачылып калат.

Бирок апасы көңүлкош жата берди. Эсперанса анын бүлкүлдөп ыйлап атканын көп укчу болду. Канча кыйынчылыктарды жеңип, ушул жерге келгенден кийин анын күчтүү, чечкиндүү апасы жеңилип бергендей сезилип кетчү.

***

Талаага кыроо түшө баштаганда, апасы дем ала албай калчу болду. Баягы дарыгер дагы келип :

– Ооруканага жаткырыш керек. Абалы өтө эле начар, ал аз келгенсип, көңүл чөктү да болуп калыптыр. Дайым дарыгердин кароосунда болуш керек. Аймактын ооруканасы болгондуктан, дарыга гана акча төлөйсүңөр, – деп кабатырланып, жаман кабар айтты.

Эсперанса башын чайкады:

– Оорукана – адамдар өлүш үчүн бара турган жер. – Анан буркурап ийди.

Исабель да ыйлады.

Гортензия эки кызды кучактады:

– Жок, жок, апаңы ооруканага айыктырыш үчүн жаткырышат.

Гортензия апасын жуурканга ороду, Альфонсо аларды Бейкерсфилддеги аймактык ооруканага алып кетти. Анда Эсперанса апасы менен бир нече мүнөт гана боло алды. Апасын коштошордо өптү, ал болсо унчукпастан көзүн жумду да, кайра уйкуга кетти.

Кечинде Эсперанса машина жарык кылган жолдон көзүн албай кайтып келатты.

– Гортензия, дарыгер апамы көңүл чөктү болуп атат деп эмнени айтты?

– Апаң бир нече айдын ичинде күйөөсүнөн, үйүнөн, болгон акчасынан ажырады. Бул абдан оор кайгы да. Кээде кайгы менен санаадан адам катуу ооруп калат. Апаң абдан күчтүү киши, ал атаңдын өлүмүн, бул жакка келгендеги кыйынчылыктардын баарын көтөрдү. Сен үчүн. Бирок, ушул оору анын айласын кетирип койду. Ал өзүн кандай байкуш сезип атканын ойлоп көрсөң.

Гортензия жүз аарчысын алып чыгып, көз жашын сүрттү.

Эсперанса апасынын ооруп калышына өзү да себепкер экенин, эми ага жардам бериш керектигин түшүндү. Апасы Эсперанса үчүн күчтүү болуп жүргөн турбайбы. Эми ал апасы үчүн күчтүү болушу зарыл. Апасына кайраттуу экенин көрсөтүп, санаасын тындырыш керек. Бирок кантип?

– Абуэлита. Мен Абуэлитага кат жазышым керек.

Гортензия башын чайкады:

– Менимче, абаларың кечилканага келип-кеткендерди дагы эле аңдып турат болушу керек. Мүмкүн, почтаны да текшерип жаткандыр. Абуэлитага катты алып барып бере турган бирөөнү тапсак жакшы болот эле.

– Мен жөн эле отура бере албайм, – деди Эсперанса туттугуп.

Гортензия кызды кучактады.

– Кыжалат болбо, – деди ал, Эсперансаны жубатып, – дарыгерлер менен мээрманайымдар эмне

кылышты билишет, а биз болсо бири-бирибизге кам көрөбүз.

Эсперанса унчуккан жок, бирок ичинен апасы Абуэлитаны сагынганын ойлонуп баратты. Эгер апасы кайгыдан ооруп калган болсо, бир аз кубаныч ага сөзсүз жардам берет болуш керек.

Лагерге келгенден кийин Эсперанса үйдүн артына сыйынганы барса, бирөө жоолук токуп, кудай эненин ийнине салып коюптур, муну көрүп ыйлагысы келди.

– Абуэлитага апамды карайм деп убада бердим эле, – деди, – кантип жардам беришим керектигин айта көр.

***

Эртеси күнү Эсперанса чоң жоолукка оронуп алып, Мигелдин жүзүм бактан келишин күтө баштады. Кыз машиналар келип токточу жерде ары-бери басып турду. Кыштын суугу түшүп калгандыктан, жоолугун ого бетер кымтыланды. Эмне кылсам деп керели кечке ойлонду. Апасынын ооруганына бир айдан ашып, акча да түгөндү. Жыйган-терген акчанын баары дарыгерлер менен дары-дармекке кетти. Эми эсеп кагаздар ого бетер көбөйдү. Альфонсо менен Гортензия жардам беребиз дейт, бирок алар ансыз деле көп көмөктөштү, анын үстүнө өздөрүнө акча керек. Аларды карап отура бергенде болбойт.

Абуэлитанын буту айыкты болуш керек. Бирок Луис абанын банкынан акчасын ала албаса, ал бул

жакка келе албайт. Тезирээк келтириш үчүн ага эптеп акча берип ийиш керек.

Мигел машинадан секирип түшкөндө, Эсперанса аны чакырды.

– Мындай урмат-сыйга татыктуу болуш үчүн эмне кылышым керек, менин королевам? – деп сурады ал, күлүп.

– Мигел, жиниме тийбечи. Мага жардам керек. Абуэлита биз менен чогуу болушу, апама кайрат бериши үчүн менин иштешим керек болуп атат.

Эсперанса Мигелдин ойлоно түшкөнүн байкады.

– Бирок сен эмне кыла аласың? Пепе менен Лупени ким карайт?

– Талаада же бастырмада иштей алам, а Пепе менен Лупени Мелина менен Ирен карай беребиз дешти.

– Азыр талаада эркектер иштеп жатышат, а бастырмада иштегенге болсо жаштык кыласың.

– Менин боюм бийик да. Чачымы да бийик кылып түйүп алам. Менин канчада экенимди алар билбей калышат.

– Азыр ылайыксыз мезгил болуп жатпайбы, кеп ушунда. Азыр үкөктөргө же каптарга салына турган эч нерсе жок. Жазында гана спаржа[1] башталат. Апам менен Жозефина кийинки үч жумада картөшкөнүн көзүн кесишет. Ошолорго кошулбайсыңбы?

– Бирок бул үч эле жума турбайбы! – деди Эсперанса. – Мага көпкө чейин иштей турган жумуш керек!

[1] *Спаржа* – тамакка пайдаланган чөп өсүмдүгү.

– Анса, картөшкөдө иштеп кете алсаң, жүзүм байлаганга чакырышат, ал да колуңан келсе, спаржага иштетишет. Дайыма ушундай болот. Бир нерсени иштеп кетсең, башка нерсеге алышат.

Эсперанса башын ийкеди.

– Сен мага бир нерсени айтасыңбы?

– *Кларо*[1].

– Картөшкөнүн көзү деген эмне?

***

Эсперанса Жозефина, Гортензия болуп аялдар менен турду. Алар жумушка алып кете турган машинаны күтүп жатышты. Өрөөндү коюу туман басып турат. Алар боз булутта тургандай болушту. Шамал жок, жымжырттык менен ичтен алган карандай суук.

Эсперанса колунан келишинче жылуу кийинди: эски жүн шым, свитер, эски куртка, токума шапка, жука жана калың мээлей. Мунун баарын лагердеги досторунан алды. Гортензия кирпичти кантип ысытып, ороп алыш керек экенин көрсөтүп берди. Машинада тоңуп калбас үчүн кирпичти бооруна кысып турду.

Сүттөй туманда машина баткак жол менен кыбырап баратты. Ээн калган жүзүм бактын жанынан өтүштү. Туманга төнгөн күрөң бутактар үшүгөндөй, жалгызсырагандай сезилет.

---

[1] *Кларо* – албетте.

Машина заңгыраган бастырманын жанына токтоду. Бул дубалы жок узун имарат бир нече бөлүктөргө бөлүнүптүр. Узундугу алты вагондой бар экен. Бир капталында рельс, экинчи капталында машиналар, жүк түшүрө турган платформалар турат. Бул бастырмада иш кандай болорун Эсперанса апасынан жана башкалардан уккан. Машиналар талаадан алып келген түшүмдү, мөмө-жемиштерди аялдар узун столдорго туруп алып үкөктөргө салышат экен. Жумушчулар болсо ал үкөктөрдү темир жол вагондоруна жүктөшөт. Вагондор паровозго чиркелип, даяр продукция бүт Кошмо Штаттарга таралат.

Бирок картөшкөнүн көзүн кесүү такыр башка иш эле. Азыр идиштерге сала турган түшүм жок болгондуктан, бастырмада адаттагыдай ызы-чуу жок. Болгону жыйырма чакты аял көмкөрөсүнөн коюлган бош үкөктөрдү тегерек тарта тизип, шамалдан коргонуп отурушуптур.

Мексикалык башкаруучу алардын атын атады. Алардын өңүнө деле көп караган жок. Жозефина Эсперансага жакшы иштесең, кожоюндар жашыңа деле көңүл бурбайт дегендиктен, жан талашып иштеш керектигин сезди.

Эсперанса Гортензия менен Жозефина эмне кылса, ошонун баарын кайталай берди. Аялдар жылыныш үчүн ысык кирпичти аяк алдына койгондо, ал да койду. Сырткы калың мээлейин чечип, жука мээлей менен иштей баштаганда, ал да ошентти. Ар бир аялдын артында бирден темир тепши. Жумушчулар картөшкөнү алып келип ошого төгүшөт.

Гортензия бирди алып, курч бычак менен кылтыйган тамырына карата бир нечеге бөлдү. Тамырды бычагы менен көрсөтө Эсперансага шыбырады:

– Мына муну көз деп коюшат. Ар бир бөлүккө экиден тамыр ташта, бири болбосо, бири чыккыдай болсун. – Анан картөшкөнү капка таштады.

Кап толгондо, жумушчулар алып кетишти.

– Кайда алып барышат? – деп сурады Эсперанса Гортензиядан.

– Талаага. Алар отургузган көздүү бөлүктөрдөн картөшкө өнүп чыгат.

Эсперанса бычакты алды. Эми ал картөшкөнүн кайдан келерин түшүндү.

Аялдар сүйлөшө башташты. Кээ бирлери лагерден эле тааныш экен. Алардын бири Мартанын жеңеси болуп чыкты.

– Иш таштоо жөнүндө дагы эле кеп болуп атабы? – деп сурады Жозефина.

– Азырынча тынч, бирок алар дагы эле оюнан кайтыша элек, – деди тиги аял. – Жаз келип, түшүм жыйнаар маал болгондо, кайра иш таштоо уюштурабыз деп жүрүшөт окшойт. Бир балакет болбосо экен деп коркобуз. Эгер алар иштен баш тартса, лагердеги үйлөрүнөн айрылышат. Анан кайда барып жашайт? Баарын кайра Мексикага айдаса, андан бетер жаман болот.

– Кантип эле баарын кайра айдасын?

– Аны репатриация[1] деп коюшат, – деди Мартанын жеңеси. *Ла мигра*[2] чатак чыгарган адамдарды топтоп, документтерин текшерет. Эгер документтери жайында болбосо же жанында жок болсо, аларды кайра Мексикага айдайт. Бир нече муун ушул жерде жашап калган, жарандык алган, Мексиканы бир да көрбөгөн үй-бүлөлөрдү да айдап ийген учурлар болгон.

Эсперанса баягыда чек арада элди поездге айдап кирип жатканын эстеди. Документтерин туура жасашкан Абуэлитанын эжелерине ыраазы болду.

Мартанын жеңеси сөзүн улады:

– Иш таштагандар иштеп жаткан мексикалыктарга зыян келтиребиз деп жүрүшөт дейт.

Тегеректеги аялдар бүт ынтаасын картөшкөгө коюмуш болгону менен, Эсперанса алардын кооптоно түшкөнүн байкап калды.

Гортензия жөтөлүп:

– Эгер жаз келгенде да иштей берсек, кайын сиңдиң менен курбулары бизге зыян келтиришер бекен? – деди.

– Биз ошондой болбосо экен деп кудайдан тилеп атабыз. Күйөөм аларга кошулгусу жок. Бизде «келе тамак» деп отургандар көп. Мартага да биздикине келбе деп айтты. Биз ал үчүн үй-жайыбызды же жумушубузду тобокелге сала албайбыз.

---

[1] *Репатриация* – башка мамлекеттерден келген адамдарды мекенине кайтаруу.

[2] *Ла мигра* – иммиграция бийлиги.

Баары баш ийкеп кубатташты. Жымжырттык өкүм сүрүп, картөшкөнүн гана кесилген үнү угулуп турду.

– *Ла Навидадда*[1] Мексикага эч ким барбайбы? – деп сурап калды бир аял, башка сөзгө буруп.

Эсперанса картөшкө кесип жатканы менен, эки кулагы сүйлөшүп аткандарда болду: балким Рождестводо бирөө Агуаскальентеске барып калар? Бирок барайын деген эч ким жок болуп чыкты.

Жумушчу Эсперансанын тепшисине дагы картөшкө төктү. Анын дабышынан улам Мартанын жеңесинин сөзүн эстеди. Эгер иш таштагандар иштегендерди коркута турган болсо, ага да келишет болушу керек. Эсперанса ооруканадагы апасын, Мексикадагы Абуэлитаны ойлоду. Азыр көп нерсе өзүнүн жумушуна жараша болчудай болуп калды. Эгер жазында жумушка алыша турган болсо, ал бирөөлөрдүн тилине кирбей турган болду.

Рождествого бир нече күн калган кечте, бардыгы лагердин чогулушуна кеткенде, Эсперанса түрүлгөн жиптен Сильвия үчүн куурчак жасап жаткан Исабелге жардамдашып жатты. Исабелге бул өнөрдү үйрөткөндөн бери күн сайын үйдө жаңы куурчак пайда болуп калган. Түрдүү түстөгү сулуу куурчактар ар бир жаздыкта отурчу.

– Сильвия аябай кызыгып атат, – деди Исабель, – анткени анын эч качан куурчагы болгон эмес.

---

[1] *Ла Навидад* – Рождество майрамы (Иисус Христостун туулган күнү).

– Биз анын куурчагына кийим да жасайбыз, – деди Эсперанса.

– Ранчо де лас Росаста Рождество кандай болчу эле? – Исабель Эсперансанын мурунку жашоосун уккандан тажачу эмес.

Эсперанса шыпты тиктеп эстей баштады:

– Апам үйдү рождество гүлчамбарлары жана шамдар менен жасалгалачу. Атам кире беришке эңилчектин үстүнө Христостун туулган жерин кенедей кылып жасап койчу. Гортензия болсо керели кечке тамак жасачу. Анда эттен жасалган ар түрдүү пирогдор, *эмпанадас,*[1] тамалес болор эле. А Абуэлитанын белектерди коочдогонучу! Сага сөзсүз жакмак. Лентанын ордуна жүзүмдүн кургак бутакчалары менен гүлдөрдү колдончу. Рождество түнү үй күлкүгө толуп, элдер «*Фелис Навидад*[2] каалайбыз!» деп кыйкырышчу. Анан чиркөөгө жөнөчүбүз, анда жүздөгөн адамдар колуна шам кармап турушчу. Түнкүсүн үйгө кайтып келатканда, ладан[3] жытданып турар эле. Келип жылуу шоколад ичип, белектерди аччубуз.

Исабель терең улутунду да:

– А белектер кандай болчу эле? – деп сурады.

– Мен... эстей албай атам, – деди Эсперанса, куурчактын бутун жасап жатып. – Бактылуу болгонум гана эсимде. – Анан бөлмөнү биринчи көрүп жаткандай айландыра карады. Столдун бир буту сынып, аны бир

---

[1] *Эмпанадас* – мейиздүү таттуу токочтор.

[2] *Фелис Навидад* – Бактылуу Рождество.

[3] *Ладан* – чиркөөдө колдонулуучу жыпар жыттуу чайыр.

тактай менен тиреп коюшкан. Дубалдар жамаачыланып, самсаалап турат. Жерге төшөлгөн тактай ушунчалык эскиргендиктен, аны канчалык шыпырсаң да таза көрүнбөйт. Идиш-аяк сынык, жууркан-төшөк эскирген, канчалык күүсөң деле жаман жыт келип турат. Азыр анын мурунку жашоосу качандыр бир кезде бир китептен окуган жомоктой болуп калды. Ага ошол жомоктун сүрөттөрү элестеп турду: Сьерра-Мадре, Ранчо де лас Росас, жүзүм бакта ойноп жүргөн кичинекей бактылуу кыз. Бирок, азыр ушул кепеде жашап жатканда, ал жомок башка бир бейтааныш кыз жөнүндө болгондой сезилип турду.

– Сен быйыл Рождестводо эмне белек алгың келет? – деп сурады Исабель.

– Апамын айыгып кетишин кудайдан сурайм. Жумуш көбүрөөк болсо деп каалайм. Анан... – Ал колун карады да, терең улутунду. Үч жума бою картөшкөдө иштеп, мээлейден өткөн крахмалдан жарылып кеткен колун карады. – Колдорум жумшак болушун каалайм. А сен эмне каалайсың, Исабель?

Исабель көздөрүн бакырайтты:

– Меники оңой эле. Мен бардыгын каалайм.

Эсперанса башын ийкеп жылмайды. Анан бүтүргөн куурчагын Исабелге берди. Исабелдин көзү адатынча жайнап кетти.

Анан Исабель – балдардын керебетине, Эсперанса – апасы экөө жатчу керебетке жатышты. Ал дубалды карап алып, мурунку майрамдарын эстеди да, анан, түн сайын ыйлагандай эле, ыйлап кирди. Муну

түнкүсүн эч ким укпайт деп ойлогон, бирок бир маалда аркасынан Исабелдин сылап жатканын туйду.

– Эсперанса, сен дагы ыйлап атасың. Каалайсыңбы, биз сени менен уктайлы?

Биз? Бурулуп караса, Исабель куурчактардын бүтүндөй үй-бүлөсүн кармап туруптур.

Эсперанса жылмайып, жуурканды ачты. Исабель жата кетти да, ортого куурчактарын жаткырды.

Эсперанса караңгыны карап жата берди. Исабелдин эч нерсеси жок, бирок анда баары бар. Эсперанса Исабелдей болгусу келип кетти. Анын кайгысы жок, ал түрмөк жиптен жасалган куурчакка да бактылуу боло алат.

***

Рождество күнү Эсперанса ооруканынын тепкичи менен чыгып баратты. Альфонсо аны машинада күтүп отурат. Жанынан жалтылдаган кагазга оролгон белектерин кармап жубайлар өттү. Андан кийин карападагы гүлүн кармап бир аял чуркап өттү. Ал жакасына кичинекей хрусталь балаты тагылган татынакай кызыл жүн пальто кийип алыптыр. Эсперансанын көзү пальто менен жакасындагы жасалгага кадалды. Апасына ушундайларды белек кылып бергиси келип кетти. Анан чөнтөгүндөгү белегин ойлоду. Ал талаада картөшкө чаап жүрүп таап алган кичинекей жылма таш болчу.

Дарыгер апасын көптөн бери жаткандардын палатасына которуп коюптур. Ал кабатта апасынан

башка төрт гана оорулуу бар экен. Алар бөлмөнүн ар кайсы жеринде жатыптыр.. Апасы уктап атыптыр, учурашканга да ойгонбоду. Бирок Эсперанса баары бир жанына отуруп, жүк жапкычтын бир нече катарын токуп, бастырмадагы жумуш, иш таштоочулардын пландары, Исабель жөнүндө айтып берди. Лупе менен Пепенин басып калганын, Мигелдин «розалар өсөйүн деп калды» деген сөзүн айтты.

Коштошор маал болду, бирок апасы дагы эле ойгонгон жок. Эсперанса жүк жапкычтын ачык, шаңдуу түсү бара-бара апама өтөр деген ой менен апасын жапты.

Баягы ташты жанындагы столго коюп, апасын өптү.

– Кыжалат болбо. Мен баарын карайм. Эми мен *ла патрона*[1] болом.

[1] *Ла патрона* – үй айымы.

# *LOS AGUACATES*
## Авокадо[1]

Эсперанса жүзүм бакка алып кетчү машинаны күтүп турганда, оозунан буу чыгып турду. Улам бутун алмаштырып, мээлейлүү колун чапкылайт. «Жаңы жылда эмне өзгөрдү?» деп ойлоду ал. Мурдагыдай эле сезилди, анткени эч нерсе өзгөргөн жок да. Эсперанса жума бою иштеди. Түштөн кийин Гортензияга тамак даярдашып жүрдү. Кечинде Жозефинага балдарды каралашат, Исабелдин үй тапшырмасына жардам берет. Дем алыш күндөрү апасына барат.

Ал талаадагы ичинде чогу бар темир үкөккө жылынып отуруп, Абуэлитаны бул жакка алып келиш үчүн канча акча керек экенин эсептеп атты. Топтогон акчасына эки жумада бир жолу дүкөндөн баалуу кагаз[2] сатып алып, чемоданына катчу. Эсперанса таенем жол кире кылып келсин деген ой менен аларды Мексикага жөнөтмөк эле. Буюрса, шабдалы мезгилине

---

[1] *Авокадо* – жемиш дарагынын мөмөсү.

[2] *Баалуу кагаз* – АКШнын дүкөндөрү менен почтолорунда же банктарында акчанын суммасы көрсөтүлгөн атайын баалуу кагаздар сатылат жана алар ар түрдүү төлөмдөрдө колдонулат.

чейин иштесе, Абуэлитанын келишине жетерлик акча топтолуп калат.

Адегенде эркектер жоон бутактарды кыркып, бир нече бутакчаларды калтырып кетишет. Эсперанса алардын артынан бутакчаларды мамыларга тартылган зымдарга байлап кетет. Бүткөн бою суудан сыздап ооруйт, биротоло тоңуп калбас үчүн керели кечке басып жүрөт.

Кечинде жылуу сууга малган колдоруна таңыркап карап калды. Кесилген, жарылган, шишиген жана сенейип ийилбеген колдору кемпирдикине окшоп калыптыр.

– Бул чын эле жардам береби? – деп Эсперанса сурады бышкан авокадону тең бөлүп жаткан Гортензиядан.

– Албетте, – деди Гортензия, мөмөнүн ортосундагы чоң данекти алып жатып. Анан жумшак этин кырып алды да, табакка эзип, бир аз глицерин кошту. – Мен муну апаңа көп жасап берчүмүн. Азыркыдай маалда авокадо табылып калып жакшы болбодубу. Жозефинанын курбулары Лос-Анжелестен алып келишиптир. – Гортензия авокадо менен глицериндин аралашмасын бүт Эсперансанын колдоруна сүйкөдү. – Жыйырма мүнөттөй коюп тур, май териге сиңсин.

Эсперанса майлуу жашыл аралашма сүйкөлгөн колдорун карады. Бакта иштегенден кийин же атасы менен бадалдуу жерлерде атчан сейилдеп келгенден кийин апасы ушинтип отурганын эстеди. Эсперанса кичинекей кезинде апасынын май сүйкөлгөн колдорун таң калып карап, күлө берчү. Бирок жууп салгандан

кийинкисин жакшы көрчү: Эсперанса апасынын колдорун кармап жаагына басчу да, алардын назиктигин сезип, жытын ырахаттана искечү. Эсперанса апасына байланыштуу эң жөнөкөй нерселерди сагынып куса болгонуна таң калды. Апасынын маңкая басып бөлмөгө киргенин сагынды. Эпилдетип тор токуганын сагынды. Баарынан апасынын каткырыгын – алдуу-күчтүү, өзүнө ишенген аялдын күлкүсүн сагынды.

Эсперанса колун жууп, кургата сүрттү. Кызарып, жарылып турганы менен мурункудан жакшы болуп калды. Ал дагы бир авокадону алды да, тең бөлүп, данегин алып таштап, жумшак этин кырып алды. Баарын Гортензия кылгандай кылды. колуна сүйкөп, кайра күтүп отуруп калды. Ушул учурда авокадо менен глицеринди канчалык сүйкөбөсүн, анын колдору Ранчо де лас Росастагы бай адамдын колу болбой тургандыгын ойлоду. Бул колдор эми кедей кампесинанын – талаа жумушчусунун колдору эле.

***

Жүзүм байлоо аяктап калган. Дарыгер Эсперанса менен Мигелди оорукананын коридорунан токтотуп калды. Алар апасынын палатасына жете элек болчу.

– Мээрман айымдарды силер келгенде айтып койгула деген элем. Тилекке каршы, апаң пневмония болуп калыптыр.

– Кантип ошондой болсун? – деди Эсперанса. Дарыгер токтоткондо, колдору калтырап кетти. – Мен айыгып баратат го деп ойлодум эле.

– Бул «өрөөн безгеги» оорусу организмди начарлатып, башка жугуштуу ооруларга туруштук бере албай калат. Биз дарылап жатабыз, бирок алы жок. Мен билип турам, сен үчүн бул оор, бирок кеминде бир ай, балким андан да көбүрөөк убакыт келбей тургула. Биз башкаларга да жугушуна жол бере албайбыз.

– Мен аны бир көрүп чыксам болобу?

Дарыгер олку-солку болуп турду да, анан баш ийкеп кетип калды.

Эсперанса апасын көздөй жүгүрдү. Мигел артынан баратты. Эсперанса апасын бир нече жума көрө албай каларын элестете да алмак эмес.

– Апа! – деди Эсперанса.

Апасы көзүн акырын ачып, эптеп жылмайды. Абдан арыктаган. Чачы жаздыкта жайылып жатат. Купкуу өңү жаздык тыштан айырмаланбайт. Төшөккө төнүп, биротоло жок болуп кетчүдөй болуп турду. Апасы арбак сыяктуу болуп калыптыр.

– Дарыгер келбей коё тур деп айтты.

Апасы башын ийкеди да, алы кеткенинен көзүн ачалбай, жумуп жаттып калды.

Эсперанса Мигелдин колу ийинине тийгенин сезди.

– Анса, биз кетишибиз керек, – деди ал.

Бирок Эсперанса кыймылдаган жок. Апасына кичине болсо да жакшы болушу үчүн бир нерсе

кылгысы келди. Керебеттин жанындагы столдон тарак менен чач бекиткичти көрдү.

Апасын акырын капталына жаткырып, чачын жыйнады да, тарап, узун кылып өрдү. Анан айландыра түйүп бекитти. Апасын кайра чалкасынан жаткырганда, бети-башы чачы менен кыюуланып, шейшептен айырмаланып калды. Ал Агуаскальентесте чачын ушинтип түйүп жүрчү.

Эсперанса эңкейип, апасына шыбырады:

– Кыжалат болбо, апа, мен баарын өзүм жасайм. Иштеп, эсеп-дүмүрчөктөрдүн баарын төлөп турам. Мен сени жанымдай жакшы көрөм, апа.

– Мен да сени жакшы көрөм, – деп назик шыбырады апасы. Анан. бурула бергенде, кулагы чалды: – Кандай болгон күндө да.

***

– Сен жок дегенде кэээде лагерден сыртка чыгып турушуң керек, Эсперанса, – деди Гортензия дүкөндөн сатып ала турган нерселердин тизмесин берип атып. Ал аны Мигел менен базарга барып келесиңби деген эле. – Жаз келип, айлана укмуш сонун болуп калды.

– Жозефина экөөңөр базарга барыш үчүн ишемби күндү чыдамсыздык менен күтөсүңөр го деп ойлодум эле, – деди Эсперанса.

– Ооба, ошондой, бирок биз бүгүн Мелина менен Иренге *энчиладас*[1] жасаганга жардам беребиз. Ошондуктан биздин ордубузга сен барып кел.

Эсперанса алардын алаксыткысы келип турганын түшүндү. Апасынын ооруканага жатканына үч ай болду, акыркы жолу баргандан бери бир нече жума өттү. Байкуш кыз эмне кыларын билбей жүрөт. Ал көнүмүш адатынча жашап жатат: сылык-сыпаа болуп, суроого кыска жооп берет, бирок апасынын жоктугунан кыйналып бүттү. Кечинде мүмкүн болушунча эрте уктап, таң атканча бүрүшүп кыймылдабай жата берет.

Жозефина менен Гортензия өзүн ойлоп кыжалат болуп жүргөнүн Эсперанса билчү. Гортензияга баш ийкеди да, тизмени алып, Мигелди издегени чыкты.

– Мигелге мистер Якотанын дүкөнүнө барабыз деп айтканды унутпа! – деп кыйкырып калды Гортензия артынан.

Күн чын эле Гортензия айткандай сонун экен. Жамгырдан кийинки өрөөндүн абасы кургак жана таза эле. Алар жакында үкөктөргө салына турган бийик спаржаны бойлоп баратышты. Цитрус бадалдары аман калган мөмөлөрүн балатыдай мактанып көрсөтүп турушат. Азырынча салкын болгону менен, жаздын илеби келип, Эсперанса жердин жытын искеди.

– Мигел, эмне үчүн биз Арвиндин жанында башка дүкөндөр турса, алыстагы япондордун дүкөнүнө барабыз?

---

[1] *Энчиладас* – эт, сыр, калемпир кошулган куймак.

– Башка дүкөндөрдүн ээлери мексикалыктарга мистер Якота сыяктуу жакшы мамиле кылышпайт, – деди Мигел. – Анда баары бар жана ал бизге адам катары мамиле жасайт.

– Сен эмне деп айткың келип турат?

– Эсперанса, мындагы эл мексикалыктардын баары бирдей деп ойлошот. Баары сабатсыз, балит, кедей, колдорунан эч нерсе келбейт дешет. Көпчүлүгүбүз чыныгы адис экенибизди ойлоп да коюшпайт.

Эсперанса кийимин карады. Ал кенен бычылган көйнөкчөн эле, муну мурун апасы кийип жүрчү, ага чейин да бирөө кийсе керек. Көйнөктүн үстүнөн топчулары жок эркектердин чоң күрмөсүн кийген. Ал эңкейип, күзгүгө каранды. Талаада жүрүп бети тотугуп калыптыр. Чачын Гортензияныкындай кылып узун өрдү, апасы туура айткан экен, ушундай ыңгайлуу турбайбы.

– Мигел, кантип эле мени карап туруп сабатсыз деп айтышсын?

Ал тамашага жылмайып койду:

– Мисалы, сенин билимиң бул өлкөдөгү көпчүлүк балдардыкына караганда мыкты, Эсперанса. Бирок аны бул жерде эч ким мойнуна албайт жана буга ишенгиси да келбейт. Америкалыктар үчүн биз кара жумушка гана жарай турган кара тору элбиз. Ал эми мистер Якотанын дүкөнүндө бизди эч ким жийиркенип карабайт, жатыркатпайт, «балит латиностор» деп айтпайт. Атам мистер Якота – абдан мыкты бизнесмен деп айтат. Ал башка адамдардын кемчилигинен байып атат дейт.

Мигелдин айткандары жаңылык эмес болчу. Эсперанса ооруканадагы дарыгер жана мээрман айымдардан башка америкалыктар менен сүйлөшүп көрбөсө да, мексикалыктардан америкалыктардын мамилеси тууралуу угуп калчу. Кинотеатрларда афроамерикалыктар менен мексикалыктардын орду өзүнчө эле. Шаарларда ата-энелер балдарынын мексикалыктар менен бир мектепке барышын каалашчу эмес. Лагердеги жашоо шаардагыга караганда артыгыраак экенин ал билчү. Мында бардык балдар: ак жүздүүлөр, мексикалыктар, япондор, кытайлар, филиппиндиктер бир мектепке барышчу. Аларды раса деген кызыктырчу эмес, анткени баары тең кедей болчу. Кээде ал өзүн жергиликтүү элдин жек көрүүсүнөн сактай турган кабыктын ичинде жашагандай сезип кетчү.

Мигел машинаны дүкөндүн жанына токтотту:

– Анан жолугабыз. Мен тетиги бурчта турган кишилер менен темир жолдогу жумуш жөнүндө сүйлөшүшүм керек.

Эсперанса дүкөнгө кирди. Мистер Якота токиолук болгондуктан, дүкөндө япондордун салттуу азыктары, деңиз өсүмдүктөрү жана имбирь[1] көп болор эле, жаңы кармалган балыктар өзүнчө сатылчу. Ошондой эле мында мексикалыктардын азыктарын: тамалес жасай турган жүгөрү ундан жуурулган камырды, соус жасай турган калемпирлерди, кап-кап буурчактарды да

[1] *Имбирь* – тамакка кошулуучу татым.

сатышчу. Эт бөлүмүндө ал турсун менудо[1] үчүн уйдун ичеги-карыны да сатылчу. Эсперансага баарынан да кооз япон панарлары жана *пиньяталар*[2], жылдызча жана эшек оюнчуктар асылып турган шып жакчу.

Бир кезде Эсперанса үч-төрт жыл мурун апасы белек кылган *пиньятага* окшош кичинекей чүпүрөк такайды көрүп калды. Апасынын белеги Эсперансага абдан жагып, ичи толтура таттуу болгонуна карабастан, бузбай, керебетинин башына илип алган.

Сатуучу келгенде, капыстан пайда болгон сезимине баш ийип, кичинекей пиньятаны көрсөттү.

– *Por favor,*[3] – деди ал. – Тиги оюнчукту бересизби?

Керектүү нерселерди, анын ичинде баалуу кагазды да алды.

Анан машинага барып, Мигелди күтүп отурду.

– Дагы баалуу кагаз алдыңбы? Муну эмне кыласың? – деп сурады Мигел.

– Чемоданга бекитип коём. Булардын ар бири аз акча болгону менен, баарын кошкондо, Абуэлитаны бул жакка алып келгенге жетет болуш керек.

– А пиньятачы? Бүгүн эч кимдин туулган күнү эмес да.

– Бул апама. Менин ойлогонуму билсин, керебетинин башына илип койгулачы деп мээрман айымдардан сурайм. Биз кайра баратканда, ооруканага

---

[1] *Менудо* – уйдун ичеги-карынынан бышырылган ачуу шорпо.
[2] *Пиньята* – момпосуй салына турган, ичи көңдөй оюнчук.
[3] *Por favor (исп.)* – Сизден суранам.

toктой кетсек болот. Жогору жагынан тешик жасап берчи. Ичине мээрман айымдарга таттуу салып коёюн.

Мигел макисин алып чыгып, тешик жасап берди. Ал машина айдап баратканда, Эсперанса такайдын ичине карамель таттуу толтура баштады.

Алар шоссеге жакын жердеги бадам бакка жетишти. Бадамдардын бозомук жашыл жалбырактары чыгып, аппак болуп гүлдөп калыптыр. Эсперанса бир кыз менен аялды байкап калды. Кол кармашып бараткан экөөнүн колдорунда чоң сумкалары бар. Жазгы гүлдөрдүн арасында сонун көрүнөт экен деп ойлоду Эсперанса.

Анан бирөөнү тааный койду:

– Бул Марта го?

Мигел машинаны токтотуп, анан артка берди.

– Аны жеткирип коюш керек.

Эсперанса ыргылжың башын ийкеп. эшикти ачты.

– Эсперанса, Мигел, *que buena suerte*[1]! – деди Марта. – Бул менин апам Ада. Токтотконуңарга ыракмат айтабыз!

Мартанын апасы да кызындай болуп капкара тармал чачтуу экен, бирок ак аралап калыптыр.

Мигел түшүп, өзүлөрү алдыга отурсун деп сумкаларын кузовго салды.

– Мен апаңын эмне болгонун уктум, – деди Ада. – Ал үчүн кудайга сыйынып жүрөм.

Эсперанса таң калып, ыйлагысы келип кетти.

– Ыракмат, сизге ыраазымын.

---

[1] *Que buena suerte (исп.)* – Жакшы болбодубу!

– Биздин лагерге баратасыңарбы? – деп сурады Мигел.

– Жок, – деди Марта. – Силер билсеңер керек, бизди ал жерде күткөн эч ким жок. Бир чакырымдан кийин иш таштоочулардын фермасы бар. Бизди келгиндердин лагеринен кууп жиберишкен. Ишке чыккыла же кеткиле дешти. Биз болсо кетип калдык. Мындай шарттарда болбогон бир тыйын үчүн иштегибиз келбейт.

Марта иш таштоо жөнүндө айтып жатканда, Ада унчукпай баш ийкеп отурду. Марта апасынын колун коё бербей отурганын көрүп, Эсперансанын ичи күйүп кетти.

– Бул фермада жүздөгөн, а округда миңдеген биз сыяктуулар бар, күн сайын эл келип атат. Силер жаңы келбедиңерби, качандыр бир кезде биздин эмне үчүн күрөшкөнүбүздү түшүнөсүңөр. Солго бурулсаң, – деди машинанын изи кеткен баткак жолду көрсөтүп.

Мигел бурулган соң, пахта талаасын бойлой баратышты. Көп өтпөй зым тор, анын үстүнөн тикенек зым менен тосулган жерге жетишти. Жалгыз эшикти жеңине чүпүрөк байлаган бир нече киши кайтарып туруптур.

– Ушул жерде, – деди Ада.

– А кароолчулар эмне үчүн турушат? – деп сурады Эсперанса.

– Коргонуш үчүн, – деди Марта. – Бул ферманын ээси биз тарапта, бирок көпчүлүк эл иш таштоочуларды жактырышпайт жана кесепети тиет деп ойлошот. Бизди полицейскийлер коркутушкан,

ошондуктан иш таштоочулар кезек менен эшикти кайтарышат.

Мигел четке чыга берип машинаны токтотту.

Жүздөгөн адамдар үчүн он жыгач ажаткана бар экен, Эсперанса сасык жытты машинадан эле сезди. Кээ бирлеринин чатыры бар экен, кээ бирлери каптарды эле жел бешик сыяктуу кылып керип коюшуптур. Машиналар, эскирген жүк машиналар үй болуп калыптыр. Жердеги төшөктөрдө адамдар да, иттер да эс алып жатышыптыр. Бир даракка эчки байлап коюшкан. Жер менен жер болуп кеткен жапыс түтүктөрдүн крандары бар экен, ар бир крандын жанында мискейлер, табалар жана башка ашкана буюмдары жатат. Эшикке эле очокторду орнотуп коюшуптур. Арыкта аялдар кир жууп, балдар киринип жатышат. Бардык жерде кир жайган кермелер тартылган.

Эсперанса мунун баарын көзүн албай карап турду. Мындагы жакырчылык менен жокчулукту көрүп, эси ооп кала жаздады, бирок Марта менен Адага бул таасир эткен да жок.

– Үйүм, менин үйүм, – деди Марта.

Ада менен Марта сатып алгандарын алып чыга электе эле, машинага кампесиностун үй-бүлөсү келди. Балдары үстү-башы кир, тыртайып арык экен, апасы ыйлаган ымыркайын кармап турат.

– Үй-бүлөмө бир аз тамак-ашыңар болсо кайрылышасыңарбы, – деп сурады атасы. – Мен иш таштоого катыштым эле, ошон үчүн бизди лагерден кууп жибериштand. Балдар эки күндөн бери эч нерсе жей

элек. Күн сайын өрөөнгө тыйын үчүн иштейбиз деген элдер келип атышат. Кечээ керели кечке иштеп, элүү центке жетпеген акча алдым, ага бир күндүк тамак да алалбайсың. Мен ойлодум эле бул жерде өзүм сыяктуулар менен бирге...

– Бул жерде сизди көргөнгө кубанычтуубуз, – деди Ада.

Эсперанса кузовго чыгып барып, буурчак салынган чоң сумканы ачты:

– Шляпаңызды бериңизчи, сеньор.

Тиги киши чоң шляпасын сунду, Эсперанса ага толо кургак буурчак салып, кайра берди.

– *Grasias, grasias*,[1], – деп алкады тиги.

Эсперанса чоңураак балдарга көңүл бурду. Алар жалооруп турушуптур. Баягы чүпүрөк такайды аларга берди. Тигилер унчукпастан оюнчукту илип алышып, ата-энесин көздөй чуркашты. Марта ага карады:

– Сен биз тараптасыңбы?

Эсперанса башын чайкады:

– Алар ачка, болгону ошо. Силердин ишиңердин туура экенине ишенген күндө да мен апамы карашым керек.

Ада Эсперансанын ийининен кармап жылмайды:

– Апаң сени менен сыймыктанат.

Мигел сумкаларын алып берген соң, алар жөнөп калышты. Марта дарбазага жетпей капыстан бурулду да, мындай деди:

---

[1] *Grasias, grasias (исп.)* – Ыракмат, ыракмат!

– Мен муну айтпашым керек эле, бирок биз чынында жакшы уюшканбыз. Бир нече жумадан кийин, спаржа мезгилинде, бүт өлкө боюнча иш таштоо башталат. Биз бардык жердеги: талаадагы, бастырмадагы, темир жолдогу иштерди бүт токтотобуз. Эгер ошондо ишти токтотпосоңор, сак болгула! – Анан апасын кууп жеткени чуркап кетти.

Мигел менен Эсперанса көпкө чейин унчукпай баратышты. Мартанын коркутканын эстеп, жумушу бар үчүн өзүн күнөөлүү сезип кыйналып кетти.

– Сенин оюңча аныкы туурабы? – деп сурады Эсперанса акырында.

– Билбейм, – деп жооп берди Мигел. – Менин угушумча, бир нече айдан кийин Оклахомадан, Арканзастан жана Техастан жумуш издеп он эсе көп эл келет дейт. Алар да биз сыяктуу эле кедейлер, алар да бала-чакасын багышы керек. Эгер алар ошончолук көп келсе, тыйын үчүн иштей беребиз дешсе, биздин күнүбүз эмне болот? Бирок ага чейин элдин баары иш таштоого кошулуп кетсе, балким мен темир жолдон иш таап алармын.

Мигелдин сөзү Эсперансаны ого бетер кыжалат кылды. Мигел үчүн иш таштоо Кошмо Штаттарда темир жолчу болуп иштесем деген кыялын ишке ашыра турган мүмкүнчүлүк түзмөк. Эсперанса үчүн болсо иш таштоо опурталдуу болчу, анткени акча топтоосуна, Абуэлитанын келишине жана апасынын айыгышына коркунуч туудурмак. Анын үстүнө өзүн да коркутуп атышпайбы. Анан апасы менен Абуэлитаны ойлоду да, бир чечимге келди.

***

Бир нече күндөн кийин Эсперанса кечке маал үйгө келатып колдорун ындыны өчүп карады. Гортензияда авокадо дагы калса керек деп үмүттөндү. Күндөгүдөн кечирээк болчу. Керели кечке алыскы талаада спаржа отоп, акыркы машинага түштү. Үйгө келсе, баары үймөлөктөшүп кичинекей столдо отурушуптур. Идиштерде ысык тортилья турат, Гортензия табада майда тууралган эт, пияз жана калемпирди аралаштырып жатыптыр. Бул Мигелдин жакшы көргөн тамагы *мачача*[1] болчу, бирок муну эрте менен жешчү.

– Бир нерсе болдубу? – деп сурады Эсперанса.

– Мен темир жолдогу устаканага жумушка орноштум.

– О, Мигел! Кандай жакшы жаңылык!

– Темир жолдо абдан көп жумушчулар иш таштышыптыр. Бул, сыягы, убактылуу жумуш, бирок мен өзүмү көрсөтө алсам, калтырып коюшары да мүмкүн.

– Туура, – деди Альфонсо. – Сен мыкты жумушчусуң. Алар муну байкашат да, сени калтырышат.

Эсперанса отуруп, Мигелдин жаңы жумуш жөнүндө айткандарын тыңдамак болду, бирок кулагына эч нерсе кирген жок. Атасынын көздөрү да жер жөнүндө айтканда ушинтип жанып турчу эле. Мигелди карап отуруп, анын акыры ойлогон оюна жеткенин түшүндү.

---

[1] *Мачача* – тамактын аты.

# *LOS ESPARRAGOS*
# Спаржа

Мартанын айтканы чын экен. Иш таштоо мурда болуп көрбөгөндөй жакшы уюшулуптур. Баракчаларды ар бир дүкөндүн алдында таратып жатышты. Эски кампалардын дубалдары иш таштоочулардын ураандарына толуп кетти. Алар фермаларда чоң-чоң жыйындарды өткөрүп атышты. Иштеп жаткандардын айлыктары бар болчу, бирок Эсперанса кошуналарынын коркуп, чочулап жүрүшкөнүн байкачу. Ал өзү да кооптонуп жүрдү: эгер жумуш болбой калса эмне болот?

Адатта спаржа жыйноо көпкө, кээде он жумага чейин созулчу. Бирок июнь аптабына чейин бүтүрүш керек. Иш таштоочулар жумушчуларга тоскоолдук кылышса, спаржанын назик сабактары даамын жоготуп коерун билишкендиктен, спаржа бышары менен аракетке өтүштү.

Спаржаны таңып, жөнөтүүгө даярдай турган күнү Эсперанса Гортензия жана Жозефина менен бирге машинага чыкты. Ишкана аларды коргош үчүн куралдуу сакчы кошуп берди. Эсперанса сакчынын тапанчасын көрүп коркту.

Бастырмага жеткенде, алдынан аялдардын тобу кыйкырып, ышкырып чыкты. Колдорунда *«¡Huelga!*

*Иш таштоо!»* деген плакаттар. Алардын арасында Марта достору менен жүрүптүр. Алар:

– Балдарыбызды тойгузганга жардам бергиле!

– Ачкадан өлбөш үчүн биригели!

– Жердештериңерди ачкачылыктан сактап калгыла! – деп кыйкырып жатышты.

Эсперанса алардын коркунучтуу өңдөрүн көргөндө, лагерге качып кеткиси келди, кир жууса да, жалаяк жууса да мейли, буларды көрбөсө болду. Бул ажылдаган аялдарга апасынын оору экенин, эсептерди төлөш керек экенин түшүндүргүсү келди. Абуэлита жөнүндө, аны алып келиш үчүн акча керек экенин айткысы келди. Балким булар жумуш эмне үчүн керек экенин ошондо түшүнөр. Ал өзү да башка балдардын ачка отурушун каалабайт. Бирок сөзү тигилерге өтпөй турганын Эсперанса билип турду. Алардын сөзүнө макул болсоң гана алар сени тыңдашат.

Ал Гортензияны жеңинен кармап, өзүнө тартты. Жозефина бастырмага карай тике басты. Анын артынан Гортензия менен Эсперанса кол карамаша баратышты.

Лагерден келген бир аял:

– Спаржадан силер пахта теримде алгандагыдан да аз акча төлөнөт. Биздин балдар да ачка отурушат! – деп кыйкырды.

Сакчы бурула бергенде, иш таштоочулардын бири тиги аялды таш менен урду эле, аз жерден тийбей калды. Баары бастырмага ашыгышты.

Иш таштоочулар шосседе калышты, бирок Эсперанса жумушчу аялдардын арасындагы ордуна

отургандан кийин да жүрөгү дүкүлдөп турду. Кечке чейин ичке сабактарды сорттоп, таңгактап жатып, тигилердин кыйкырыгы менен опузасын угуп отурду.

Кечинде, тамак ичип отурушканда, Альфонсо менен Хуан талаада да ушундай болгонун айтып беришти. Иш таштоочулар машиналарды күтүп турушкандыктан, жумушчулар аралап өтүшүптүр. Талаада аларды ишкана жиберген куралдуу сакчылар кайтарышат экен. Бирок талаадан спаржа жүктөп келаткан машиналар иш таштоочулардын арасынан өткөндүктөн, алар машинага ар нерселерди салып коюшат экен.

Иш таштоо көпкө созулду. Бир күнү Жозефина үкөктөн спаржа алганда, килейген келемиш секирип чыкты. Бир нече күндөн кийин Эсперанса бирөөнүн чаңырыгын укту: бир аялдын үкөгүнөн соймоңдогон жыландар чыкты. Спаржанын арасынан айнектин сыныктары чыгып жаткандыктан, аялдар мурункудан жайыраак иштеп калышты. Алар спаржаны үкөктөн абайлап алып жатышты. Бир күнү спаржанын ичинен бир дабыш угулду. Чакырылган башкаруучулар үкөктү короого алып чыгып аңтара салышса, түбүндө килейген кара чаар жылан бар экен.

– Кудай жалгап эч кимибизди чакпай калды, - деди Гортензия кечки тамакта. Баары бир үйдө *калдо де албондигас*[1] ичип отурушкан.

– Сен аны көрдүңбү? – деп сурады Исабель.

---

[1] *Калдо де албондигас* – эт шорпо.

– Ооба, – деди Эсперанса, – биз баарыбыз көрдүк. Ал абдан коркунучтуу экен, башкаруучу анын башын кетмен менен чаап таштады.

Исабель коркконунан ичиркене түштү.

– Иш таштоочуларды бир нерсе кылса болбойбу? – деп сурады Гортензия.

– Бул – эркин өлкө, – деп жооп берди Мигел. – Анын үстүнө иш таштоочулар сак болуп турушат. Алар кандайдыр бир агрессивдүү аракет кылбай, жолдо турушса, аларды эч нерсе кыла алышпайт. Темир жолдо да ушундай болуп атат. Мен күн сайын өтүп баратып алардын кыйкырыгын, мазактаганын угуп өтөм.

– Баарынан да алардын кыйкырыгы кыжырды кайнатат, – дейт Гортензия.

– Аларга жооп бериштин кереги жок, – деди Альфонсо. – Жакында баары жайына келет.

– Жок, ата, – деп каршы болду Мигел, –жакында мындан беш бетер болот. Сен тоо тараптан келип жаткан машиналарды көргөн жоксуңбу? Барган сайын эл көбөйүп атат. Алар пахтанын фунтун беш-алты центке терип бергенге макул экен. Эл мындай акчага жашай албайт.

– Бул качан бүтөр экен? – деп сурады Жозефина. – Эгер адамдар ошондой тыйын үчүн иштөөгө макул болсо, анда ачарчылык башталат.

– Иш таштагандар да ушуну айтып атышат, – деди Эсперанса.

Баары унчукпай калышты. Кашыктардын табакка тийген дабышы гана угулуп турду. Эсперансанын

алдында отурган Пепе жеп жаткан этин жерге түшүрүп ийди.

– Биз ачка калабызбы? – деп сурады Исабель.

– Жок, кызым, – деди Жозефина. – Тегеректе ушунча тамак туруп кантип ачка калалы.

***

Эсперанса иш таштоочулардын кыйкырыгына ушунчалык көнүп калган экен, алар чыкпай калганда, бир нерсе болгонсуп, жумушун токтото койду.

– Гортензия, тыңшасаң?

– Эмнени?

– Жымжырт. Эч ким кыйкырбай калды.

Катар отурган аялдар да тиктеше түшүштү. Алар отурган жерден жол көрүнбөгөндүктөн, бастырманын четине барышып, иш таштагандар турчу жерди элеңдеп карашты.

Алыстан бош автобустар менен полициянын машиналары көрүндү. Алар артынан чаңын чубатып түз эле бастырмага келатышты.

– Бул – иммиграциялык бийликтер! – деп кыйкырды Жозефина. – Иш таштоочуларды кууп таратканы келатышат!

Иш таштоочулар плакаттарын ыргытып ийишип, талаага жайыла качышты. Айрымдары жолдо турган товар вагондорду көздөй жүгүрүштү. Автобустар менен машиналар тормоздорун чыйкылдата токтошту да, андан чыккан иммиграция кызматкерлери менен таякчан полициялар тигилердин артынан кууп чуркашты.

Бастырмада иштеген аялдар топтошо түшүштү. Ишкананын сакчысы жанында турду.

– А биз эмне болобуз? – деп сурады Эсперанса, кармалган иш таштоочуларды автобустарга тыгып жаткан полициялардан көзүн албай туруп. – Алар бул жакка да келет болуш керек, анткени мында мексикалыктар көп да.

Айласы куруп Гортензиянын колун кысты:

– Мен апамы таштап кете албайм.

Гортензия кыздын үнүнөн өтө коркуп кеткенин сезди:

– Жок, жок, Эсперанса! Алар бизге келген жок! Ишананга жумушчулар керек, ошондуктан бизди кайтарып атышпайбы.

Иммиграция кызматкерлери полициянын коштоосу менен келип, талаадан келген үкөктөр менен тепшилерди аңтарып, платформаларды тинте башташты. Гортензия туура айтыптыр. Алар спаржа кармап турган кир алжапкыччан жумушчу аялдарды карап да коюшкан жок. Платформалардан эч кимди таппай, секирип түшүштү да, автобусту көздөй жөнөштү.

– Американа! Американа! – деп кыйкырган бир аял документтерин көрсөттү. Иммиграция кызматкерлеринин бири тигинин колунан кагазын жулуп алды да, тытып туруп ыргытып ийди.

– Чык автобуска! – деп буйруду ал.

– Буларды эми эмне кылышат? – деп сурады Эсперанса.

– Лос-Анжелеске алпарып, Техастын Эль-Пасосуна чейин поездге салып, ал жерден Мексикага жөнөтүшөт, – деп жооп берди Жозефина.

– Бирок булардын кээ бирлери америкалыктар турбайбы, – деди Эсперанса.

– Айырмасы жок. Алар өкмөткө кыйынчылык туудурушат. Алар айыл чарба жумушчуларынын профсоюзун уюштурабыз дешет, бул болсо кожоюндарга да, өкмөткө да жакпайт.

– Алардын үй-бүлөлөрү эмне болот? Алар муну кантип билишет?

– Элден угушат да. Мунун баары абдан кайгылуу. Кармалгандар түшкөн автобус вокзалда түн жарымына чейин турат. Адамдар жакындарынан ажырап, үй-бүлөсүн бузгусу келишпейт, адатта кармалбай калгандар да туугандарынын артынан жөнөшөт. Мына ушундай. Бийликтер муну ыктыярдуу депортация[1] деп коюшат. Чынында бул ыктыярдуу деле эмес.

Иммиграция кызматкерлеринен экөө бастырманын маңдайында калышты, калгандары автобус менен кетишти. Эсперанса аялдар менен терезелердеги кайгылуу жүздөрдүн кетип баратканын карап турушту.

Аялдар акырындап өз орундарына кайтып келип иштей баштаашты. Мунун баары саналуу мүнөттөрдүн ичинде болуп өттү.

– Эми эмне болот? – деп сурады Эсперанса.

---

[1] *Депортация* – келгиндерди мамлекеттен кубалап кетирүү.

– Алар иш таштоочулардын калганын кайра келишер бекен деп карап турушат, – деди Жозефина тигиндейирээкте турган кишилерди жаңдай. – А биз болсо, алып кетип калышпаганына шүгүр деп ишибизге кайра киришебиз.

Эсперанса терең улутунуп, ордуна отурду. Ал жеңилдей түштү, бирок иш таштоочулардын кайгылуу көздөрүн унута алган жок. Өз пикирин айткандыгы үчүн «эркин өлкөсүнөн» адамды кууп жиберүү туурабы?

Спаржа таңган жиби түгөнүп калганын көрүп, жип алмакка платформага жөнөдү. Үкөктөр менен кутулардын арасынан жип издей баштады. Кутулардын айрымдарын полиция аңтара салып кетиптир, алардын бирин алып, ордуна коёюн дегенде, таң калганынан эси оол кала жаздады.

Бурчта Марта бүрүшүп жатыптыр. Колун эрдине такап, көзү жалооруп турат.

– Эсперанса, – деп шыбырады ал, – эч кимге айтпачы! Мен кармалбашым керек! Апамы карашым керек!

Баягы апасы экөө Америкага жаңыдан келгендеги Мартанын кылыгын эстеп, көз ирмемге ката түштү. Эгер ага жардам берип, мунусу тигилерге билинип калса, өзүн автобуска салып Мексикага айдашат. Ал корккон унан «жок» деп айтмакчы болду. Бирок ушул учурда Мартанын апасы менен кол кармашып кетип баратканын эстей калып, энеси экөө бири-биринен ажырап калышарын ойлоду. Анын үстүнө экөө

америкалык жарандар болчу. Алардын бул жерде жашаганга толук акысы бар эле.

Ал бурулду да, кетип калды. Баары баш көтөрбөй иштеп жатышыптыр, ага эч ким деле көңүл бурган жок. Эсперанса бир байлам спаржа, бир нече кап, анан бирөөнүн мыкта илинип турган кир алжапкычын алды да, Мартага кайтып келди.

– Алар дагы эле кире берилште турушат, – деди ал акырын. – Бир сааттан кийин иш бүтүп, бастырма жабылганда кетишет болуш керек. – Анан Мартага алжапкыч менен спаржаны берди. – Чыгарда алжапкычты тагынып, муну алып ал. Көргөндөр токтотсо, сени бул жердеги жумушчулардан болсо керек деп ойлойт.

– Грасиас, – деп шыбырады Марта. – Кечирип кой, мен сен жөнүндө жаман ойлоп жүрүптүрмүн.

– Чүш-ш, – деди Эсперанса, Мартаны үкөктөр жана мүшөктөр менен жашырып жатып.

– Эсперанса, – деп чакырды Жозефина, – кайдасың? Бизге жип керек.

Эсперанса бурчтан башбагып, жип күтүп турган Жозефинаны көрдү.

– Баратам, – деп кыйкырды да, бир ором жип алып, эч нерсе болбогондой ордуна келип отурду.

***

Эсперанса коңшу бөлмөдөгүлөрдүн иш таштоочулар жөнүндө сүйлөшкөндөрүн тыңдап керебетте жатты.

– Алар ири жер ээлеринин баарына автобустар менен келип, жүздөгөн кишилерди алып кетишиптир, – деди Хуан.

– Кээ бирөөлөр муну менен Чыгыштан келген жумушчуларга иш таап берип атышат деп жүрүшөт, – деди Жозефина. – Кудай жалгап, биз азыр ишканага керек болуп турабыз. Болбосо бизди да айдашмак.

– Биз ишкананы саткан жокпуз, ишкана да бизди сатпайт, – деди Альфонсо.

– Кудайга шүгүр, баары бүттү, – деп жеңилдене дем алды Гортензия.

– Али бүткөн жок, – деп каршы чыкты Мигел. – Бир аз убакыт өткөндөн кийин үй-бүлөсү калгандар баары бир кайра келишет. Мурункудан да мыкты уюмдашып, күчтүүрөөк болушат. Кошулабызбы, жокпу, кайра чечкенге туура келет.

Эсперанса уктаганга аракет кылды, бирок күндүзгү окуялар кайра элестей берди. Ал иштеп атканына, өз лагери иш таштоого катышпаганына ыраазы болгону менен, башка бир жагдайда өзү да ошол автобуста болуп калышы мүмкүн эле. Анда апасы эмне болот эле? Ою тынбай удургуп турду. Кетирилгендердин айрымдары жаңылыш кетирилди. Эмне үчүн Кошмо Штаттар өмүрүндө Мексиканы көрбөгөн адамдарды ал жакка айдап жатат?

Оюна улам эле Марта келе берди. Эсперанса аны менен макулбу же макул эмеспи – кеп анда эмес. Үй-бүлөнү бузганга болбойт. Марта иш таштоочулардын фермасына кайра барды бекен? Же аны жолдо кармап алыштыбы? Апасын тапты бекен?

Эсперанса эмнегедир ушунун баарын билгиси келип турду.

***

Эртеси эрте менен Мигелден фермага алып барып келчи деп суранды. Ферма дагы эле зым тор менен курчалып туруптур. Бирок дарбазаны кайтарган эч ким көрүнбөйт. Адамдардын изи бардык жерден көрүнүп турганы менен, көзгө эч ким урунган жок. Жуулган кирлер кермелерде жайылып турат. Табактарда калган күрүч менен буурчактын үстүндө чымындар үйрүлүп учуп жүрөт. Чатырдын алдында турган бут кийим азыр бирөө чыгып, кийип кетет деп күтүп тургандай. Сыдырым соккон жел гезиттин айрындыларын талаага учуруп кетип жатат. Жымжырттык менен ээндик өкүм сүрүп турду. Даракка байланган эчки гана маарап жатты.

– Иммиграциялык бийликтер бул жакка да келишкен экен, – деди Мигел. Ал машинадан түшүп, эчкини чечти.

Эсперанса кечээ эле элге толуп турган талааны карады. Алар жер ээлери менен өкмөттүн көңүлүн бургусу келип, жашоо шарттарын өздөрү үчүн эле эмес, Эсперансалар үчүн жакшыртсак деп ойлошкон эле.

Эсперанса Марта апасы менен болсо керек деп үмүттөнгөн, бирок эми ал белгисиз бойдон калды. Балким кийинчерээк Мартанын жеңесинен бир кабар угулуп калар.

Көзүнө бир кооз нерсе урунду. Дарактын бутагында баягы балдарга берген кичинекей такайдын калдыгы илинип туруптур. Айрындылар шамалга желбиреп турду. Такайды, адаттагыдай эле, таяк менен уруп жатып, ичиндеги момпосуйларын алып кетишиптир.

# *LOS DURAZNOS*
# Шабдалы

Эми Эсперанса үйдүн артындагы Гваделупалык Кудай энеге барганда, Абуэлита менен апасы үчүн эле эмес, Марта менен анын апасы үчүн да сыйына турган болду. Анда жерден али жакшы көтөрүлө элек атасынын розаларынан башка да гүлдөр пайда болуп калып жүрдү. Кудай эненин айкелинин алдында лобулярия[1] бутакчасы, кээде чекилдек гүлү же шилби бутагы болуп калчу. Анан Исабелдин күн сайын кечки тамактан кийин келип, тизелеп сыйынарын байкап калды.

– Исабель, сен эмне, новена[2] окуп жүрөсүңбү? – деп сурады андан бир күнү кечинде. – Сыягы, сен тогузунчу күнү сыйынып жатасың го дейм?

Исабель тизелеп отурган жеринен турду да, Эсперансаны карады.

– Мен Май королевасы болушум мүмкүн. Эки жумадан кийин, биринчи майда, менин мектебимде

---

[1] *Лобулярия* – гүлдүн аты.

[2]*Новена (лат.* novena – тогуз) – батыш христиандарынын тогуз күндүк сыйынуусу.

майрам болот, биз түстүү тасмалар менен кооздолгон мамыны тегеректеп бийлейбиз. Мугалим үчүнчү класстын эң мыкты окуучусун королева кылат. Азыр англис тилинен «бешке» окуган жалгыз гана менмин.

– Анда сен королева болот турбайсыңбы! – деп ийди Эсперанса.

– Досторум адатта англисче сүйлөгөн кызды тандашат деп айтышты. Анан да кооз көйнөк керек дешти. Ошондуктан күн сайын сыйынып жүрөм.

Эсперанса баягы Мексикадагы өзүнө кичине келип калган кооз көйнөктөрүн эстеди. Аларды ушунчалык Исабелге бергиси келди. Анан бул кыз капа болуп ыйлап жибербегей эле деп чочуп кетти.

– Сен королева болбогон күндө да мыкты бийлеген сулуу кыз болосуң да, туурабы?

– Ох, Эсперанса! Менин ушунчалык королева болгум келет дейсиң! Мен сендей королева болгум келет!

Эсперанса күлүп ийди:

– Кандай болгон күндө да, сен биздин королевабыз болосуң!

Эсперанса чын дилинен сыйынып жаткан Исабелди калтырып, үйгө кирди.

– Айтсаң, мурун мексикалык кызды Май королевасы кылышты беле? – деп сурады ал Жозефинадан.

Жозефина ага көңүлү чөгүңкү карап башын чайкады:

– Жок, мен муну сураштырып көрдүм. Алар дайыма сары чачтуу, көк көздүү кызды тандашат экен.

– Бирок бул туура эмес да, – деп каршы болду Эсперанса. – Эң негизгиси – жакшы окуу деп алар өздөрү айтып жатышпайбы!

– Алар бир шылтоо табышат да. Башынан эле ушундай, – деди Жозефина. – Мелина өткөн жылы эң мыкты бааларды бир япон кызы алган болчу дейт. Бирок баары бир аны тандашпаптыр.

– Анда эмне үчүн негизгиси – жакшы окуу деп сайрашат! – деди Эсперанса, буга эч ким жооп бере албасын билип туруп. Исабель үчүн жүрөгү ооруп турду.

***

Бир жумадан кийин Эсперанса иштен келип, столго бир тутам спаржа койду. Спаржанын сабактары канчалык бышык болсо, Исабелдин мектептин королевасы болсом деген умтулусу ошондой эле күчтүү болчу. Жумушчулар спаржаны жыйнап кетери менен бир нече күн өтпөй эле кайра баягы талаага келишчү, анткени спаржа кайра өсүп калчу.

Исабель болсо жеңүүчүнүн гүл таажысын алсам экен деп ак эткенден так этчү.

– Мен спаржаны жаман көрөм, – деди Исабель үй тапшырмасынан башын көтөрүп.

– Жүзүм тергенде, жүзүмдү жаман көрөсүң, картошка тергенде, картошканы жаман көрөсүң, азыр болсо, спаржаны жаман көрүп турасың. Шабдалы

маалы болгондо, шабдалыны да жек көрөт болушуң керек.

Исабель күлүп ийди:

– Жок, мен шабдалыны жакшы көрөм.

Гортензия мискейдеги буурчакты аралаштырып жатты. Эсперанса бастырмадагы ишке кийген кир алжапкычын чечти да, башкасын тагынды. Анан тортилья бышырыш үчүн ун өлчөй баштады. Көп өтпөй эле ундан сээп алып камыр жая баштады, колу болсо ак мээлей кийгенге окшоп калды.

– Менин мугалимим ушул жумада Май королевасын тандайт, – деди Исабель. Ал аябай өрөпкүп турду.

– Ооба, сен муну айткансың, – деди Эсперанса. – Дагы кандай жаңылыктар бар?

– Оклахомадан келгендер үчүн жаңы лагерь куруп атышат, – деди Исабель.

Эсперанса Гортензияны карады:

– Чынбы?

Гортензия баш ийкеди:

– Муну бүгүн лагердин чогулушунда жарыялашты. Ферманын ээси бир нече аскер үйлөрүн сатып алыптыр, аларды ошого жайгаштырышат экен.

– Алардын үйүндө дааратканасы менен жылуу суусу болот экен. Анан бассейни дагы! – деди Исабель. – Биздин эжейибиз баарын айтып берди. Биз да түшсөк болот экен!

– Жумасына бир жолу, – деди Гортензия Эсперансаны карап. – Мексикалыктар бассейнге жума күнү түшөт экен, а ишемби күнү бассейнди тазалашат имиш.

Эсперанса үбөлүктү бекем кысты:

– Эмне, биз башкалардан балит бекенбиз?

Гортензия унчуккан жок. Ал тортилья бышырмак болуп казан жакка бурулду, бирок мунун алдында Эсперансага сырдуу карап, Исабелдин көзүнчө муну сүйлөшпөйлү дегендей колун эрдине такап койду.

Мигел келип апасын өптү да, табактагы ысык нанды алып, буурчак салынган мискейди астына койду. Үстү-башы чаң экен.

– Сен кайдан жүрүп мынча чаң болдуң? – деп сурады Гортензия.

Мигел столго отурду.

– Бизге Оклахомадан бир нече киши келди. Алар жарым баага иштегенге макул болгону үчүн кожоюн алардын баарын жумушка алды. – Ал тамакка карап, башын чайкады. – Болбосо алардын көбү мындай механизмдер менен дегеле иштеп көрбөптүр. Башчыбыз сенин керегиң жок болуп калды деди. Алар жаңыларды үйрөтүшөт экен. Кааласаң, арык казып, рельс төшөсөң болот дейт.

Эсперанса аны карап калды. Аппак ун болгон колдору селейе түштү.

– А сен эмне кылдың?

– Кийимимди көрбөй турасыңбы? Арык казлым, – үнү орой чыкты, бирок ал эч нерсе болбогондой тамак жей берди.

– Мигел, сен ошого кантип макул болдуң? – деп сурады Эсперанса.

– Сенин оюңча, мен эмне кылышым керек эле? Мен кетип калсам болмок. Бирок анда бүгүнкү күнгө

төлөбөй коймок. Оклахомалыктардын да бала-чакасы бар. Эгер ачкадан өлбөйлү десек, баарыбыз иштешибиз керек.

Эсперанса кармана албай калды. Анын ачуусу талаадагы суу түтүгүнөн чыккан суудай атырылды.

– Эмне үчүн сенин башчың арык казганга башкаларды жөнөтпөйт? – Ал кармап турган камырын карады да, аны дубалга бир чапты. Камыр жабыша түштү да, анан из калтырып, жылмышып түштү.

Исабель адегенде Мигелге, анан Эсперанса менен Гортензияга олуттуу карады:

– Биз ачкадан өлөбүзбү?

– Жок! – Баары бирдей жооп беришти.

Эсперансанын көзү жанып кетти. Эшикти тарс жаап, үйдөн чыгып кетти да, тыт дарагынан, сиренден өтүп, жүзүм бакка карай жөнөдү.

– Эсперанса! – Ал Мигелдин чакырганын укту, бирок жооп берген жок. Жүзүм бакты аралап кете берди.

– Анса! – Мигел аны кууп жетти. Эсперанса токтобой алды жактагы жылгындан көзүн айрыбай кете берди.

Мигел аны колдон алып, өзүнө тартты:

– Эмне болду сага?

– Сен Мексикадан бери издеп келген жакшы жашоо ушубу? Баары тетирисинче! Исабель канча аракет кылса да, королева боло албайт, анткени ал – мексикалык! Сен бул жерде механик боло албайсың, анткени сен мексикалыксың! Биз таш менен урган мекендештерибизди аралап өтүп иштеп жүрдүк, азыр

мен ошолордуку туура экен деп ойлоп турам. Мексиканы эч качан көрүшпөсө да, аларды ошол жакка айдашты! Оозун ачып сүйлөп койгону үчүн эле ошондой кылышты. Биз атканада жашап атабыз! Сага эмне, баары бирби? Оклахомадан келгендер үчүн бассейни бар жаңы лагерь куруп жатышканын уктуңбу? Мексикалыктар жумасына бир гана жолу, «тазалардан» кийин гана түшө алышат экен! Алардын үйүндө дааратканасы менен ысык суусу болорун уктуңбу? Эмне үчүн мындай, Мигел? Алардын териси ак болгон үчүн элеби? Айтчы мага! Кантип эле ушул жашоо Мексикадагы жумушчунун жашоосунан жакшы болсун?

Мигел батып бараткан күндү карады. Жерде узарган көлөкөлөр жатат. Анан ал кайра Эсперансага бурулду:

– Мексикада мен экинчи сорттогу жаран болчумун. Мен дарыянын аркы өйүзүндө турчумун, эсиңдеби? Мен ошол жерде өмүр бою кала бермекмин. А бул жерде мурункудан башкача болгонго кичине болсо да мүмкүнчүлүк бар. Муну сен түшүнбөйсүң, анткени үмүтсүз жашап көргөн эмессиң!

Эсперанса муштумун түйүп, жаалданып көзүн жумду:

– Мигел, сен чын эле түшүнбөй турасыңбы? Сен дагы эле экинчи сорт жарансың, анткени дагы эле жалтактап турасың! Алар сени пайдаланышып, өздөрүнүн жогору тургандыгын сезип атышат. Сен ушуга кантип жол берип жатасың? Эмне үчүн сен

башчыңа барып, баарын көзүнө тике карап туруп айтпайсың? Эмне үчүн сен өзүңдү коргобойсуң жана өз жөндөмүң жөнүндө айтпайсың?

– Иш таштагандар ушинтип айтышат, Эсперанса, – деди Мигел салкын тартып. – Бул өлкөдө максатына ар түрдүү жолдор менен жетишет. Балким мен чечкиндүүрөөк болушум керектир, бирок мен ийгиликке жетериме ишенем! *Aguántate tantito y la fruta caerá en tu mano».*

Анын сөзү жаакка чапкандай тийди. Анткени бул «Күтүп турсаң, мөмө өзү колуңа келип түшөт» деген атасынын сөзү эмес беле. Бирок күтүп атып чарчады. Апасы ооруп жатат, Абуэлита алыста, атасы болсо өлгөн. Атасын ойлогондо көзүнөн жашы төгүлдү. Бир маалда өлөрчө чарчаганын сезди, жипке тырмышып асылып тургандай, колу мына-мына жылбышып түшчүдөй туюлуп кетти. Көзүн жумуп буркурап жатып, туңгуюкка кулап, кулагында шамал ызылдап баратканын элестетип ийди.

*«Эгер көзүмү ачпай ушинтип учуп кете берсем, Мексикага кайра барып каламбы?"*

– Анса, – Мигел колунан тартканын туйду. – Анса, баары жакшы болот, – деди ал.

Эсперанса боюн качыра берип, башын чайкады:

– Кайдан билесиң, Мигел? Эмне, көзүң ачылдыбы? Мен баарынан айрылдым. Сен ушул катар жөөктөрдү көрүп турасыңбы? Менин жашоом ушундай болуш керек болчу. Бул жөөктөр өз багытын билишет. Түптүз бойдон кете берет. А менин жашоом болсо апамын жүк жапкычындагы өйдө-ылдый кеткен

оюумдай! Мен Абуэлитаны алып келишим керек. Бирок бир аз чогулткан акчамы да жибере албайм, анткени абамдар билип калса, аны өлкөдөн чыгарбай коюшат! Апамын ооруканадан келген эсеп-дүмүрчөктөрүн тынбай төлөйм, а кийинки айда жаңы эсептер келет. Мен сенин сокур үмүтүңө алдангым келбейт! Бир далилин көрбөй туруп, сенин «мүмкүнчүлүктөр өлкөсү» жөнүндөгү жакшылыкка үндөгөн ойлоруңду уккум да келбейт!

– Кандай болгон күндө да, биз үмүтүбүздү үзбөшүбүз керек.

– Бирок биздин аракетибизден эч нерсе чыкпай атпайбы! Өзүңү карачы. Өзүңү мени менен теңелдиң деп ойлоп атасыңбы? Жок! Сен дыйкан боюнча калдың!

Мигел сурдана түштү. Өңү бузулуп кетти.

– А сен болсо өзүңү дагы эле королевамын деп ойлойсуң.

***

Эртеси Мигел кетип калыптыр.

Атасына темир жолдон жумуш табыш үчүн Түндүк Калифорнияга кеттим деп айтыптыр. Гортензия анын күтүүсүз жерден кетип калганына эмне дээрин билбей калды, бирок Альфонсо аны жубатты:

– Анын өзүнүн максаты бар, жашы да он жетиге келди. Эми ал өзүн багып кете алат.

Эсперанса жүзүм бакта эмне деп сүйлөшкөндөрүн эч кимге айткан жок, уялды. Мигелдин кетип калышына өзү айыптуу экенин билди. Гортензиянын уулуна кыжалат болуп атканын көрүп, бир нерсе болсо, өзү жооптуу болорун да туйду.

Атасынын розаларына барса, бирөө гүл ачып калыптыр. Жүрөгү зырп эте түштү, муну чуркап барып Мигелге айткысы келди. *«Айланайын Ыйык Эне,* – деп жалбарды ал, – *кырсыгыңдан сактай көр, ал бир нерсе болчу болсо, мен өзүмү эч качан кечире албайм».*

***

Эсперанса Мигелди ойлобогонго аракет кылып, көп иштеп, Исабель менен алек болуп жүрдү. Бастырмага шабдалынын биринчи түшүмүн алып келгенде, Исабелге деп салып алды. Ага муну бүгүн сөзсүз бериш керек.

Эсперанса катар турган үйлөрдүн жанынан өтүп баратканда эле алыстан Исабелдин күтүп турганын көрдү. Кыз колдорун тизесине коюп, жолду тигиле карап отуруптур. Эсперансаны көрүп, секирип турду да, аны көздөй чуркады. Ал келгенде, Эсперанса анын бетинен жаштын изин байкады.

Исабель келип эле Эсперансаны кучактап калды.

– Мен Май королевасы болбой калдым, – деп буркурап ийди ал, Эсперансанын этегине башын катып. – Менин бааларым эң мыкты болчу, бирок эжей баадан башка нерселерге да карадык деп койду.

Эсперанса кызды соороткусу келди. Аны кучактап, көтөрүп ала койду:

– Сага боорум ооруп турат, Исабель. Жаман болгон турбайбы. – Анан аны жерге түшүрдү да, колунан алып үйгө карай жетеледи. – Сен баарына айттыңбы? Апаңачы?

– Жок, – деди ал мурдун жанып. – Алар келише элек. Ирен менен Мелинага барайын деп, бирок сени күтүп турдум.

Экөө үйгө кирип, керебетке отурушту.

– Билесиңби, Исабель, кимдин жеңип чыкканы маанилүү эмес. Ооба, сен абдан татынакай королева болмоксуң, бирок ал бир күндүк эле да. Бир күн деген тез эле өтүп кетет. Мына, азыр кеч кирип калды.

Эсперанса эңкейип, керебеттин алдынан чемоданын алып чыгып ачты. Анда жалгыз буюм – фарфор куурчак калган болчу. Аны Исабелге далай жолу көрсөтүп, атасынан калган белек экенин айтып берген. Куурчакты бир аз чаң баса түшүптүр, бирок дагы эле татынакай экен, көздөрү Исабелдикиндей болуп жанып турат.

– Сенде бир күндүк таажы эмес, көпкө жүрө турган нерсе болсун, – Эсперанса куурчагын алып чыгып Исабелге сунду. – Бул эми сеники болсун.

Исабелдин көздөрү бакырая түштү.

– Ой, жок... жок, Эсперанса, – деди кыз. Үнү калтырап, жашы акпай калды. – Бул сенин атаңдан калган белек да.

Эсперанса Исабелдин башынан сылады.

– Атам мунун чемоданда чаң басып эч ким ойнобой жатканын каалайт дейсиңби? Карачы, бул да жалгызсырайт болушу керек. Ал турсун чаң басып кетиптир. Бирөөлөр менин куурчак ойногонумду көрсө күлбөйбү. А мен бирөөлөрдүн шылдың кылганын жек көрөм. Исабель, атам экөөбүз үчүн ушуну жакшы көрүп ойно.

– Чын элеби? – деп сурады Исабель.

– Ооба, – деди Эсперанса. – Менимче, мектепке алып барып, курбуларыңа көрсөтсөң да болот. Эч кимде, ал турсун Май королевасында да мындай татынакай куурчак жок болушу керек.

Исабель куурчакты алдейлей баштады. Жашы да кургап калды.

– Эсперанса, мен Май королевасы болоюн деп ушунча сыйындым эле.

– Королева болсоң, бир күн болмоксуң, а куурчак эми биротоло сеники болот. Муну Кудай эне билет да.

Исабель баш ийкеп, бир аз жылмайды:

– Апаң эмне дээр экен?

Эсперанса аны кучактады:

– Ушул жума дарыгерге жолугам. Эгер мага киргенге уруксат беришсе, ага өзүм айтам. Бирок мен билем: апам муну укса ыраазы болот. – Анан жылмайып, шабдалы салган баштыкты алып чыкты. – Мен да спаржаны жаман көрөм!

***

Эсперанса менен Гортензия дарыгердин бөлмөсүндө күтүп жатышты. Гортензия буту менен тактайды тыкылдатып отурду, Эсперанса болсо дубалда илинип турган дипломдорду карап, ары-бери баса берди.

Акырында эшик ачылып, дарыгер кирди. Ал шыпылдай басып столуна барып отурду.

– Эсперанса, сага жакшы жаңылыктарым бар, – деди ал. – Апаң жакшы болуп калды. Бир жумадан кийин ооруканадан чыкса болот. Бир аз көңүл чөктүсү бар, бирок сен жанында болсоң, оңолуп кетет болуш керек. Эсиңде болсун, ал үйгө баргандан кийин жумуш кылганы болбойт. Өзүнө келиш үчүн убакыт керек. Оору кайра кармап калышы мүмкүн.

Эсперанса күлүп да, ыйлап да жиберди. Апасы үйгө барат! Апасы ооруканага жаткан беш айдан бери биринчи жолу жеңилдей түштү.

Дарыгер жылмайды:

– Ал илме шибегелерин сурап атат. Кааласаң, бир аз жанына барып отуруп келсең болот.

Эсперанса коридор менен апасынын палатасын көздөй жүгүрдү. Гортензия артынан араң үлгүрүп баратты. Апасы төшөгүндө отуруптур. Эсперанса барып эле мойнуна асылды:

– Апа!

Апасы аны кучактады да, анан карап туруп:

– Оо, Эсперанса, чоңоюп кеткенсиң го! Чоң кыз болуп калган турбайсыңбы, – деди.

Апасы дагы эле арык экен, өңү купкуу, бирок баягыдай болбой тыңып калыптыр. Эсперанса маңдайын басып көрдү, эти ысыбай эле туруптур.

Апасы каткырып ийди. Бул баягы апасынын кадимки каткырыгы болбосо да, Эсперанса сүйүнүп кетти.

Гортензия апасынын өңү оңолуп калганын, үйгө келгиче дагы жип сатып алып коёрун айтып жатты.

– Кызыңды таанybай каласың го, Рамона. Аны бастырмадагы жумушка дайым чакырышат, эми ал тамак даярдаганды да билет, балдарды болсо апасынан да жакшы карайт.

Апасы жылмайып, Эсперансаны көкүрөгүнө кысты:

– Мен сени менен ушунчалык сыймыктанам!

Эсперанса да апасын кучактады. Убакыт бүткөнү менен, кеткиси келбей турду, бирок апасын өөп, үйгө келгенде баарын айтып берем деп убада кылды.

***

Бир жума бою апасынын келерине камынышты. Гортензия менен Жозефина үйдү жаркырата жууп тазалашты, бир да микроб калгандай болгон жок. Эсперанса бүт журкан-төшөктөрдү күнгө жайып, жаздыктарды күбүдү. Хуан менен Альфонсо дарактын көлөкөсүнө отургуч коюп, жаздык төшөштү жана күн ысып, үйдүн ичи үп болгондо жата тургандай кылып, үкөктөрдөн жатчу орун жасашты.

Ишемби күнү апасы үйгө келгенде, Эсперансанын жардамы менен машинадан чыгып эле атасынын розаларын сурады. Алардын гүлдөп калганын көрүп ыйлады. Керели кечке коноктор келе беришти, бирок Гортензия аларды көпкө отургузбай жатты, анткени апасы чарчап калат деп кооптонду.

Ошол түнү Исабель Эсперансанын апасына куурчакты көрсөтүп, аны кандай багып атканын айтып берди. Апасы болсо куурчак экөөңөр бири-бириңер үчүн жаралсаңар керек деп айтты. Жатар маал болгондо, Эсперанса акырын апасынын жанына жата кетти. Апасынын тынчын алгысы келген жок эле, бирок апасы ага ыктап, кыса кучактады.

– Апа, Мигел кетип калды, – деп шыбырады ал.

– Билем кызым, Гортензия айтты.

– Бирок буга мен айыптуумун. Жиним келип дыйкан элең, дыйкан бойдон калдың деп айткам. Анан ал таарынып кетип калды.

– Бул сенин эле күнөөң эмес. Сенин мындай болушун каалабаганыңы билем. Ал кайра келет. Үйбүлөсүнөн алыс жүрө албайт.

Унчукпай калышты.

– Апа, Абуэлитаны көрбөгөнүбүзгө бир жыл болду, – деди Эсперанса.

– Билем, – деп шыбырады апасы. – Мүмкүнчүлүк жок болуп жатпайбы.

– Мен акча топтоп койдум. Аны алып келгенге жетет. Канча экенин көрөсүңбү?

Апасы жооп бергенче эле Эсперанса жарыкты күйгүзүп, ойготуп ийген жокмунбу деп Исабелди

карады. Анан бутунун учу менен басып шкафтын жанына барды да, чемоданды алып чыкты. Апасынын кандай кубанарын элестетип жылмайды. Чемоданды ачып, көргөн көзүнө ишенбей туруп калды. Аңтарып, жакшылап силкип да көрдү.

Ичиндеги баалуу кагаздарды бирөө алып кетип, чемодан бош калыптыр.

# *LAS UVAS*
# Жүзүм

Баалуу кагаздарды Мигел гана алып кетиши мүмкүн эле. Мындан эч ким шек санаган жок. Альфонсо Эсперансадан кечирим сурады, бирок апасы айкөлдүк кылып, Түндүк Калифорнияга барыш үчүн Мигелге акча керек болду да деп койду. Альфонсо акчаны кайтарып берем деди, Эсперанса болсо анын убадага бек экенин билчү. Ал Мигелге жини келип жатты. Чемоданды ачып, бирөөнүн акчасын алганга кантип дити барды экен! Ага канча мээнет кетти эле!

Апасы барган сайын тыңый баштады. Бирок дагы эле көп уктап атты. Гортензия анын тамакты жакшы жеп калганына сүйүнүп жүрдү, Эсперанса болсо апама деп күн сайын жаңы бышкан мөмө-жемиштерден алып келет.

Бир нече жумадан кийин эрте менен бастырмага келсе, шабдалы, кара өрүк, нектариндер[1] абдан көп экен.

– Булардын баарын кантип бүтүрөбүз? – деп сурады ал.

Жозефина күлдү:

---

[1] *Нектарин* – шабдалынын кабыгы жылмакай түрү.

– Шашпай, бир-бирден сорттой беребиз. Баарын бүтүрөбүз. Көз коркок, кол – баатыр.

Алар майда ак шабдалыдан баштап, андан кийин чоң сары «эльбертаска» өтүштү. Апасы ак шабдалыны жакшы көргөндүктөн, ага бир баштык камдап койду. Түштөн кийин «флейминг голд» деген нектаринге өтүштү. Андан кийин эки бушель[1] кара өрүк бар болчу. Эсперанса ушул «пил жүрөгү» деген кара өрүктү жакшы көрчү. Сырты буурул жашыл, ичи кочкул кызыл келген бул кара өрүк кычкыл да, таттуу да эле. Түшкү дем алышта ширеси агып кетпесин деп эңкейип алып, кара өрүк жеп жатты.

– Карасаң, – деди Жозефина. – Альфонсо турат. Ал эмнеге келди экен?

Альфонсо башкаруучулардын бири менен сүйлөшүп атыптыр. Ал минтип чак түштө талаадан бастырмага келчү эмес эле.

– Бир нерсе болду окшойт?

– Балдар бир нерсе болдубу? – деп Жозефина тынчсызданып, Альфонсону көздөй чуркады.

Эсперанса алардын сүйлөшүп жатканын көрдү. Анан кара өрүк салынган үкөктөрдүн жанындагы аялдарды калтырып, акырын ошол жакты көздөй жөнөдү. Жозефинанын өңүнөн эмне болгонун билгиси келди, бирок биле алган жок. Ушул учурда Жозефина бурулуп, аны карады. Эсперанса бетинин кубарып баратканын сезди. Альфонсонун эмне үчүн келгенин түшүндү. Апасы бир нерсе болгон окшойт. Доктур

---

[1] *Бушель* – көлөм өлчөмү, 36 литрге жакын.

оору кайра кармап калышы мүмкүн дебеди беле. Бирдеме болгон окшойт. Эсперансанын буту чалыштай түштү, бирок кете берди.

– Апам аманбы?

– Жок, жок. Баары жайында. Сенин тынчыңды албайын дедим эле, Эсперанса, бирок сен да биз менен барышың керек болуп жатат. Гортензия машинада күтүүдө.

– Бирок азыр эрте да!

– Баары жакшы. Мен башкаруучудан уруксат алдым.

Эсперанса машинага барды. Гортензия күтүп отуруптур.

– Мигелден кабар келди, – деди ал. – Бейкерсфилддеги автостанциядан саат үчтө тосуп алыш керек экен. Лос-Анжелестен келатам, Эсперансаны алып алгыла деп айтты. Биздин билгенибиз ушул.

– Эмне үчүн мен барышым керек экен? – деп сурады Эсперанса.

– Кылган күнөөсү үчүн кечирим сурайын деген го дейм, – деди Гортензия.

Күндүн ысыгы кырк градуска жетип турду. Кабинага да ысык жел уруп урду. Эсперанса бети ылдый тер агып жатканын сезди. Жумуш күнү бастырмадагы ишти таштап, тартипти бузуп шаарга баратышканы таң каларлыктай сезилди. Ал эми «пил жүрөгүн» башкалар сорттойт турбайбы деп ойлоп койду.

Гортензия анын колун кысты.

– Чыдабай баратам, качан көрөр экенмин.

Эсперанса салкын жылмайды.

Алар автостанцияга жетип, орундуктан орун алышты. Кызматчылар өздөрүнчө англисче сүйлөшүп жатышты. Эсперанса алардын орой үндөрү менен эмнени сүйлөшүп жатканын аңдай алган жок. Ал англис тилинен чочулап турчу, анткени түшүнчү эмес. Эч нерсе эмес, акыры бул тилди да үйрөнөт. Автобустардын келгенин жарыялаган кулактандырууларга кулак салып отуруп, акыры көптөн күткөн «Лос-Анжелес» деген сөздү укту.

Күмүш түстүү автобус бурулуштан көрүндү да, машиналардын агымы менен келип, автостанцияга токтоду. Эсперанса автобуста отургандарды карап, Мигелди көрө алган жок. Акырында ал эшиктен көрүндү. Чарчагандай, үстү-башы уйпалангандай көрүндү, бирок ата-энесин көрүп, тепкичтен секирип түштү да, апасы, анан атасы менен кучакташып көрүштү.

Ал Эсперансага карап жылмайды:

– Мен сага жашоо баары бир оңоло тургандыгынын далилин алып келдим.

Эсперанса аны карап, ачуулангысы келди. Өзүнүн кубанып турганын көрсөткүсү келбеди.

– Уурдаган нерсеңди алып келдиңби?

– Жок, мен сага андан да жакшы, кубанта турган нерсени алып келдим!

Ал бурулуп, акыркы жүргүнчүгө жардам бермек болду. Күндүн нуру автобуска чагылышып, көздү уялтып турду. Эсперанса бетин калкалап, Мигелдин сөзүн түшүнгүсү келди.

Бир маалда закымдай болуп, өзүн көздөй келаткан Абуэлитанын элесин көрдү. Ал бир колу менен таягына таянып, бир колун небересине жаңсады:

– Эсперанса!

Гортензия таң кала өңгөчүн тартты.

Эсперанса көргөн көзүнө ишене албай турду. Тамагы кургап, денеси шал боло түштү.

Абуэлита жакын келди. Кичирейип, бырыш басып, ак чачтары булайып, көзүн жаш чалып калыптыр. Кийими жол жүрүп бырышып турганы менен, жеңинен баягы эле тордомо бет аарчысы көрүнүп турду. Эсперанса аны атынан айткысы келип, бирок айта албады. Сезимдери толкуп ташып кетти. Болгону таенесине жетип, баягы тааныш жытты – упанын, сарымсактын жана жалбыз жытын искегенге жарады.

– Абуэлита! Абуэлита! – деп ыйлап ийди.

– Мен келдим, алдыңа кетейиним. Сени ушунчалык сагынбадымбы!

Эсперанса таенесин кучактап, түшүм болбогой эле деп коркуп турду. Анан каткырып күлүп ийди. Ошондо да таенесинин колун коё бербей турду. Анан Гортензия менен Альфонсого кезек келди.

Эсперанса Мигелди карады:

– Кантип алып келдиң?

– Жумуш табылганча бир нерсе менен алек болушум керек эле. Ошентип жөнөп кеттим.

Лагерге келип, Абуэлитаны үйгө киргизишти. Анда Жозефина жана Хуан балдары болуп күтүп отурушуптур.

– Жозефина, апам кана?

– Үп болгондуктан, көлөкөгө жаткырып койдук. Ал уктап атат, жанында Исабель бар. Баары жайындабы?

Гортензия Абуэлитаны Хуан жана Жозефина менен тааныштырды. Алардын жүзү ажарлана түштү. Эсперанса таенесинин жаңы жашоонун издери бар кенедей бөлмөнү айландыра карап жатканын көрдү. Дубалда Исабелдин тарткан сүрөттөрү илинип турат, столдо шабдалы салынган ваза, жерде балдардын оюнчуктары, кофенин идишинде атасынын розалары турат. Эсперанса таенем бул кепе жөнүндө эмне деп ойлонуп атат болду экен деп ойлоду, бирок таенеси жылмайып:

– Мени кызыма алып барчы, – деди.

Эсперанса таенесин колунан алып, дарактарга ээрчитип жөнөдү. Апасы тактай столдун жанында жатат. Анын жанында төшөлгөн төшөктөрдө адатта балдар ойношчу. Колуна жапайы гүл кармаган Исабель жүзүм бактан чуркап чыкты. Эсперансаны көрө коюп, бери чуркады. Чуркагандан бети кызарып, жылмайып турду.

– Исабель, бул – Абуэлита.

Исабелдин көзү бакырайып, оозу ачыла түштү.

– Сиз чын эле чөнтөгүңүзгө жылмакай таш салып, жүзүм бакта жыңайлак жүрчү белеңиз?

Абуэлита күлүп, көйнөгүнүн чөнтөгүнөн жалпак жылмакай таш алып чыкты да, Исабелге берди. Кыз ага суктана карап, колундагы гүлүн сунду.

– Менимче, сен экөөбүз ынак дос болобуз, туурабы, Исабель?

Исабель баш ийкеди да, кызы менен учурашсын деп жол бошото берди.

Ошентип апасын даярдаганга үлгүрбөй калышты.

Эсперанса таенесинин үкөктөрдөн жасалган керебетте уктап аткан апасына барганын карап турду. Айланасында жүзүм шиңгилдери бышып, үзүлүп кетчүдөй болуп турду.

Абуэлита кызына бир нече кадам жетпей токтоду да, карап калды.

Кызынын алдында *карпетас*,[1] илме шибеге менен жип жатыптыр. Абуэлита акырын барды да, анын башынан сылап, бетине түшүп калган чачтарын ары сылап койду.

– Рамона, – деди ал акырын.

Кызы көзүн ачпастан, түш көрүп жаткандай сүйлөдү:

– Эсперанса, сенсиңби?

– Жок, Рамона. Бул мен, Абуэлитамын.

Рамона акырын көзүн ачты. Абуэлитаны карап, көргөн көзүнө ишене албай турду. Анан апасын сыйпалап көрүп, түш эмес экенине ынангысы келгендей колун сунду.

Абуэлита баш ийкеди:

– Ооба, бул менмин. Мен келдим.

Абуэлита менен кызы бир да сөз айтышкан жок. Алар өздөрүнүн бактылуу дилинде толуп ташыган

---

[1] *Карпетас* – колго токулган тор буюм.

сезимдерин айтып жатышты. Эсперанса алардын ыйлаганын көрүп, жүрөгүнүн кубанычтан жарылып кетпегенине таң калып турду.

– Ох, Эсперанса! – деди Исабель секирип, кол чапкылап жатып. – Менин жүрөгүм бийлеп атат окшойт!

– Меники дагы, – деп шыбырады Эсперанса. Анан Исабелди ала коюп, айландырып ийди.

Рамона Абуэлитаны коё бергиси келбей турду. Өйдө болуп отурду да, жанына отургузуп, кайып болуп кетчүдөй колунан кармап отурду.

Бир маалда Эсперанса убадасын эстеди да, үйгө чуркап барып, бир нерсе алып келди.

– Бул чын эле мен токуй баштаган жүк жапкычымбы? Сен муну бүтүрдүңбү, Эсперанса? – деди Абуэлита.

– Бүтө элек, – деди жүк жапкычты жайып жатып.

Апасы бир четин, Эсперанса бир четин кармап жайышты. Жүк жапкычтын узуну сиренден тытка чейин жетти. Муну менен үч керебетти да жапса боло тургандай. Баары күлүп ийишти. Бир түрүм жип дагы эле жүк жапкыч менен жүрүптүр, көрсө, акыркы катары калган экен.

Баары чогулуп столго отурушту. Эсперанса эбегейсиз жүк жапкычты өзүнө жылдырды да, соңку катарын токуп кирди.

Акыры апасына тил бүтүп, ал да Эсперансанын Мигелге берген суроосун кайталады:

– Бул жакка кантип келдиң?

– Мигел алып келди, – деди Абуэлита. – Луис менен Марко жиндеп кетишти. Базарга баратсам да, алардын тыңчыларынын бири артымдан аңдып жүрдү. Менимче, силерди Мексикадан кеткен жок, бир күнү муну алып кеткени келет деп ойлошсо керек.

Тоонун чокусуна чейин он илмек.

Таенеси Луис аба алардын кетип калганын билгенде, жиндеп кете жаздаганын айтып жатты. Ал кандай болсо да табам деп кошуналардын баарынан, анын ичинде сеньор Родригестен да сураптыр. Ал турсун кечилканага да келип сураштырган экен, бирок эч ким эч нерсе айтпай коюптур.

Бир илмек кошуш керек.

Алар кеткенден кийин бир нече ай өткөн соң, таенеси апасынын бир нерсе болгонун сезиптир. Ошол сезим жүрөгүн өйүй бергендиктен, ай сайын шам жагып, апасы үчүн сыйынып жүрүптүр.

Өрөөнгө чейин тогуз илмек.

Бир күнү Абуэлитанын үмүтү үзүлүп калганда, бактан жарадар чымчыкты таап алган экен. Таенеси бул эми уча албай калды го деп ойлогон экен, бирок, эртеси эрте менен барса, баягы чымчык учуп кетиптир. Таенеси муну жакшылыкка жоруп, ишибиз оңолот экен деп ойлоптур.

Бир илмекти коё бериш керек.

Анан кечил кемпирлердин бири таенесине жазылган катты алып келип бериптир. Аны бирөө кедейлердин кутусуна таштап кеткен имиш. Катты Мигел жазган экен. Ал Абуэлитаны аңдышат болуш

керек деп шектенип, катты түндөсү таштап кетиптир. Катта ал өз планын жазыптыр.

Тоонун чокусуна чейин он илмек.

Мигел менен сеньор Родригес түн ичинде келишип, Абуэлитаны станцияга алып кетишкен экен. Келатканда жанынан бир мүнөт жылбаптыр.

Бир илмек кошуш керек.

Сиз кызыңыз менен Эсперансага керексиз деп айтыптыр.

– Бул чын, – деди апасы көзү жашылданып. Ал Мигелди ыраазы болуп карады.

Тоолор жана өрөөндөр. Тоолор жана өрөөндөр. Ушунчалык да көп болобу деп ойлоду Эсперанса. Түшкөн чачтарын азыркы бакыт менен сезимдер түбөлүккө калсын деп жүк жапкычка кошуп токуй берди.

Эсперанса Абуэлитага өткөн-кеткендерди айтып жатканда, убакытты жыл мезгилдери менен эмес, талаа жумушчусу катары ар түрдүү мөмө-жемиштер менен жашылчалардын бышкан мезгили, талаа жумуштарынын мезгили менен айтып жатты.

Алар бул өрөөнгө жүзүм: «данеги жок томсон», «кызыл малага» жана «кара рибьерстин» маалында келишти. Жүзүм маалы аяктап калганда, апасы чаң бороондо калып, чаң жутуп алып ооруп калды. Анан жүзүм байлаар маалы келип, картөшкөнү экkенге даярдай башташты. Бул иш кыш чилдеде болгондуктан, кара суук чучукка чейин жетти. Картөшкөнүн көзүн кесип жаткан маалда апасын ооруканага жаткырышты. Аты жок айлар өтүп жатты,

убакыт гана бар эле: ал ээн бакта жүзүм бутагын байлап, тоңуп жүргөн маал болчу. Анан жаз келип, өрөөн спаржаны, жүзүмдүн бышышын, дарактагы жалбырактардын шуудураганын күттү. Эрте бышар шабдалылар пайда болуп, түнү чегирткелер чырылдай башташты, ушул маалда апасы үйгө кайтып келди. Абуэлита кара өрүк маалында келди. Эми болсо жүзүм кайра түшүм берип, Эсперанса дагы бир жашка чоңойду.

***

Туулган күнүнө бир нече күн калганда, Эсперанса Мигелден таң атарда тоо этегине алып барып келчи деп суранды. Анын оюнда бир нерсе бар эле. Таң агара электе туруп, бутунун учу менен басып, тышка чыкты.

Алар чаң жол менен чыгышка карай барышып, жол түгөнгөн жерден токтошту.

Таңкы буурул жарыкта тоого карай кеткен жол көрүнүп турду.

Эсперанса дөбөгө чыгып, өрөөндү карады. Таңкы серүүн абадан кере дем алды. Төмөн жакта ак чатырлуу катар үйлөр, келки-келки талаалар жатат. Чыгыштан таң жарып келатты.

Эсперанса эңкейип, чөптү кармалап көрдү: муздак, бирок кургак экен. Кыз жерге көмкөрөсүнөн жатты да, жанынан орун көрсөттү:

– Мигел, билесиңби, жерде кыймылдабай жатсаң, анын жүрөгүнүн соккону угулат.

Мигел ишенбегендей карады. Анан катар жатып, Эсперансаны тиктеди:

– Качан угулат?

– *Aguántate tantito y la fruta caerá en tu mano.*

*Күтүп турсаң, мөмө өзү колуңа келип түшөт.*

Ал жылмайып, башын ийкеди.

Алар былк этпей жатышты.

Экөө тиктешип калышты.

Анан Эсперанса сезе баштады. Адегенде акырын чыкты. Кайра кайталанды. Анан катуулай баштады. Дүк-дүк. Жердин жүрөгү согуп жатат. Баягы атасы экөө жаткандагыдай. Мигел жылмайды. Эсперанса ага да угулуп жатканын туйду. Тоо кырынан чыккан күн өзүн күткөн өрөөнгө нур чача баштады. Эсперанса денеси жылый баштаганын сезди. Чалкасынан жата кетти да, асмандагы кызгылтым булуттарды карады.

Эсперанса күн менен кошо көтөрүлүп баратканын сезди. Ал баягы ушул өрөөнгө биринчи жолу келгендегидей болуп каалгып учуп жүрдү. Көзүн жумду эле, мурункудай туңгуюкка кулаган жок. Эми ал коркпой эле сызып баратты. Уча албасын билип турса да, көктө учуп жүрдү. Эми кандай болгон күндө да атасынан, Ранчо де лас Росастан, Абуэлитадан, апасынан кайра ажырабайт... Баары баягы поездде жолуккан Кармен айткандай болуп чыкты. Эми анын үй-бүлөсү, роза толо бакчасы, ишеними, анан өтүп кеткендер жөнүндөгү эскерүүсү бар. Бирок азыр анын алардан да чоң нерсеси бар эле, так ошол нерсе аны көкөлөтүп учуруп жүрдү. Ал мурун оюна келбеген кыялдары менен каалгып учуп баратты: ал эми

англисчени үйрөнөт, үй-бүлөсүнө жардам берет, кийинчерээк кичинекей болсо да үй сатып алат. Мигелдин айтканы туура: эч качан мүңкүрөбөш керек. Өзүнүн айтканы да туура: ылдый тарткандардын үстүндө туруш керек.

Эсперанса тоолор курчаган өрөөндүн үстүндө каалгып баратты. Бир маалда тик ылдый түшүп, атасынын розаларына жакындап барып, көргөн сулуулугун сактап калган роза мөмөсүнүн жанында каалгып туруп калды. Жүзүм бакта жыңайлак жүрүшкөн Исабель менен Абуэлитага кол булгалады, алар жүзүм бутакчасынан таажы токуп кийип алышыптыр. Түрдүү түстөгү чоң жүк жапкычка отурган апасын көрдү. Бадам багында кол кармашып баратышкан Мартаны апасы менен көрдү. Анан шаркырап аккан тоо суусун бойлоп учту. Ошол жапайы табияттын арасында көк жибек көйнөк кийген кыз менен чачын жалтырата тараган бала туруптур. Алар суунун бир жак жээгинде таякка сайылган манго жеп отурушуптур. Манго таң каларлык гүл шекилинде кесилиптир.

Эсперанса колун сунуп, Мигелдин колун кармады, ушундан улам өзү булут аралап учуп жүрсө да, жүрөгү жерге кайтты.

*"Estas son las mañanitas que cantaba el Rey David*
*a las muchachas bonitas; se las cantamos aqui.*
*Despierta, mi bien, despierta. Mira que ya amaneció.*
*Ya los pajaritos cantan, la luna ya se metió.*

*Бул таңкы ырларды ырдачу экен*
*падыша Давид татына кыздын баарына;*
*эми аларды биз ырдайлы сага.*
*Тур, сүйүктүүм, ойгон эми. Таң да атты,*
*Чымчык сайрап, ай жашынды.*

Туулган күнү эртең менен Эсперанса терезеден ушул ырды укту. Мигелдин, Альфонсонун жана Хуандын үнүн тааныды. Төшөгүнө отурду да, тыңшап калды. Анан жылмайып, парданы ачты. Исабель куурчагын колунан түшүрбөй жанында отурду. Экөө туулган күн ырын ырдап жаткандарды алыстан өбүштү. Анан Эсперанса аларды кол булгалап үйгө чакырды, белектерди ачып көрөйүн деп эмес, ашканадан кофенин жыты келип жаткандыктан чакырды.

Бардыгы: апасы менен Абуэлита, Гортензия менен Альфонсо, Жозефина менен Хуан, кичинекейлер менен Исабель болуп таңкы тамакка отурушту. Ирен жана Мелина да үй-бүлөлөрү менен келишти. Мигел да келди. Мурунку туулган күндөрүнө окшошпой турду. Бирок баары бир тыт дарагы менен сирендин астында майрам болуп, столдо атасынын розалары турду. Папайя болбогону менен, мускус коон, лайм жана кокос салат болду. Акырында Жозефина Эсперанса жакшы көрчү *Флан де алмендра* – бадам десертин алып чыкканда баары аны куттуктап ырдашты.

Анан Исабель Абуэлитанын жанына отурду. Экөөнүн колунда илме шибеге, түрмөк жип бар.

– Карап тур, Исабель! Тоонун чокусуна чейин он илмек.

Исабель Абуэлитанын көрсөткөнүн кайталаганга аракет кылып жатты.

Илме шибеге олдоксон кыймылдап атты, биринчи катар бүткөндө, Исабель аны Эсперансага көрсөттү: «Карачы, ийри болуп калды!»

Эсперанса жылмайып, өөдүк-сөөдүк токулган катарды сөктү. Анан Исабелдин ишенчээк көздөрүн карап туруп айтты:

– Эч качан кайра баштагандан коркпо!

## Автор жөнүндө

Пэм Муньос Райан Сан-Хоакин өрөөнүндө туулуп өскөн. Ал көптөгөн эжелери жана абалары менен бирге таята-таенесинин жанында чоңойгондуктан, өзүн чыныгы америкалыкмын деп эсептейт, анткени анда испаниялыктардын, мексикалыктардын, баскардын, италиялыктардын жана охлахомалыктардын каны бар.

Бала чагында жайдын ысыгына карабай, Пэм велосипед менен китепканага көп барчу. Бул анын сүйгөн жери эле, анткени үйдө көлмө жок болчу, а китепкананы салкындатып турушчу. Ошентип ал китеп окугандын кызыгын таап алды. Китеп окубаган учурда, арткы короодо ойноп же кыялданып отурчу.

Колледжде окуп жүргөн кезинде бала бакмачы, инструктор, той дүкөнүндө сатуучу, темир буюмдар дүкөнүндө кассир, секретарь жана мугалимдин жардамчысы болуп иштеген. Китеп менен иштегенди каалагандыктан, колледжди аяктагандан кийин мугалим болуп калган. Ал Эскондидодогу (Калифорния штаты) «Хед старт» мектебинде кош тилдүү мугалим болуп иштеген.

Пэм турмушка чыгып, төрт балалуу болгондон кийин, магистратурага кирген. Бир күнү капыстан эле бир профессор «жазуучулук жөнүндө ойлонгон жок белеңиз?» деп сурап калат. Ошондон үч жума өтпөй, дагы бир кесиптеши «китеп жазганга жардам бересиңби?» деп өтүнөт. Буга чейин ал жазуучулук кесип жөнүндө

ойлонгон эмес эле. Ошондон баштап бул жөнүндө ойлоно турган болот. Акырында чындап эле жазуучу болууну чечти.

Ал китептен тышкары сыйлыкка татыктуу болгон «Эркиндикке чыгуу» (*Riding Freedom*) (сүрөтүн тарткан Брайан Селзник) жана «Наоми Леон болуу» (*Becoming Naomi Leon*) деген романдардын жана көп сандаган сүрөттүү китептердин автору, алардын арасында «Чычкан жана төө буурчактар» (*Mice and Beans*) (иллюстрациялаган Джо Сепеда), «Амелия жана Элеанор сейилге чыгышат» (*Amelia and Eleanor Go for a Ride)* жана «Мариан ырдаганда» (*When Marian Sang*) (соңку экөөнү Брайан Селзник иллюстрациялаган) сыяктуу чыгармалар бар.

Пэм Муньос Райан жөнүндө кеңири маалыматты төмөнкү веб-сайттан табууга болот: www.pammunozryan.com.

## Пэм Муньос Райан менен аңгемелешүү

*Суроо: Сиз чоңойгондо ким болсом дечү элеңиз?*

*Жооп*: Кожоюн болгум келчү. Үйдө үч кыздын улуусу болчумун, кийинки үйдө жашаган үч кыз да менден кичүү эле. Чогуу ойногон учурда баары менин көзөмөлүмдө болчу. Оюнду башкарып, поезддин кондуктору, үй-бүлөнүн энеси же баарын сактап калган каарман мен болор элем. Таенемин жыйырма үч небересинин улуусу да мен болчумун. Таенемин үйүнө барганда да өзүмөн өзүм эле координатор болуп калчумун. «Келгиле, бул цирк, же мектеп, же болбосо токой болсун» деп айтчумун. Анан ким эмне кыларын, эмне деп сүйлөрүн айтып берчүмүн. Мен ал кезде эмне кылып жатканымы билбей эле ар түрдүү каармандар катышкан окуяларды ойлоп чыгара берчүмүн.

*Суроо: Сиз бала кезиңизде эле жазчу белеңиз?*

*Жооп*: Мектепте окуп жүргөндө күндөлүк же китеп жазып көргөн эмесмин, мектепке жазуучу да келген эмес. Ал кезде окуу программасы башкача болгондуктан, мен качандыр бир кезде жазуучу болуп каларымды эч билген эмесмин. Окуучулар: «Бала кезиңизде жазчу белеңиз?» деп сураганда, «Жок» деп жооп берем. Бирок мен кыялымда: кайрымдуу королева, изилдөөчү же адамдарды

коркунучтуу өлүмдөн сактап калган дарыгер болчумун. Аларды эч качан кагазга түшүрчү эмесмин, бирок арткы короодо отуруп, ар нерселерди элестетчүмүн. Мындан тышкары, мен сүйлөшкөндү жакшы көргөн үй-бүлөдөн чыккам. Ишемби күнү түшкү тамак маалында бир нече саат ар нерселерди сүйлөшүп отура берер элек. Мунун баары жазуучулук үчүн пайдубал болду.

*Суроо: Бала чагыңызда кандай китептерди окучу элеңиз?*

*Жооп*: Бардыгын эстей албайм, бирок айрымдары эсимде. «Прериядагы кичинекей үй» (*Little House on the Prairie*) деген китепти окугамын. «Сью Бартон» (*Sue Barton*), «Студент медсестра» (*Student Nurse*) деген сыяктуу китептерди окучумун (жана кайра окучумун). Мектепте окуп жүргөндө «Кенч аралы» (*Treasure Island*), «Швейцариялык Робинзондун үй-бүлөсү» (*The Swiss Family Robinson*) жана «Шамал менен кеткендер» (*Gone with the Wind*) деген чыгармаларды окуганым эсимде.

*Суроо: Өз китептериңизди кантип сыпаттар элеңиз?*

*Жооп*: Мен кыялдар, ачылыштар жана баатыр аялдар жөнүндө китептерди жаздым. Кыйын кезеңдер жөнүндөгү аңгемелерди, чычкан жана төө буурчак жөнүндөгү сүрөттүү китептерди, саякаттар жөнүндөгү романдарды жаздым. Ойдон чыгарылган жана чыгарылбаган, тарыхый жана чыныгы окуяларды жаздым. Жазуучулук менен каарман жаратуу кумарынын бир бөлүгү – ар түрдүүлүк. Жазуучулуктагы суктанарлык нерсе - мен өзүмдүкүнөн таптакыр башкача жашоолорду «жашап көрүшүм» мүмкүн. Жазуу (жана окуу) ышкысынын бир бөлүгү – каармандарым үчүн жана акырында өзүм үчүн

күчтүүлүктү, чабалдыкты жана өзгөчө мүнөздү сынап, сактап же жаратпай коюу болуп эсептелет.

*Суроо: «Эсперансадагы» кыздар менен аялдар чечкиндүү, күжүрмөн, алардын мамилелери окуянын өзөгүн түзүп турат. Бул сиздин турмуштук тажрыйбаңызды чагылдырабы? Сизди өткөн замандагы же ушул күндөрү жашап жаткан аялдардын ичинен кимиси шыктандырды?*

*Жооп*: Мында үй-бүлөмүн, өзгөчө таенемин таасирин оңой эле байкоого болот. Мен таенем башында турган матриархалдык үй-бүлөдөн чыккам. «Эсперанса» таенемдин иммиграциялык баянына негизделген. Сыягы, феминисттик теманын кайталанышына үй-бүлөм да түрткү болду окшойт, анткени мен таенемдин оор кыйынчылыктар, тоскоолдуктар жөнүндөгү окуяларына абдан кызыкчумун. «Чычкан жана төө буурчак» аттуу сүрөттүү китебимдеги таң каларлык, түйшүкчүл Роза Мариа да таенеме окшош. Кызык жери ушул, Джо Сепеда да бул чоң эне апасына ушунчалык окшош болгондуктан, китепти иллюстрациялоого макул болгон эле. Албетте, мексикалык чоң энелердин баары эле ушундай эмес, бирок мындагы балдарды ичи эзилип сүйүү, үй-бүлөлүк чоң майрамдар, колдонулган макал-лакаптар жана тамак-аштар испаниялыктарга таандык экени шексиз. Мени шыктандырган аялдар – мен жазган аялдар: Шарлотта Паркхерст, Амелия Эрхарт, Элеанор Рузвельт жана өзүмдүн таенем.

*Суроо: Эмне үчүн «Эсперансадагы» баптарды мөмө-жемиштердин жана жашылчалардын аттары менен атадыңыз?*

*Жооп:* Бул китепти ойлонуштуруп жатканда болгон нерсе эмес, кийин болду. Мен Эсперансанын жашоосу түшүм жыйноо менен ажырагыс байланышта экенин сезе баштагандан кийин, редакторго телефон чалып: «Баптарды ал жыйнаган түшүмдүн аты менен атасак кандай болот?» деп сурадым. Ал макул болгон соң, баптарды атына шайкеш келгендей кылып бир аз оңдоп чыктым.

*Суроо: Компаниянын лагерлериндеги жашоо менен кантип тааныштыңыз? Бул көп изилдөөнү талап кылдыбы?*

*Жооп:* Таенем тирүү кезинде лагерь жөнүндө көп айтчу. Бирок мен бул китепти баштаганда, таенемин көзү өтүп кеткенине көп болгон эле, ошондуктан көптөгөн суроолор жоопсуз калды. Үйлөрдө электр бар беле? Жыгач үйлөр шыбалган беле же жөн эле жыгач беле? Мешке газ жагышчу беле же отунбу? Үйлөр канча бөлмөлүү эле? Адамдар бак өстүрүшчү беле? Алар шаардын чиркөөсүнө барышчу беле же лагерде сыйына турган жай бар беле? Алар кантип көңүл ачышчу эле? Иш таштоо жөнүндөгү ойлору кандай эле? Мындай суроолор көп болчу. Телефон чалып отуруп Джесс Маркести таптым, ал лагерге он бир жашында келген экен. Анда беш жыл жашаптыр жана таенем менен анын үй-бүлөсүн таанычу экен. Бастырмада иштеген туугандардан да маалымат алдым, бир эжем картөшкөнүн көзүн кесүү жөнүндө айтып берди, көрсө, ал анда бир нече жыл иштептир. Китеп жазып жүргөндө Бейкерсфилдге барсам, таятам бастырмалар турган жерди, темир жолду көрсөткөн. Мен ал жерлерди көп изилдеген жокмун, анткени ал жерде чоңоюп, бала кезде Лемонт менен Арвинге ишемби сайын барчубуз.

*Суроо: Марта – жалпы иш үчүн күрөшкөн жалындуу кыз. Анын сиз билген же сизди суктанган прототиби барбы?*

*Жооп:* Жок. Марта чечкиндүүлүгү жана энергиясы менен өзү келди. Мага Эсперансага карама-каршы келип, анын өсүшүнө жол көрсөтө турган каарман керек эле. Марта оюма келди да: «Мени жаз!» деп туруп алды.

*Суроо: Сиздин каармандарыңыз күндөлүк турмушунда жышаандарды байкашат. Эсперанса колун тикенекке сайдырып алып, жамандык болбогой эле деп коркот; Абуэлита жарадар чымчыктын учуп кетишин жакшылыкка жоруйт. Сиз жашооңузда ушундай жышаандарды байкайсызбы жана аларга ишенесизби?*

*Жооп:* Менимче, күндөлүк турмуштагы дал келүүлөр кээде маанилүү. Алардын канчалык деңгээлде маанилүү болушу адамдын ишенимине жараша болот. Биздин сокур сезимибиз биз ойлогондон алда канча жакшы өнүккөн. Баарыбыздын «ички сезимибиз» бар, же баарыбыздын жүрөгүбүз «бир нерсени» сезет. Биз көптөгөн жышаандарды өздөштүрүп, алардын негизинде өзүбүздү өзүбүз ишендиребиз. Кээде «жышаандар» биз билген нерселерди гана тастыктайт.

*Суроо: Өзүнүн маданий тегин жана үй-бүлөсүнүн тарыхын жазууга кызыккан жаштарга кандай кеңеш берер элеңиз?*

*Жооп:* Албетте, чоң ата, чоң энелери, ата-энелери менен аңгемелешүүлөрү керек. Менимче, бул – иликтөөнүн эң жакшы жолдорунун бири. Эски сүрөттөрдү, блокноттор

менен календарларды чогултса болот. Эгер үй-бүлөңөр башка өлкөдөн же шаардан келген болсо, аларды интернеттен таап, таанышуу зарыл. Эскерүүлөрдү тастыктоо үчүн үй-бүлөлүк альбомдорду же видеоматериалдарды карап чыгыш керек. Ошентип, бардык эскерүүлөр менен таанышып чыккан соң, алар жөнүндө жазууга болот.

*Суроо: Жазбаган учурда эмне кыласыз? Бир нерсе токуйсузбу?*

*Жооп:* Китеп окуйм, сейилдейм, киного барам, досторум, үй-бүлөм менен сүйлөшүп отурам. Азык-түлүк сатып келүү, эсептерди төлөө сыяктуу көнүмүш иштерди кылам. Токуйм, бирок алар адатта бирөөгө белек кыла турган моюн орогуч же балдардын жамынгычы сыяктуу жөнөкөй нерселер болот.

*Суроо: Үйдө жакшы көргөн буюмуңуз барбы? Ал эмне жана анын кандай өзгөчөлүгү бар?*

*Жооп:* Атам эски чемодандарды оңдочу. Бөлүктөргө ажыратып, жаркырата тазалап, оймо-чийме салып, кедр жана эски туш кагаздар менен кайра жасап чыкчу. Карап отуруп таң каласың. Үйдө төрт баламдын ар биринин ушундай чемоданы бар. Алардын өзгөчөлүгү атамдын аларды бизге көп убакыт коротуп жасап бергенинде.

*Суроо: Сиздин жазуу режимиңиз барбы? Эгер болсо, кандай көнүмүш адаттарыңыз бар?*

*Жооп:* Мен китеп, өзгөчө роман жазып жатканда, эрте туруп, кофе ичип, тамактанган соң, компьютерге отурам. Иш бөлмөм – үйдөгү уктоочу бөлмөлөрдүн бири. Мен

көбүнчө саат 2ге чейин иштейм, анын ортосунда ашканага бир нече жолу барып шам-шум этип келем. Эрте менен дайыма шайдоот, чыгармачыл маанайда болом, түштөн кийин андай боло бербейт. Башка жазуучулардын түнкү саат 2-3төн кийин иштегенин угуп таң калам жана өзүмү андай элестете албайм. Күнүгө бир маал көчөгө же деңиз жээктеп басып келем.

*Суроо: Сизге идеялар кайдан келет?*

*Жооп:* Идеялар аң-сезимимдеги бууракандаган дарыялардын кошулушунан келет.

**Гүл суусундугун жасагыла**
*Пэм Муньос Райандын рецепти*

## Гибискус[1] гүлүнөн жасалган суусундук

Курамы:

- жакшы жуулган 3 гибискус гүлү (эгер гибискус гүлү болбосо, гибискус чайынан алты баштыкча);
- 0,5 унция[2] имбирь тамыры (жуулган, кургатылган жана майдаланган);
- 3 литр суу;
- 6 лаймдын ширеси;
- кант.

Имбирь тамырын бир литр сууга 2 мүнөттөй кайнаткыла. Гибискус гүлдөрүн (же чай баштыкчаларын) салып демдеп койгула. Муздаган соң, аны чоң идишке куюп, суунун калганын жана лайм ширесин кошкула. Кантты табитиңерге жараша салгыла. Муздаткан соң, бере берсеңер болот.

---

[1] *Гибискус* – коооздоо үчүн колдонулуучу өсүмдүк.

[2] *Унция* – салмак өлчөмү, 28,3 граммга барабар.

## Апанын жип куурчагын жасоо

Апа поезддеги кичинекей кызга жип куурчак жасап берет (Эсперанса буга наааразы болот). Муну силер да жасасаңар болот!

Бул үчүн силерге бир ором жип, кайчы, сызгыч жана жип орой турган китеп (бери болгондо куурчактын узундугундагы) керек.

1. 7-12 кесинди жип кыркып, четке койгула. Буларды кийин колдоносуңар.
2. Ором жипти бир колуңарга, китепти экинчи колуңарга алып, китептин узунунан 50 жолу орогула. Анан оромдон кесип бөлүп алгыла.
3. 12 кесинди жиптен бирди алып, китеп менен жиптин ортосунан өткөргүлө. (Жипти тегерек токочтун ортосунан өткөрдүк деп элестеткиле). Аны менен китепке оролгон жипти бекем байлагыла.
4. Жипти китептен чыгаргыла. Байланган жер төбөсү болгондой кылып кармагыла. Бул силердин куурчагыңардын башы болот. Дагы бир кесинди жип менен 100 жипти тоголок баш боло тургандай кылып бир-эки дюйм төмөндөн бекем чырмап байлагыла.
5. Баштын каршы тарабын бөлө кырккыла. Бул жиптерден куурчактын денеси жана колу-буту жасалат.
6. Баштын ылдый жагын эки кол (ар бири 12 жиптен) жана тула бой (26 жип) боло тургандай кылып үчкө бөлгүлө. Куурчактын тула боюн жасоо үчүн эки дюйм төмөндөн кесинди жип менен байлагыла. Колдору бош калыш керектигин унутпагыла.

7. Тула бойдон ылдый жагы бут үчүн экиге бөлүнөт. Колдор менен буттарды өрүп, кесинди жиптер менен байлагыла. Колу-буттун учунан бери болгондо бир дюймдай жери бош калсын. Ашыкча жиптерди кыркып таштагыла.



Мына, эми силердин жип куурчагыңар даяр болду!

## Тааныш макалдар

Эсперансанын атасы ага мындай дейт: *«Aguántate tantito y la fruta caerá en tu mano»* –, «Күтүп турсаң, мөмө өзү колуңа келип түшөт». Бул – макал, жол көрсөтө турган же кеңеш бере турган учкул сөз. Көпчүлүк макалдар бизге оозеки жеткендиктен, алардын кантип пайда болгону белгисиз. Дээрлик ар бир маданияттын же элдин көп колдонула турган макал-лакаптары же учкул сөздөрү болот. «Айнек үйдөгүлөр таш ыргытпайт» же «Атага жараша уул» дегенди уктуңар беле? Булар да – макал. Пэм Муньос Райаң китептин башында Мексика макалдарынан келтирген, төмөндө ага кошумча макалдар берилди (The Treasure of a People by Octavio A. Ballesteros, Ed. D. and Maríadel Carmen Ballesteros, M. Ed.). Үй-бүлөңөр Мексиканын Агуаскальентесинен же Италиянын Флоренциясынан, же болбосо Оклахоманын Талсасынан болсун, ал жерде көп колдонулган макал-лакаптар бар экени бышык. Алардын айрымдары күлкүлүү болушу, башкаларында терең ой катылып жатышы мүмкүн. Силер кандай макал-лакаптарды билесиңер?

*No hay rosa sin espinas.*
Тикенсиз роза болбойт.

*Quienadelante no mira, atrás se queda.*
Алдын карабаган адам артта калат.

*El sabio muda consejo, el necio, no.*
Акылдуу оюн өзгөртөт, акмак – өзгөртпөйт.

## Айта турган баяныңар барбы?

Пэм Муньос Райан Сан-Хоакин өрөөнүндө, анын каарманы Эсперанса көчүп барган жерде, туулуп-өскөнү менен окуя ал жерден башталбайт. Пэмдин жашоосун да, Эсперансаныкы сыяктуу эле, өзүнөн мурун келгендер калыптандырышкан. Үй-бүлө мүчөлөрү (чоң болсун, кичине болсун) сыяктуу эле, биздин окуялар да ата-энелерибиздин, ата-бабаларыбыздын тарыхынан башталат.

Эсперанса Мексикадан Түштүк Калифорнияга, ал эми Абуэлита Испаниядан Мексикага келет. Картадан карасаңар, алардын басып өткөн жолун көрөсүңөр. Силердин үй-бүлөңөрдүн окуясы башка өлкөдөн, штаттан же шаардан башталабы? Ата-энеңер же чоң ата-чоң энелериңер, таята-таенелериңер менен сүйлөшүп, кайдан келишкенин сурап билгиле.

Үй-бүлөңөр менен сүйлөшүп, алардын эскерүүлөрүн укканда, кантип жашагандарын сурагыла (жазып алсаңар да болот!). Пэм Муньос Райан сыяктуу маалымат топтогула: үй-бүлөңөрдүн өтмүшүн иликтегиле, үй-бүлөлүк эски сүрөттөрдү издегиле, үй-бүлөңөр жашаган шаарларды интернеттен таап, таанышкыла. Ар түрдүү үзүндү маалыматтар табылган соң, баяныңарды баштай берсеңер болот.

## Мазмуну

Жүзүм бак ........................................................ 10
Папайя................................................................ 24
Анжир................................................................. 37
Гуаява................................................................. 51
Канталупа........................................................... 68
Пияз.................................................................... 83
Бадам.................................................................. 98
Кара өрүк...........................................................112
Картөшкө...........................................................126
Авокадо..............................................................142
Спаржа...............................................................157
Шабдалы............................................................169
Жүзүм................................................................ 185
Автор жөнүндө.................................................. 200
Пэм Муньос Райан менен аңгемелешүү........ .202
Гүл суусундугун жасагыла ............................. 209
Апанын жип куурчагын жасоо........................ 210
Тааныш макалдар............................................. 212
Айта турган баяныңар барбы?........................ 213

Пэм Муньос Райан

**Кыялкеч Эсперанса**

Которгон *Таалайбек Абдиев*
Редакторлор *Бурулкан Карагулова, Айсулуу Көкөева*
Корректор *Жаңыл Карагулова*

Басууга 3.05.2012-ж. кол коюлду. Чеңеми 60 х 84/16.
Көлөмү 13,5 физ. басма табак, 12,56 шарттуу басма табак.
Офсеттик ыкма менен басылды. Нускасы 3000 экз.

«Айат» басмасында басылды.
Бишкек ш., Ташкен к., 60. E-mail: ayat2009@mail.ru

# Байлык мурат эмес...

Эсперанса «Мексикадагы ранчомдо дайыма жыргап жашай берем, кооз көйнөктөрүм, келишкен үйүм толо кызматкерлер болот, атам менен Абуэлита жанымда болот» деп ойлочу.

Бирок күтүүсүз кырсыктан улам бейпил дүйнөсү быт-чыт болуп талкаланып, апасы экөө Калифорнияга барып, мексикалык талаа жумушчуларынын лагеринде жашоого аргасыз болушту. Эсперанса оор жумушка, Улуу депрессиянын кыйынчылыктарына жана башка түшкөн жокчулукка даяр эмес болчу. Апасы ооруп, жакшыраак жумуш шарты үчүн өткөрүлгөн иш таштоо алардын жаңы жашоосуна коркунуч туудурганда, Эсперанса кыйын жагдайдан жол таап чыгууга мажбур болду, анткени апасы экөөнүн жашоосу ушуга жараша болмок.

---

**«Пура Белпре» сыйлыгынын ээси.**

**Жейн Аддамстын балдар китеби боюнча сыйлыгынын ээси.**

**Америкалык китепканалар ассоциациясы тарабынан «Жаштар үчүн эң мыкты он китептин бири» деп таанылган.**

**«Лос-Анжелес таймстын» китеп жарышынын финалисти.**

**Нью-Йорк мамлекеттик китепканасы тарабынан окуу үчүн сунуш кылынган 100 китептин бири.**

**«Паблишерс уикли» тарабынан «Жылдын эң мыкты китеби» деп таанылган.**

---

★ «Лирикалуу, сыйкырдуу жомок таризиндеги баян...
Окурмандарды арбап алат.»

*«Паблишерс уикли» баяндамасы*

★ «Окурмандардын кабыл алуусу үчүн кызыктуу жазылган, окуучулар арасында талкуулоого жарактуу бул повесть түркүн китепканалардын текчесин толуктаганга татыктуу»

*«Скул лайбрери жорнал» баяндамасы*

